INEE

Inter-Agency Network for Education in Emergencies
Réseau Inter-Agences pour l´Éducation en Situations d´Urgence
La Red Interagencial para la Educación en Situaciones de Emergencia
Rede Inter-Institucional para a Educação em Situação de Emergência
الشبكة المشتركة لوكالات التعليم في حالات الطوارئ

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МИНИМАЛДУУ СТАНДАРТТАРЫ:

## даярдык, иш-аракет жана калыбына келтирүү



**Биздин миссия**

Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү маселелери боюнча мекемелер аралык тармак (ӨКБМТ) – бул мүчөлөрү биргелешип өзгөчө кырдаалдарда жана кризистен кийинки калыбына келтирүү мезгилинде билим берүүгө ар бир адамдын укугун жүзөгө ашырууну камсыздоо максатында гуманитардык жардам жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтө турган глобалдуу тармак.
www.ineesite.org

INEE Coordinator for Minimum Standards
c/o UNICEF- Education Section, 7th floor
3 United Nations Plaza
New York, NY 10017, USA

minimumstandards@ineesite.org
www.ineesite.org

INEE

Inter-Agency Network for Education in Emergencies
Réseau Inter-Agences pour l´Éducation en Situations d´Urgence
La Red Interagencial para la Educación en Situaciones de Emergencia
Rede Inter-Institucional para a Educação em Situação de Emergência
الشبكة المشتركة لوكالات التعليم في حالات الطوارئ

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МИНИМАЛДУУ СТАНДАРТТАРЫ:

## ДАЯРДЫК, ИШ-АРАКЕТ ЖАНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ

Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү маселелери боюнча мекемелер аралык тармак (ӨКБМТ) – бул мүчөлөрү биргелешип өзгөчө кырдаалдарда жана кризистен кийинки калыбына келтирүү мезгилинде билим берүүгө ар бир адамдын укугун жүзөгө ашырууну камсыздоо максатында гуманитардык жардам жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтө турган глобалдуу тармак. Тармакты ӨКБМТнын Координациялык тобу жетектеп, башкарат. Азыркы учурда анын мүчөлөрү: "Кэйр", Чайлдфанд Интернейшнл, Качкындар үчүн билим берүүчү траст, Эл аралык куткаруу комитети, "Балдарды сактайбыз"эл аралык уюму, Ачык коом институту (ИОО), ЮНЕСКО, БУУнун КЖКБ, ЮНИСЕФ жана Дүйнөлүк банк.

Минималдуу стандарттар боюнча ӨКБМТнын жумушчу тобу ӨКБМТ иштеп чыккан "Өзгөчө кырдаалдарда, өнөкөт кризистердин шарттарында жана кризистен кийинки калыбына келтирүү иштеринин баштапкы этабында билим берүүнүн минималдуу стандарттарын" глобалдуу деңгээлде сактоого көмөк көрсөтөт. ӨКБМТнын жумушчу тобунун курамына (2009–2011-жылдар) ар кандай жаңжалдардын жана бөөдө кырсыктардын шарттарында билим берүү чөйрөсүндө иш тажрыйбасы бар 19 уюм: Билим берүүнү өнүктүрүү академиясы, ЭкшнЭйд, Америкалык изилдөө институттары (АИИ), Афгандык качкындар үчүн базалык билим берүү (БЕФАРе), Билим берүүдөгү африкалык аялдар форуму (FAWE), Германиянын техникалык кызматташтык боюнча агенттиги (GTZ), Эл аралык куткаруу комитети (IRC), Мавикалем социалдык колдоо жана кайрымдуулук көрсөтүү ассоциациясы, Норвегия өнүктүрүү агенттиги (NORAD), Качкындардын иштери боюнча Норвегия кеңеши (НСБ), Оксфам Новиб, Плэн Интернейшнл, "Балдарды сактайлы" эл аралык уюму, ЮНЕСКО, БУУнун Качкындар иши боюнча Жогорку Комиссарынын Башкармалыгы, ЮНИСЕФ, Уор Чайлд Холланд, "Бүткүл дүйнөлүк агартуу үчүн" уюму, ЗОА качкындарды коргоо борбору кирет.

ӨКБМТ ал түзүлгөн учурдан тартып колдоо көрсөткөнү үчүн 41 ашуун ведомстволорго, мекемелерге жана уюмдарга ыраазылык билдирет. ӨКБМТ ыраазылык билдирген уюмдардын толук тизмеси менен таанышуу үчүн **www.ineesite.org.** дареги боюнча ӨКБМТнын веб-сайтына кирүүнү суранабыз.

ӨКБМТ өзгөчө кырдаалдарда билим берүүнү жүзөгө ашыруучу, камсыздоочу жана колдоочу бардык кызыккан жактарга жана уюмдарга ачык. Кызыккан жактар ӨКБМТнын мүчөлүгүнө кирүү үчүн ӨКБМТ веб-сайтына билдирме жиберсе болот: **www.ineesite.org**. Мүчө болгондор взнос же акчалай салым кошууга милдеттүү эмес.

Кошумча маалымат алуу үчүн ӨКБМТнын **www.ineesite.org** веб-сайтына кирүүнү же ӨКБМТнын координатору менен байланышууну суранабыз: **minimumstandards@ineesite.org**.

ӨКБМТнын биринчи басылышы © 2004
Кайра басылышы: ӨКБМТ © 2006
Кайра басылышы: ӨКБМТ © 2009
ӨКБМТнын экинчи басылышы © 2010
Кайра басылышы: ӨКБМТ © 2010

Бардык укуктар корголгон. Бул материал автордук укук менен корголот, бирок билим берүү максатында ар кандай түрдө кайра чыгарылышы мүмкүн. Мындай пайдалануунун бардык учурларында талап кылынуучу расмий уруксатты биз токтоосуз беребиз. Башка максаттарда чыгаруу жана башка жарыялоолордо материалды кайтадан колдонуу, ошондой эле которуу жана ыңгайлаштыруу үчүн автордук укук ээсинен алдын ала жазуу жүзүндө уруксат алуу талап кылынат.

Дизайн: Creatrix чыгармачыл тобу, Канада
Мукабадагы сүрөттөр: Эл аралык куткаруу комитети, "Балдарды сактайлы" Эл аралык уюму, Оксфам Новиб.

# МАЗМУНУ

**"Билим берүүнүн минималдуу стандарттары: даярдык, иш-аракет жана калыбына келтирүү" колдонмосуна киришүү .......... 5**

**1-чөйрө: Негиз болуучу стандарттар .......... 27**

Коомдоштуктардын катышуусу

1-стандарт: Катышуу .......... 31

2-стандарт: Ресурстар .......... 38

Координациялоо

1-стандарт: Координациялоо .......... 41

Талдоо

1-стандарт: Экспертиза .......... 45

2-стандарт: Иш-аракет стратегиялары .......... 52

3-стандарт: Мониторинг .......... 57

4-стандарт: Баалоо .......... 61

**2-чөйрө: Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү .......... 65**

1-стандарт: Бирдей мүмкүндүк .......... 69

2-стандарт: Коргоо жана жайлуулук .......... 76

3-стандарт: Жайлар жана кызматтар .......... 84

**3-чөйрө: Сабак берүү жана үйрөнүү .......... 91**

1-стандарт: Окуу планы .......... 95

2-стандарт: Даярдык, кесиптик өнүгүү жана колдоо .......... 102

3-стандарт: Сабак берүү жана үйрөнүү процесстери .......... 106

4-стандарт: Окутуунун натыйжаларын баалоо .......... 109

**4-чөйрө: Мугалимдер жана билим берүү тармагынын башка кызматкерлери .......... 111**

1-стандарт: Кабыл алуу жана тандоо .......... 115

2-стандарт: Эмгек шарттары .......... 118

3-стандарт: Колдоо жана жетекчилик .......... 121

**5-чөйрө: Билим берүү саясаты .......... 125**

1-стандарт: Мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгуу .......... 128

2-стандарт: Пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу .......... 134

**Тиркемелер .......... 137**

1-тиркеме: Сөздүк .......... 137

2-тиркеме: Кыскартуулар .......... 148

3-тиркеме: Пикир жазуу формасы .......... 149

# «БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МИНИМАЛДУУ СТАНДАРТТАРЫ: ДАЯРДЫК, ИШ-АРАКЕТ ЖАНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ» КОЛДОНМОСУНА КИРИШҮҮ

## Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү деген эмне?

Билим алуу ар бир адамдын негизги укуктарынын бири болуп саналат. Жаңжалдардын жана бөөдө кырсыктардын зонасында калышкан он миллиондогон балдар жана өспүрүмдөр үчүн билим берүү маселеси өзгөчө маанилүү. Анын үстүнө көбүнчө билим берүү процесси дал ошол өзгөчө кырдаалдарда үзгүлтүккө учурагандыктан, окуучулар сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт.

Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү балдардын мурдагы өнүгүүсүн, баштапкы, орто, расмий эмес, техникалык, кесиптик, жогорку билим берүүнү жана чоң адамдар үчүн билим берүүнү камтуу менен, бардык курактагы адамдар үчүн билим алуу мүмкүндүгүн жаратат. Өзгөчө кырдаалдарда жана баштапкы калыбына келтирүү мезгилинде сапаттуу билим берүү баланын дене боюн, психосоциалдык жана дүйнө тааным жөндөмүн коргоого, аны колдоого жана өмүрүн сактоого өбөлгө түзөт.

Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү коопсуз жерде окутууга, өмүрүн коргоого жана ар-намысын сактоого кепилдик түзүүгө, жардамга муктаж балдар менен өспүрүмдөрдү таап колдоого ылайыкталышы керек. Сапаттуу билим кризис шарттарында баланы коркунучтардан жана эксплуатациялоодон коргоп, өмүрүн сактап калат. Коопсуз шартта окуган окуучулар жыныстык же экономикалык зомбулукка, мажбурлап же жашы жете электе никеге турууга азыраак дуушар болот, куралдуу күчтөргө, куралдуу топторго же уюшкан кылмыштуулукка да көп тартылбайт. Мындан тышкары билим жашап кетүү көндүмүн жана маселе чечүү ыкмаларын өздөштүрүүгө зарыл маалымат менен камсыздайт. Мисалы, минадан сактануу, жыныстык зомбулуктан коргонуу, КИВ-инфекциядан сактануу, медициналык-санитардык жардамды жана тамак-аш азыктарын алуу жолдору жөнүндө маалыматтар ар бир балага керек.

Билим алуу жаңжалдар менен бөөдө кырсыктардын психосоциалдык таасирин жеңилдетет, анткени кризис учурунда кадимкидей туруктуулукту сезүүгө көмөктөшөт, келечекке болгон үмүттү бекемдейт. Көйгөйлөрдү чечүү жана кыйын кырдаалдарда жашап кетүү тажрыйбасын бекемдөө окуучуларга кантип жашоо, кыйын шарттарда өзү жана башкалар үчүн кам көрүү жөнүндө аң-сезимдүү чечим кабыл

алууга мүмкүндүк берет. Билим саясий билдирүүлөрдү же карама-каршы булактардан маалыматтарды кабылдоодо сынчыл ой жүгүртө билүүгө жардамдашат.

Мектептер жана башка окуу жайлары билим берүү менен эле чектелбестен, коргоо, тамактануу, суу менен жабдуу, санитардык жана медициналык тейлөө сыяктуу зарыл баштапкы колдоо иштерин жүргүзө алат. Билим берүү, коргоо, турак-жай, суу менен жабдуу жана кызматтарынын, саламаттык сактоо жана психосоциалдык секторлордун кызматкерлеринин ортосундагы иштерди координациялоо окуучулардын кызыкчылыгын эске алуучу коопсуздук маанайын камсыздоо үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Сапаттуу билим коомдун социалдык-экономикалык жана саясий туруктуулугун камсыздоого түздөн-түз салым кошот. Ал социалдык биримдикти чыңдоо, жаңжалдарды басуу, тынчтык орнотуу аркылуу зомбулуктун, жаңжалдардын алдын алууга өбөлгө түзөт. Калктын билимдүүлүгү тынчтыктын сакталышына кыйла жакшы таасир этери анык, бирок билим берүү ынтымакка жана туруктуулукка зыян келтирген учурлар да кездешет. Калктын бир бөлүгү билим алуудан четте калса, окуу пландары жана окутуу методикасы туура эмес болсо, теңсиздик менен социалдык акыйкатсыздыктын айынан наразылык күчөп, жаңжал чыгышы мүмкүн. Чыр-чатак мезгилинде окуу жайларга кол салуу болот, окуучулар жана мугалимдер мектепке бараткан, келаткан жолдо коркунучка көп кабылат. Билим берүү системасын коргоону камсыздоо жана жаңжалдан жабыркаган коомду бекем тынчтыктын жана өнүгүүнүн жолуна багыттоо үчүн өзгөчө кырдаалдан кийин терең ойлонулган билим берүү реформасын тез арада баштоо зарыл.

Кризис улуттук бийлик органдарынын, коомчулуктун жана эл аралык таламдаш жактардын социалдык өзгөртүүлөр үчүн зарыл кыйла акыйкат билим берүү системасы менен түзүмүн иштеп чыгышына түрткү бериши мүмкүн. Кенже балдар, кыздар, өспүрүмдөр, майып балдар, качкындар жана өлкө ичинде көчкөн адамдар билимдин пайдасын көрөт. Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын арттырууга билим ушундайча түрткү бериши ыктымал.

Кризис коомчулуктун бардык мүчөлөрүнө инклюзивдүү билим берүүнүн маанилүүлүгү сабырдуулукту, жаңжалдарды жөнгө салууну, адам укуктары, айлана-чөйрөнү коргоо, бөөдө кырсыктардын алдын алуу сыяктуу жаңы көндүмдөрдү жана баалуулуктарды өздөштүрүү мүмкүндүгүн берет. Өзгөчө кырдаалдар жөнгө салынганга чейин билим берүү максатка ылайыктуу болушу өтө зарыл. Мында окуучулардын

муктаждыктарын эске алып, сабат ачууга, арифметиканын негиздерин үйрөтүүгө, ой жүгүртүүгө түрткү берүүчү окутуу программаларын колдонуу керек. Бөөдө кырсыктардын алдын алуу боюнча коомдоштук борборлоруна кайрылуу, бул ишке балдар менен жаштардын дилгир катышуусуна жол ачууга болот. Ошентип, коопсуздук жана туруктуулук маданияты калыптандырылат.

## Гуманитардык жардам көрсөтүүдөгү билим берүүнүн ролу

Кризис мезгилинде коомдоштуктар билим берүүнү биринчи кезектеги милдет катары карайт. Мектептер жана башка окуу жайлары көп учурда коомдун көңүл борборунда болот да, бул келечек муундун татыктуу жашоо мүмкүнчүлүгү менен үмүтүн чагылдырат. Окуучулар жана алардын үй-бүлөлөрү жакшы жашоого умтулат. Билим берүү ар бир адамдын экономикалык, социалдык жана саясий жактан коомдун турмушуна толук катышуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга негиз болуп саналат.

Жакынкы мезгилге чейин гуманитардык жардам деп эл азык-түлүк, турак-жай, суу, санитария жана саламаттык сактоону гана түшүнчү. Билим берүү узак мөөнөттүү өнүгүүнүн шарты катары каралып, өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу жолу катары эч качан каралган эмес. Ошентсе да билим берүүнүн жакшылыкка ишенимди бекемдөөчү жана куткаруучу ролу таанылган. Билим берүүнү гуманитардык жардам көрсөтүүнүн алкагына кошуу азыркы учурда өтө маанилүү болуп эсептелет.

Билим берүү тез жардам көрсөтүү менен эле чектелбеген гуманитардык көмөктү пландаштыруунун жана көрсөтүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бардык окуучулардын укуктары менен муктаждыктарын эске алуу менен натыйжалуу чара көрүү үчүн өзгөчө кырдаалдар билим берүү менен башка секторлордун ортосунда кызматташуу жана координациялоонун мааниси өтө зор. Бул ӨКБМТ – "Чөйрө" өнөктөштүк макулдашуусунда жана мекемелер аралык туруктуу комитеттин (МТК) билим берүү кластеринин ишинде чагылдырылган (22-24-б. стратегиялык байланыштар жөнүндө бөлүмдү караңыз).

Гуманитардык жардам бөөдө кырсыктарга кризис алдындагы даярдануудан тартып өзгөчө кырдаалдарга карата аракет кылууга, баштапкы мезгилде калыбына келтирүүгө чейинки жүргүзүлүүчү үзгүлтүксүз процесс болуп саналат. Өнөкөткө айланган туруксуздуктун шартында мындай бир кылка өнүгүү көпчүлүк учурда мүмкүн эмес. Бирок ал талдоо жана пландаштыруу үчүн пайдалуу негиз болуп калышы ыктымал.

## ӨКБМТ стандарттары

«ӨКБМТ минималдуу стандарттары» колдонмосунда ар бири негизги аракеттер жана нускамалар менен коштолуучу 19 стандарт көрсөтүлгөн. Колдонмонун максаты – билим даярдыгынын, көрүлүүчү чаралардын жана калыбына келтирүү иштеринин сапатын жогорулатуу, коопсуз жана тийиштүү билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн арттыруу, мындай кызматтарды көрсөтүүдөгү отчеттуулукту камсыздоо.

Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү маселеси боюнча мекемелер аралык тармак (ӨКБМТ) жергиликтүү бийликтин, практиктердин, саясатчылардын, академиктердин жана дүйнөнүн билим берүү чөйрөлөрүнүн башка өкүлдөрүнүн катышуусу менен 2004-жылы бул колдонмону түзүүгө жана 2010-жылы кайра басып чыгарууга багытталган консультациялык процесске көмөктөштү (мындан ары кыйла кеңири караңыз). «ӨКБМТ минималдуу стандарттары» колдонмосуна нускамалар бир катар кырдаалдарда кризистин кесепеттерин жоюу чараларында, мунун ичинен айыл жана шаар жерлериндеги табигый кырсыктарда, жаңжалдарда, акырындык жана тездик менен өнүккөн өзгөчө кырдаалдарда колдонуу үчүн иштелип чыкты.

«ӨКБМТ минималдуу стандарттары» колдонмосунун максаты координацияланган сапаттуу гуманитардык жардам көрсөтүү, кырсык чөлкөмүндө калган адамдардын билим алуу укуктары менен муктаждыктарын сыйлоо жана камсыздоо болуп саналат. Мындан тышкары, гуманитардык жардамды координациялоо жана билим берүү секторун өнүктүрүүгө көмөктөшүү зарыл. Айрыкча жаңжал болгон аймакта көпчүлүк мезгилде туруктуулук жаңжалдар менен алмашып, гуманитардык кризиске дуушар болушат. Мындай жагдайларда гуманитардык уюмдар жана өнүктүрүү уюмдары көбүнчө билим берүүнү да колдоого аракеттенишет. Булардын ортосундагы макулдашылган тыгыз кызматташуу гуманитардык жардамдан өнүгүүгө көмөктөшүүгө өтүү процессинде билим берүүнү натыйжалуу колдоо өтө зарыл. Колдонмодо кризиске, кырдаалдарга жана алардын кесепеттерин жоюуга даярдыкты камсыздоо, тобокелдиктерди азайтуу, келечекке даярдыкты жакшыртуу, сапаттуу билим негиздерин түзүү үчүн нускамалар камтылды. Ошентип, калыбына келтирүү жана өнүктүрүү баскычтарында мыкты билим берүү системасын калыптандырууга салым кошулат.

## ӨКБМТ минималдуу стандарттары кандайча иштелип чыккан?

2003-2004-жылдары ӨКБМТ минималдуу стандарттарын иштеп чыгууда далай талаш-тартыштар, мунасалашуу болгон. Стандарттар жергиликтүү, улуттук жана региондук деңгээлде биргелешкен кеп-кеңештердин, ӨКБМТнын почта сервери аркылуу жүргүзүлгөн онлайн режиминдеги консультациялардын, ошондой эле сунуш-пикирлерди жалпылоонун натыйжасында даярдалды. Макулдашуу процессинде ӨКБМТнын кызматташтык, ачык-айкындык, экономикалык натыйжалуулук жана чечимдерди кеңешип кабыл алуучулук деген негизги принциптери чагылдырылды. Минималдуу стандарттардын биринчи басылышын иштеп чыгууга дүйнөнүн 50дөн ашык өлкөсүнөн 2250дөн ашуун адам катышкан. 2009-2010-жылдары тармактын өкүлдөрү пайдалануучулардын сунуш-пикирлерин жана баалоосун эске алуу менен шайкеш келтирүү ишин баштаган. Буга ылайык колдонмодо:

- өзгөчө кырдаалдарда билим берүү чөйрөсүндөгү жакынкы иштелмелер пайдаланылды;
- колдонмону пайдаланган адамдардын тажрыйба жана сынактан өткөргөн методика эске алынды жана бул багыттагы стандарттар ыңгайлаштырылды;
- 2004-жылдагы басылышына салыштырганда пайдалануучулар үчүн кыйла ыңгайлуу болуп калды.

ӨКБМТ минималдуу стандарттарынын 2010-жылкы толукталган басылышы билим берүүдөгү, гуманитардык жардам көрсөтүүдөгү жана өнүктүрүүгө көмөктөшүүдөгү топтолгон тажрыйбанын, ошондой эле саясат иштеп чыгууга жооптуу адамдар менен тыгыз мамиледе болуп, кеңешип иштөөнүн жыйынтыгы болуп калды. Бүткүл дүйнөдөн 1000ден ашуун адамды камтыган бул процессте колдонмого карата пикирлерди талдоо, онлайн режиминдеги жана эксперттик топтордун арасында өткөрүлгөн кеп-кеңештерде кайчылаш маселелерди бышыктап талдоо, стандарттардын ар бир чөйрөсүн тутумдаштыруу, электрондук тармак аркылуу ӨКБМТ мүчөлөрүнөн сын-пикир алуу жана онлайн тартибинде сын-пикир алуу сыяктуу негизги кадамдар жасалды.

## Татыктуу жашоого укукту камсыздоонун укук коргоо негиздери

Адамдын жана качкындардын укуктары чөйрөсүндөгү мыйзамдар, гуманитардык укуктар Эл аралык укуктук келишимдер жана ченемдик стандарттар комплексин камтыйт, алар тынчтык мезгилде жана жаңжалдар менен бөөдө кырсыктардан келип чыккан өзгөчө кырдаалдарда адам укуктарын кепилдикке алат жана жөнгө салат. ӨКБМТ минималдуу стандарттары адам укугунан, айрыкча негизги укук коргоо документтеринде белгиленген билим алуу укугунан келип чыгат.

1990-жылдагы Жомтьена Декларациясы, «Билим берүү – жалпыга» жана 2000-жылдагы билим берүү маселелери боюнча Дүйнөлүк форумда (анда 2000-жылы кабыл алынган Миң жылдыкты өнүктүрүү максаттары программалары сунушталган) кабыл алынган иш-аракет багыттары юридикалык күчкө ээ болбосо да, билим алуу укугун дагы бир жолу тастыктап, айрым жактарын кеңейтти. Бул декларацияларда өзгөчө кырдаалдарда качкындарга жана өлкө ичинде көчкөн адамдарга да билим берүү маселесине өзгөчө көңүл бурулган. Буларда балдардын эртелеп билим алуусуна, бардык эле жаш жана чоң адамдар үчүн окутуу программаларынын жеткиликтүүлүгүнө жана колдонуудагы окутуу программаларынын сапатын жогорулатууга басым жасалган.

ӨКБМТ минималдуу стандарттары ошондой эле «Чөйрө» долбоорунун гуманитардык хартиясына негизденген. Гуманитардык хартия эл аралык гуманитардык укуктун, адам укуктары, качкындардын укуктары жаатындагы эл аралык укуктардын, Кызыл крест жана Кызыл жарым ай эл аралык кыймылынын, бейөкмөт уюмдардын (БӨУ) кырсыктар, кыйроолор учурунда жардам көрсөтүү иштерин жүргүзүүдөгү жүрүм-турум кодексинин принциптери менен жоболоруна негизденет. Гуманитардык хартияда өзгөчө кырдаалдарга жана куралдуу жаңжалдарга кабылган калктын татыктуу коопсуз жашоосун камсыздоочу базалык жашоо шарттарын камсыздоо үчүн жардам жана коргоого алынуучу укуктарын тастыктоочу негизги принциптер сыпатталган. Хартияда мамлекеттерге жана согушуп жаткан тараптарга кепилдиктүү коргоо жана жардам берүү боюнча юридикалык жоопкерчилик жүктөлөт деп көрсөтүлөт. Эгерде тиешелүү бийликтер өздөрүнүн милдеттерин аткарууга жөндөмсүз болсо же каалашпаса, алар гуманитардык уюмдардын жардам көрсөтүшүнө жана коргоо чараларын жүзөгө ашыруусуна мүмкүндүк бериши керек (**www.sphereproject.org** караңыз).

**Минималдуу стандарттар төмөнкүдөй Эл аралык укуктук негиздерге таянат:**

Адам укуктарынын жалпы декларациясы (1948-жыл), 2, 26-беренелер

Төртүнчү Женева конвенциясы (1949), 3, 24, 50-беренелер жана Кошумча протокол II (1977), 4.3(а)-берене

Качкындардын статусу жөнүндө 1951-жылдагы конвенция, 3, 22-беренелер

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (1966-жыл), 2-берене

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (1966-жыл), 2, 13, 14-беренелер

Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция (1979-жыл), 10-берене

Баланын укуктары жөнүндө Бириккен улуттар уюмунун конвенциясы (1989-жыл), 2, 22, 28, 29, 30, 38, 39-беренелер

Эл аралык кылмыш соту жөнүндө Рим статусу (1998), 8 (2) (б) (ix) и 8 (2) (е) (iv) беренелер

Өлкө ичинде көчүп жүрүүлөргө карата негизги принциптер (милдеттүү эмес) (1988), 23-пункт

Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жөнүндө конвенция (2006), 24-берене

## Өзгөчө кырдаалдарда билим алуу укугу барбы?

Ооба. Адам укуктары универсалдуу жана ал тургай өзгөчө кырдаалдарда да колдонулат. Билим алуу укугу адам укуктарынын бири жана дилгирлентүүчү укук болуп саналат. Билим адамдардын дараметин толук ачып жашоо, ден соолукта жашоо сыяктуу укуктарын жүзөгө ашырууга өбөлгө түзүүчү көндүмдөрдү калыптандырууга мүмкүндүк берет. Мисалы, мина жөнүндө эскертүүчү маалыматты окуп, адам мина коюлган талаадан айланып өтүү керектигин билет. Сабаттуулук ден соолукта жашоо укугун жүзөгө ашырууга да көмөктөшөт, анткени адамдар врачтын көрсөтмөсүн окуп, дарынын көрсөтүлгөн ченемин так өлчөй алышат.

Жалпыга сапаттуу билим берүүнү камсыздоо биринчи кезекте улуттук бийликтин милдети болуп саналат. Алар бул ыйгарым укуктарды билим берүү министрлигине жана жергиликтүү билим берүү органдарына беришет. Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү иштерине башка таламдаш жактар – Бириккен Улуттар Уюму (БУУ), улуттук жана эл аралык БӨУлар жана коомдоштук типтеги уюмдар кошулат. Тиешелүү жергиликтүү жана улуттук бийликтер өз милдеттерин аткара албаса же

каалабаса, жогоруда аталган жактар билим берүүнү камсыздоо үчүн жоопкерчиликти өзүнө алышат. «ӨКБМТ минималдуу стандарттары» колдонмосунда сапаттуу билим алууга жетишүүгө көмөктөшүү үчүн бардык таламдаш жактар үчүн пайдалуу тажрыйба сунушталат.

"Сапаттуу" деп колдонуудагы, жеткиликтүү, алгылыктуу жана ийкемдүү билим берүүнү атоого болот. ӨКБМТ минималдуу стандарттары билим берүүнү пландаштыруу үчүн негиз катары адам укуктары жөнүндө мыйзамдарга таянат. Алар катышуу, отчеттуулук, басмырлоонун жоктугу жана укуктук коргоо принциптерин турмушка ашыруу аркылуу сапаттуу билимге жетишүү мүмкүндүгүн берет.

# «ӨКБМТ МИНИМАЛДУУ СТАНДАРТТАРЫ» КОЛДОНМОСУН ПАЙДАЛАНУУ

## ӨКБМТ минималдуу стандарттарынын мазмуну

МӨКБМТ минималдуу стандарттары беш негизги бөлүмдөн турат:

*Негиз болуучу стандарттар* макулдашуунун, ошондой эле коомчулуктун катышуусунун жана талдоонун натыйжасында кайра каралып чыгып, кеңейтилген. Бул стандарттар комплекстүү сапаттуу мамилени камсыздоо үчүн бардык бөлүмдөрдө колдонулууга тийиш. Бул стандарттар жагдайды эң жакшы түшүнүү жана төмөндө саналган чөйрөлөрдө стандарттарды тийиштүү түрдө колдонуу үчүн долбоордук түрмөктүн бардык баскычтарында туура диагноздоо зарылдыгына өзгөчө көңүл бурат.

*Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү:* бул чөйрөдөгү стандарттар окутуу үчүн коопсуз жана тиешелүү мүмкүндүктөргө жетишүү маселелесин камтыйт. Мында коопсуздукту, ишенимдүүлүктү жана дене бой, таанымдык жана психологиялык бейпилдикти жакшыртууга өбөлгө түзүүчү саламаттык сактоо, тамак-аш, суу жана баш калка менен камсыздоо, санитария сыяктуу башка иштердин байланыштуулугуна басым жасалат.

*Сабак берүү жана окутуу:* бул стандарттарда окутуу программаларын, даярдоо, кесиптик жактан өнүктүрүү жана колдоо, окутуу, таанып билүү, окутуунун натыйжаларын баалоо иштерин камтыган сабак берүүнүн жана окутуунун натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө түзүүчү эң маанилүү шарттар чагылдырылат.




*Билим берүү мекемелеринин мугалимдери жана башка кызматкерлери:* бул чөйрөдөгү стандарттар билим берүү чөйрөсүндөгү кадрларды башкаруу маселесин камтыйт. Буга кадрларды жалдоо жана тандоо, эмгек шарттары, жетекчилик жана колдоо кирет.

*Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо:* бул чөйрөдөгү стандарттар саясат түзүү жана жүргүзүү, пландаштыруу жана колдонууга киргизүүгө негизденген.

Колдонмонун ар бир бөлүмү тарбиялык иштердин конкреттүү жактарын сүрөттөйт. Анын үстүнө стандарттардын ар бири бул колдонмодогу башка стандарттар менен да айкалышат. Зарылдыгына жараша нускама сапаттуу билим берүүнүн толук көрүнүшүн камсыздоо үчүн башка тийиштүү стандарттар менен же башка тармактар менен байланышты камсыздоо керектигин көрсөтөт.

## Колдонмонун жаңы басылышында 2010-жылдын минималдуу стандарттары жөнүндө эмнелер бар?

2004-жылдагы колдонмонун басылышын окугандар азыркысынан тааныш нерселерди көп кезиктирет. Бул ирет төмөнкүдөй өркүндөтүүлөр киргизилди:

- жагдайлык (контексттик) талдоо күчөтүлгөн жана коргоо, психосоциалдык колдоо. жаңжалдардын кесепеттерин азайтуу, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, балдарды эртелеп жетилтүү, гендер, КИВ жана СПИД, адам укуктары, инклюзивдүү билим берүү, тармактар аралык байланыш (саламаттык сактоо, суу ресурстары, санитария жана гигиена, баш калка, тамак-аш) жана жаштар саясаты сыяктуу негизги маселелер терең каралган. Бул негизги маселелерди жүзөгө ашыруу ыкмалары менен таанышуу үчүн ӨКБМТ нускоолорун: **www.ineesite.org/toolkit** сайтынан карап көрүүгө болот.
- Стандарттарга шайкештигин камсыздоо үчүн негизги көрсөткүчтөр эмес, иш-аракеттин негизги багыттары белгиленди (кийинки беттеги кыстырманы караңыз);
- Бүтүндөй билим берүү ишмердигинин негизи катары бул стандарттарды пайдалануу зарылдыгын чагылдыруу үчүн биринчи чөйрөнүн «Минималдуу стандарттар, бардыгы үчүн бирдей категориялар» аталышы «Негиз болуучу стандарттар» деп өзгөртүлдү. Мындан тышкары бардык билим берүү иштерин координациялоо зарылдыгын эске алуу менен бул чөйрөгө мурда билим берүү саясаты тармагында турган координациялоо боюнча стандарт жылдырылды.

***Жагдайлык (контексттик) талдоо***

Жабыркаган калк гуманитардык жардам көрсөтүү чордонунда болушу керек – бул ӨКБМТ минималдуу стандарттарында кайра каралган негизги ойлордун бири. Бийлиги жана байлыгы жагынан бирдей эмес болгондуктан, адамдарга табигый кырсыктар ар кандай таасир этет. Аялуу (коргоого, жардамга муктаж) адамдар бөөдө кырсыктардын жана жаңжалдардын кесепетин кыйла оор кабылдайт. Адам жашап турган социалдык, табигый, экологиялык, маданий жана саясий шарттардын, ошондой эле мууналар аралык мамилелердин мындай аялуулукту аныктоодо мааниси зор. Жагдайга жараша калктын аялуу тобуна аялдар, майыптар, балдар-кыздар, куралдуу күчтөргө жана куралдуу топторго мурдатан байланышкан балдар жана КИВге чалдыккан адамдар кирет. Даремет (потенциал) дегенде адамдардын көздөгөн максатка жетишүү үчүн колдонулушу мүмкүн болгон күчтүү жактары, мүнөзү менен ресурстардын, коомдоштуктун, коомдун же уюмдун айкалышын көңүлдө тутабыз.

Тышкы жагдай (контекст) аялуулукка жана дареметке кандайча таасир этерин түшүнүү үчүн жергиликтүү шарттарды талдоодо билим берүү жаатындагы таламдаш жактар аялуулук менен дареметтин канчалык таралгандыгын жана өзгөрүлүп турарын эске алышы зарыл. Айрым учурларда адамдар этностук тегине, кайсы тапка, катмарга таандык экендигине, келгиндигине, динине же саясий көз карашына байланыштуу ого бетер аялуу болуп калышы мүмкүн. Бул өзгөчөлүктөр сапаттуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө таасир этиши ыктымал. Ушул себептен ар бир жагдайда калктын муктаждыктарүн, аялуулук шарттарын жана дареметин ар тараптан талдоо гуманитардык жардамдын натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө түзөт. Негиз болуучу стандарттарда жагдайлык (контексттик) талдоо боюнча сунуштар камтылат. Бул талдоонун маанилүү экендиги китепте бир нече жолу баса белгиленген.

Кризис шартында адамдардын аялуулугун жеңилдетүү үчүн алардын туруктуулугун жана потенциалын таануу жана ошол жактан иш алып баруу зарыл. Жергиликтүү демилгелерди түшүнүү жана колдоо, жергиликтүү субъектилердин дареметин чыңдоо башкы максат болуп саналат. Негиз болуучу стандарттарда жагдайлык талдоону тереңдетүү жана бардык жерлерде негизги маселелерди жалпылаштыруу аркылуу 2010-жылдагы колдонмодо билим берүү секторунун даярдыгына, чара көрүүгө жана калыбына келтирүүгө тиешелүү жагдайларды, аялуулукту жана дареметти кыйла жетик аныктоонун комплекстүү негизи камтылды.

### Стандарттын, негизги аракеттин жана нускаманын ортосундагы айырмачылык

Ар бир стандарт бир же бирдей эле форматта болот. Биринчиден, **минималдуу стандарт** белгиленет. Стандарттардын негизин жабыркаган калк татыктуу жашоого укуктуу деген принцип түзөт. Аларда гуманитардык жардам көрсөтүү шартында жетишиле турган билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнүн жана аны камсыздоонун минималдуу деңгээли көрсөтүлгөн. Сапаттык мүнөздөгү бул стандарттар универсалдуу болуп, ар кандай шартта ишке ашырууга ылайыкталган.

Стандарттардан кийин бир катар **орчундуу көрсөткүчтөр**, башкача айтканда стандартка жетишүү үчүн сунушталган иш-аракеттер бар. Айрым иш-аракеттер бардык эле жагдайларда алгылыктуу эместей болушу мүмкүн; аларды бөтөнчө жагдайга ылайыкташтыруу керек. Стандартка жетишүү үчүн аны колдонуучу башка иш-аракеттерди да жасаса болот.

Акырында, **Нускоочу көрсөтмө** ар бир баптагы конкреттүү аспекттерге таандык, алар ар кандай кырдаалдарда стандарттарды колдонууда эске алынууга тийиш. Аларда биринчи кезекте көңүл бурууну талап кылган маселелер жана иш жүзүндө кыйынчылыктарга дуушар болгондо эмне кылуу керектиги боюнча сунуштар берилген, ошондой эле базалык маалыматтар жана аныктамалар көрсөтүлгөн.

## ӨКБМТ минималдуу стандарттарын кимдер пайдаланууга тийиш?

Өзгөчө кырдаалдарда, чара көрүү жана калыбына келтирүү мезгилинде, анын ичинде кырсык кооптуулугун азайтууда жана жаңжалдардын кесепеттерин жеңилдетүүдө билим берүүгө даярданууга катышуучу бардык таламдаш жактар бул минималдуу стандарттарды, негизги аракеттерди жана нускамаларды колдонушу жана жайылтышы керек. Алар сапаттуу, коопсуз билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жана өлкөдөгү, дүйнөдөгү тиешелүү жактарды бириктирүү үчүн колдонулуучу техникалык билимдерге жана алдыңкы тажрыйбага негиз болот. Таламдаш жактарга төмөнкүлөр кирет:

- Улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги билим берүү органдары;
- БУУ агенттиктери;
- Эки тараптуу жана көп тараптуу сүрөөнчү уюмдар;
- БӨУлар жана коомдоштук типтеги уюмдар, анын ичинде ата-энелер жана мугалимдер ассоциациялары;
- мугалимдер, башка билим берүү кызматкерлери жана мугалимдердин профсоюздары;
- билим берүү секторунун координациялык комитеттери жана билим берүү кластерлери;
- билим берүү маселеси боюнча консультанттар;
- изилдөөчүлөр жана окумуштуулар;
- укук коргоочулар жана гуманитардык дөөлөттөрдүн жактоочулары.

## Жергиликтүү шарттарда ӨКБМТ минималдуу стандарттарын кантип ыңгайлаштырууга болот?

Адам укуктарына негизденген универсалдуу стандарттардын жана аларды практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүнүн ортосунда ажырым болбой койбойт. Стандарттарда сапатуу билимди жеткиликтүү кылуу максаттары универсалдуу терминдер менен аныкталат, ал эми негизги көрсөткүчтөрдө ар бир стандартка жетишүү үчүн зарыл болгон конкреттүү кадамдар сунушталат.

Бардык контексттер бири-биринен айырмалангандыктан негизги көрсөткүчтөр жергиликтүү көрсөткүчтөрдү эске алуу менен ар бир кырдаалга ыңгайланышы керек. Мисалы, негизги көрсөткүч мугалим-окуучулар катышынын коэффициентине карата «мугалим-окуучулар катышын камсыздоо үчүн мугалимдерди жетиштүү санда жумушка алуу зарыл» деген талапты белгилейт. (1-стандартты, «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» 5-нускоочу көрсөтмөнү 115-б. караңыз). Бул жагдайга ылайык келтирилет да, таламдаш жактар менен кеңешкенден кийин мугалим-окуучулар санынын бул шарттар үчүн алгылыктуу катышы кабыл алынат. Эгерде

60 окуучуга 1 мугалим туура келсе, кыйынчылыктын жеңилдешине карай өнөкөт кризистин шартында же баштапкы калыбына келтирүү мезгилинде окуучуларды 30-40ка чейин азайтуу керек. Жергиликтүү деңгээлге ылайыктуу аракеттерди аныктоодо жагдайды (контекстти), жеткиликтүү ресурстарды жана өзгөчө кырдаалдын кайсы баскычта экендигин эске алуу керек.

Жагдайга шайкеш келтирүү ишин өзгөчө кырдаалга чейин жүргүзсө, башкача айтканда, билим берүүнү өзгөчө кырдаалдарда жана даярдык көрүүдө пландаштырса эң жакшы болмок. ӨКБМТ минималдуу ченемдерин пайдалануучулардын тажрыйбасы көрсөткөндөй, биргелешкен иш-аракеттердин жүрүшүндө жагдайга ылайык келтирүү эң натыйжалуу болот экен. Билим берүү секторунун координациялык комитети же, эгер бар болсо, билим берүү кластери жергиликтүү шарттарды, стандарттарды сактоо боюнча конкреттүү жана реалдуу чараларды иштеп чыгуу үчүн идеалдуу жыйын (форум) болмок (Минималдуу стандарттардан контекстештирүү боюнча нускоолор, ӨКБМТнын ыкмаларын караңыз: **www.ineesite.org/toolkit**).

Айрым учурларда жергиликтүү факторлор кыска мөөнөттүү келечекте минималдуу стандарттарды жана негизги көрсөткүчтөрдү жүзөгө ашырууга мүмкүндүк бербейт. Мындай учурларда колдонмодо сапалган стандарттар менен негизги көрсөткүчтөрдүн ортосундагы айырмачылыкты, жергиликтүү жагдайды талдап чыгып, түшүнүү абдан зарыл. Стандарттарды жүзөгө ашыруу үчүн кыйынчылыктарды изилдөө жана өзгөртүү стратегиясын аныктоо зарыл. Андан соң саясий стратегия программасын иштеп чыкса жана бул айырмачылыкты азайтуу үчүн маалымат-үгүт иштерин жүргүзсө болот.

ӨКБМТ минималдуу стандарттары бөөдө кырсыктардан жабыркаган адамдардын билим алуу укуктары жана муктаждыктары чөйрөсүндө гуманитардык акцияларды жүзөгө ашыруудагы отчеттуулукту жакшыртуу үчүн иштелип чыккан. Анын максаты – кризистен жабыркаган адамдардын жашоосун олуттуу өзгөртүү. Бир дагы колдонмо буга өзүнөн өзү жетише албайт, бирок Сиз буга жетише аласыз. ӨКБМТ минималдуу стандарттардын 2010-жылдагы чыгарылышы жөнүндө Сиздин пикириңизди күтөт, бул кийинки басылышты оңдоого жардам берет. Колдонмонун артындагы пикирлер үчүн бланкты же **www.ineesite.org/feedback** веб-сайтын пайдалансаңыз болот.

## ӨКБМТ минималдуу стандарттарын ишке ашыруу жана мекемелештирүү ыкмалары

ӨКБМТ минималдуу стандарттарын колдонуу жана мекемелештирүү боюнча материалдар ӨКБВТнын вебсайтында жайгаштырылган: **www.ineesite.org/standards.**

**ӨКБМТ минималдуу стандарттарынын котормолору:**
**www.ineesite.org/translations**

«ӨКБВТ минималдуу стандарттары» 2004-жылдагы басылмасы азыркы учурда 23 тилге которулган. Бул басылма араб, француз, испан, португал жана башка тилдерге которулат.

**ӨКБМТ нускамалары**
**www.ineesite.org/toolkit**

ӨКБМТ нускамалары окутуп-үйрөтүүчү жана жарнамалоочу материалдардан (бардык котормолорду кошо алганда), «ӨКБВТнын минималдуу стандарттарын колдонмосунан», ошондой эле стандарттарды ишке ашыруу үчүн жергиликтүү шарттарга көрсөткүчтөрдү адаптациялоого практикалык ыкмалардан турат. Ыкмалар колдонмодогу ар бир чөйрөгө, ошондой эле колдонмодо чагылдырылган негизги маселелерге ылайыкталган. Алар ошондой эле «ӨКБВТ минималдуу стандарттары» колдонмосун толуктоо жана колдоо иретинде иштелип чыккан бир катар сунуштарды камтыйт. Мисалы, «мектептерди курууда коопсуздукту жогорулатуу жөнүндө» көрсөтмө, «мугалимдерге төлөмдөр жөнүндө» көрсөтмө, «сабак берүү жана окутуу жөнүндө» көрсөтмө, инклюзивдүү билим берүү жана гендер маселелери боюнча чакан маалымдама.

**ӨКБМТ минималдуу стандарттарынын маалымдагыч колдонмосу:**
**www.ineesite.org/MSreferencetool**

Бул колдонмо кабылдоого ыңгайлуу форматтагы бардык стандарттарды санап көрсөтүүчү «бузулгус» кыскача маалымдама болуп саналат.

**ӨКБВТны мекемелештирүүнүн көзөмөл тизмеги:**
**www.ineesite.org/institutionalisation**

Ар түрдүү уюмдардын (БУУ агенттиктеринин, БӨУлардын, мамлекеттик мекемелердин, сүрөөнчүлөрдүн жана билим берүү жаатында иштегендердин) бөтөнчө муктаждыктарын канааттандыра турган көзөмөл тизмеги иштелип чыккан. Бул алардын өздөрүнүн жана башкалар менен биргелешип аткарган иш-аракеттеринин тууралыгын текшерүүгө мүмкүндүк берет.

## ӨКБМТ минималдуу стандарттарын мен кантип колдонушум керек?

Башка чөйрөлөрдөгү стандарттарды колдонгондо дайыма төмөнкүдөй негиз болуучу стандарттарды пайдалануудан баштагыла: жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү, сабак берүү жана окутуу, мугалимдер жана билим берүү мекемесинин башка кызматкерлери, билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо. Ошондой эле стандарттардын ар бир чөйрөсүнө кыскача киришүү менен таанышыңыз, анда бул чөйрөдө каралуучу бардык негизги маселелер көрсөтүлгөн. Стандарттарды жүзөгө ашырууга жардам иретинде иштелип чыккан техникалык усулду ӨКБМТ Нускамаларынан табууга болот: **www.ineesite.org/toolkit**.

«ӨКБМТ минималдуу стандарттары» колдонмосу пландаштыруу, жүзөгө ашыруу, мониторинг жүргүзүү, баа берүү үчүн гуманитардык жардам көрсөтүүдө колдонуу максатында иштелип чыккан (№ 1 мисалды караңыз). Билим берүүдөгү таламдаш тараптар өзгөчө кырдаалдарга чейин Колдонмо менен таанышып, ал боюнча даярдыктан өткөн болсо, ал эң натыйжалуу пайдаланылат (№2 мисалды караңыз). Колдонмо дараметти арттыруу үчүн окуу куралы катары керек, аны гуманитардык акциялар үчүн жайларды даярдоодо жана ресурстар менен камсыздоодо нускама катары да колдонсо болот (№3 мисалды караңыз). Колдонмо бөөдө кырсыктарга даярдык, өзгөчө кырдаалдарды пландаштыруу жана секторду координациялоо үчүн да пайдалуу.

# БИЗ ӨКБМТ МИНИМАЛДУУ СТАНДАРТТАРЫНА ЫҢГАЙЛАША АЛАБЫЗ

«ӨКБМТ минималдуу стандарттары» 2004-жылы жарыкка чыккан учурдан тартып 80ден ашуун өлкөдө өзгөчө кырдаал болгон мезгилден калыбына келтиргенге чейинки сапаттуу билим берүүнү илгерилетүүдө өз натыйжалуугун көрсөттү. Стандарттар ар кандай таламдаш жактардын, анын ичинде өкмөт мүчөлөрүнүн, коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн жана эл аралык уюмдардын ортосунда бирдиктүү милдеттерди иштеп чыгууга көмөктөшүп, бирдиктүү негизди түптөйт. ӨКБМТ минималдуу стандарттарын пайдалануучулар бул колдонмо аларга төмөнкүдөй жардам берерин билдиришти:

- өзгөчө кырдаал болгон мезгилден баштап калыбына келтиргенге чейинки билим берүү программаларын иштеп чыгууга жүзөгө ашырууга коомдоштуктун жетик катышуусун камсыздоого;

- билим берүүнү баалоону жакшыраак координациялоого жана билим берүү процессин түзөтүүгө;
- улуттук билим берүү системасын чыңдоого;
- көрсөтүлүүчү кызматтарды өркүндөтүүгө салым кошууга;
- өзгөчө кырдаал болгон мезгилден баштап калыбына келтиргенге чейинки билим берүү иштерине мониторинг жүргүзүүгө жана баа берүүгө;
- жогорку сапаттуу билим берүү программаларын жүзөгө ашырууда билимдер менен көндүмдөрдү арттыруу үчүн шарт түзүүгө;
- билим берүү секторуна сүрөөнчүлүк инвестицияларды жумшоого.

ӨКБМТ минималдуу стандарттары билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү адамдар үчүн отчеттуулукту камсыздоочу каражат да болуп саналат. Сүрөөнчү уюмдар аларды билим берүү долбоорлорун жүзөгө ашыруудагы сапатты жана жоопкерчиликти аныктоочу алкактык негиз катары улам көбүрөөк колдонууда..

Стандарттар конкреттүү жагдайларда кандайча колдонулушу мүмкүндүгүн төмөнкү мисалдардан көрөбүз:

1. *Ирактагы мектептерди калыбына келтирүү:* салгылашуулардан кийин адамдар өз үйлөрүн таштап кетүүгө мажбур болушкан, ошондо Фалуджадагы мамлекеттик беш мектепти калыбына келтирүү үчүн ӨКБМТ минималдуу стандарттары колдонулган. 2007-жылы салгылашуулардан кийин кайтып келишкен же шаардан кетпей калган окуучулар, ата-энелер жана мугалимдер мектептерди калыбына келтирүүдөгү зарыл иштерди аныктоо үчүн атайын топтордун талкууларына катышкан. Коомдоштуктардын катышуу стандарттарына, Окутуунун жеткиликтүүлүгү жана чөйрөсү нускамаларына таянып, биринчи кезектеги милдет катары суу менен жабдуу жана санитардык ченемдерди, ошондой эле класс бөлмөлөрүн даярдоону тандап алып, коомдоштук билим берүү комитетин түзүшкөн. Коомдоштук комитеттин ишине аялдарды катыштырууну камсыздоо үчүн долбоордун кызматкерлери үйлөрдү кыдырышып, энелер жана окуучу кыздар менен жолугуп, мектепке кыздардын эмне үчүн өтө аз барып жаткандыгын билүүгө аракеттенишкен. Коопсуздук маселеси мектептерге чогуу барууну же узатып барууну уюштуруу аркылуу чечилген. Коомдоштук билим берүү комитети мугалимдер негизинен үйлөнө элек эркектер экендигине тынчсызданышып, мектеп жетекчилерине жумушка кабыл алуу ишин ачык-айкын жүргүзүү талабын коюшкан. Бул иштерден кийин мугалимдердин мындай жоопкерчиликти ала тургандыгына үй-бүлөлөр ынанып, натыйжада мектепке келүү деңгээли жогорулаган.

2. *Индия океанындагы цунамиден кийин иш-аракеттерди ведомстволор аралык координациялоо:* 2004-жылдын декабрында Индонезиядагы жер титирөө жана цунами өтө көп адамдардын өмүрүн алып кетти жана көптөгөн кыйроолорго дуушар кылды. Асех провинциясында 44000ден ашуун окуучулар, 2500 мугалимдер жана билим берүү кызматкерлери өлүмгө дуушар болушту, ал эми 150 окуучу мектептерге барбай калышты. Бул проблеманы чечүү үчүн өзгөчө кырдаалдардын эң оор мезгилинде тажрыйбаны өркүндөтүүгө жана координациялоону жакшыртууга мүмкүндүк берүүчү каражат катары ӨКБМТ минималдуу стандарттарын бардык жерде колдонууну чечишкен. Координациялоо жөнүндө минималдуу стандарттарды пайдалануу менен жергиликтүү бийликтер жана эл аралык агенттиктер Банда-Асехте жыйын өткөрүп, билим берүү иштери боюнча координациялык комитет түзүшкөн. Минималдуу стандарттар боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ агенттиктин кызматкерлерин минималдуу стандарттарды пайдаланууга, тажрыйба жана иштелип чыккан усулдарды алмашууга үйрөтүшкөн. Колдонмо оперативдүү түрдө индонезиялык Бахаза тилине которулуп, Асех провинциясында Билим берүү министрлигинин бөлүмү тарабынан колдонууга алынган. Өзгөчө кырдаалдардын эң оор мезгилинде тажрыйба өркүндөтүү жана координациялоо ыкчамдыгын колдоодо кызматкерлердин туруктуу иштегени зарыл экендигин таанышкан. Жаңы кызматкерлерди ӨКБМТ минималдуу стандарттары менен тааныштыруу мындай опуртал жагдайда иштешүүнү жакшыртууга олуттуу таасир тийгизген.

3. *Сүрөөнчүлүк саясатты күчөтүү:* Норвегия ӨКБМТга жана минималдуу стандарттарга колдоо көрсөтүп, мамлекеттин жалпы гуманитардык саясатында билим берүүгө атайын көңүл бурган беш сүрөөнчү өлкөнүн бири болуп саналат. 2007-жылы Норвегиянын Тышкы иштер министрлиги (ТИМ) өзгөчө кырдаалдарда билим берүү секторун уюштурган. Анын милдети маалымдуулукту жогорулатуу, Норвегия Өнүктүрүү агенттигинин (НОРАД), ТИМдин жана алардын өнөктөрүнүн ӨКБМТ минималдуу стандарттарын иш жүзүндө дайыма колдонушун камсыздоо болуп саналат. Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү сектору гранттарды бөлүштүрүү маселелери боюнча ТИМ менен НОРАДга консультация берип, ӨКБМТнын жарчысына келип түшүүчү жаңылыктар жөнүндө кесиптештерге маалымат берип турат. ӨКБМТ минималдуу стандарттары ЮНИСЕФтин, Дүйнөлүк банктын жана Европалык Союздун өкүлдөрүнөн турган Түштүк Судандагы биргелешкен сүрөөнчүлүк миссиянын ар жылдык ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө 2008-жылы киргизилген. Ошентип Түштүк Судандын НОРАД билим берүү секторун кайра курууга жооптуу болгон Билим берүү министрлигинде жана өнөктөштүк

сүрөөнчүлүк уюмдарда ӨКБМТ минималдуу стандарттарын колдонуу, мекемелештирүү боюнча иш жүргүзгөн. Минималдуу стандарттарын мекемелештирүүдө НОРАД ӨКБМТнын мүчөлөрү болгон бейөкмөт уюмдардын колдоосуна ээ болгон. Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү сектору өз кезегинде Норвегиянын башка алдыңкы бейөкмөт уюмдарын жана изилдөө институттарын стандарттарды колдонууда, өз программаларын иштеп чыгууда аларга таянууга чакырган. Норвегиянын Өкмөтү тарабынан ӨКБМТны колдоо жана анын минималдуу стандарттарын колдонуу билим берүү жөнүндө дүйнөлүк талаш-тартыштарга жана дикуссияларга катышууда, атап айтканда мугалимдерге, гендерге жана өзгөчө кырдаалдарга тиешелүү жактарда демилгечилдигин көрсөтөт.

**www.ineesite.org/MScasestudies** вебсайтында бүткүл дүйнө боюнча ӨКБМТ минималдуу стандарттарын колдонуу жана анын таасири боюнча дагы көбүрөөк мисалдарды табууга болот.

## СТРАТЕГИЯЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

### ӨКБМТ минималдуу стандарттарынын жана «Чөйрө» долбоорунун Гуманитардык хартиясынын ортосунда кандай байланыш бар?

Бөөдө кырсыктардын, кыйроолордун, жаңжалдардын жана өзгөчө кырдаалдардын учурунда жардам көрсөтүүдө колдонулуучу 1997-жылы басылып чыккан «Чөйрө» долбоорунун Гуманитардык хартиясынын минималдуу стандарттарында гуманитардык бейөкмөт уюмдардын жана Кызыл Крест, Кызыл Жарым Ай кыймылдарынын топторунда кырсыктардын натыйжасында жабыркаган адамдар гуманитардык жардам алууга толук укуктуу экендиги көрсөтүлгөн. «Чөйрө» долбоорунун алкагында иштелип чыккан маалымдамага суу менен жабдуу жана санитария, азык-түлүк коопсуздугу, тамак-аш жана азык-түлүктөк жардамдашуу, убактылуу турак-жай берүү жана аймактарды жайгаштыруу, ошондой эле медициналык тейлөө сыяктуу негизги тармактар үчүн Гуманитардык хартия жана минималдуу стандарттар кирет.

ӨКБМТ минималдуу стандарттары бөөдө кырсыктардан жана жаңжалдардан жабыркаган адамдар азабын жеңилдетип, татыктуу жашоо укугун камсыздоо керектиги, мүмкүн болгон бардык кадамдарды жасоо зарылдыгы тууралуу «Чөйрө» долбоорунун негизги принциптерин чагылдырат. 2008-жылдын октябрында «Чөйрө» долбоору жана ӨКБМТ кызматташуу келишимине кол коюшкан, ага ылайык «Чөйрө» долбоору ӨКБМТ минималдуу

стандарттарынын сапатын жана кеңири кеп-кеңеш процессин тааныган. Кеңешип иштөөнүн натыйжасында зарыл иштелмелер даярдалды. Бул жагынан «Чөйрө» долбоорунун Гуманитардык хартиясы менен катар жана толуктоо иретинде ӨКБМТ минималдуу бөөдө кырсыктардын, кыйроолордун, жаңжалдардын жана өзгөчө кырдаалдардын учурунда жардам көрсөтүүдө колдонулуучу минималдуу стандарттарды сунуштаган. Кызматташуу келишиминде өзгөчө кырдаалдардын эң башталышында билим берүү менен «Чөйрө» долбоору сунуштаган сектор аралык байланыштарды камсыздоо маанилүү экендиги баса белгиленген. Бул иш бөөдө кырсыктардан, кыйроолордон, жаңжалдардан жабыркаган адамдарга көрсөтүлүүчү жардамдын сапатын жакшыртууну, бөөдө кырсыктарга, кыйроолорго, жаңжалдарга даярдыкты камсыздоо процессинде гуманитардык системанын жоопкерчилигин жогорулатууну көздөйт.

«ӨКБМТ минималдуу стандарттарынын» бул басылышында бүтүндөй текстте «Чөйрө» долбоорунун маалымдамасынын тиешелүү көрсөтмөсүнө кайчылаш шилтемелер орун алган. Дал ошондой эле, билим берүү маселелерине арналган бап 2011-жылдагы «Чөйрө» долбоорунун маалымдамасына да киргизилген. «Чөйрө» долбоорунун маалымдамасы менен катар минималдуу стандарттарды колдонгондо, сектор аралык байланыш андан аркы биргелешкен пландаштыруу жана бир бүтүн жол тандоо менен сектордун көптөгөн муктаждыктарын баалагандан кийин түзүлө тургандыгына ишенимди бекемдейт.

**www.sphereproject.org** вебсайтында бөөдө кырсыктардын, кыйроолордун, өзгөчө кырдаалдардын учурунда жардам көрсөтүүдө колдонулуучу Гуманитардык хартия жана «Чөйрө» долбоорунун минималдуу стандарттары жөнүндө кеңири маалымат камтылган.

## ӨКБМТ минималдуу стандарттары менен мекемелер аралык туруктуу комитеттин (МТК) билим берүү кластеринин ортосундагы байланыш

ЮНИСЕФтин жана «Балдарды сактайлы» кыймылынын биргелешип башкарган билим берүү кластери бөөдө кырсыктардын, кыйроолордун, өзгөчө кырдаалдардын учурунда билим берүү чөйрөсүндө аныктоо, даярдануу жана аракет көрүү зарылдыгын тааный тургандыгын билдирет. Ал колдонулган жерде билим берүү кластери өзгөчө кырдаалдарда билим берүү муктаждыктарын аныктоо жана аларга координацияланган аракет кылууну аныктоо үчүн мамлекеттин колдоосунда негизги координациялоочу механизм болуп саналат. ӨКБМТ минималдуу стандарттары жардамды акыйкат бөлүштүрүүнү камсыздоого таяныч түзүү үчүн Билим берүү

кластеринде колдонуучу негизги каражат болуп саналат. Глобалдуу билим берүү кластеринде жана өлкөнүн билим берүү кластеринде төмөнкүдөй максаттарда стандарттар колдонулат:

- Кластерлерди координациялоо сапатын жогорулатуу, ведомстволор аралык баарлашууга жана бирдиктүү максаттарды иштеп чыгууга көмөктөшүү;
- Даярдыкты камсыздоого, тобокелдиктерди азайтууга, анын ичинде биргелешкен муктаждыктарды баалоо, тиешелүү мониторинг жана баа берүү аркылуу аракеттенүүгө багытталган чараларды пландаштырууну, жүзөгө ашырууну жакшыртуу;
- Кызматкерлер менен өнөктөштөрдү окутуу жана дареметти арттыруу иштерине көмөктөшүү;
- Каржылоонун берилишине карата апелляцияларды иштеп чыгууга негиз түзүү;
- Мекемелер аралык баарлашууга, кластердин мүчөлөрүнүн, сүрөөнчүлөр жана башка секторлор ортосундагы укук мамилелерин жөнгө салууга көмөктөшүү.

Кошумча маалымат **http://oneresponse.info/GlobalClusters/Education.** сайтында жайгашкан.

## ӨКБМТ минималдуу стандарттары жөнүндө көп берилүүчү суроолор

**ӨКБМТ минималдуу стандарттарынын жардамы менен мамлекет тарабынан жактырылган колдонуудагы стандарттарды кантип жакшыртууга болот?**

Көптөгөн билим берүү министрликтери улуттук билим берүү стандарттарын иштеп чыгышкан. Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү маселелери боюнча ведомстволор аралык тармак билим берүү жана саясат жөнүндө мыйзамдарды иштеп чыгууда ошондой эле базалык билим берүүнүн өлкөдө жашаган бардык балдарга, анын ичинде качкындарга, ички көчмөн адамдарга жана азчылыктын өкүлдөрүнө жеткиликтүүлүгүн камсыздоодо улуттук бийликтин жетектөөчү ролун тааныйт жана колдойт. Улуттук стандарттарды колдонуу шарттарында баарыдан мурда көлөмдөрдүн, ниеттердин жана мазмундун айырмачылыктары, бул стандарттардын жана ӨКБМТ минималдуу стандарттары талдоого алынат. ӨКБМТ минималдуу стандарттары эреже катары улуттук билим берүү стандарттары менен салыштырууга ылайык экендигин тажрыйба көрсөттү. Алар улуттук стандарттардын жетишкендиктерин толуктагандыгы менен пайдалуу. Алар ошондой эле улуттук саясаттарда жана стратегияларда жетиштүү каралбай калышы мүмкүн болгон өзгөчө кырдаалдарды эске алуу менен аларды ишке ашыруу жана көрсөтүү жолун аныктайт.

**ӨКБМТ минималдуу стандарттары жогорку чекти белгилейт – эмне үчүн анда «минималдуу» деп аталат?**

Анткени ӨКБМТ минималдуу стандарттары көптөгөн укуктук актыларда жана Эл аралык келишимдерде бекитилген билим алуу укугуна негизденген, бул колдонмонун жоболору мындай укук чегинен төмөн түшүрүлбөшү керек. Стандарттар жогору болуп көрүнүшү мүмкүн, анткени алар эл аралык деңгээлде макулдашылган Адам укуктарынын сыпатталышын, ошондой эле эң мыкты методиканы камтыйт, сапаттуу билим алууга жана адамдык ар-намыска тиешелүү минималдуу талаптарды аныктайт.

**ӨКБМТ минималдуу стандарттарын каржылык жана билим берүү ресурстары чектелген шартта колдонсо болобу?**

ӨКБМТ минималдуу стандарттарынын артыкчылыгы анын ресурстар чектелген шартта да колдонууга ылайык экендигинде. Биринчиден, стандарт көп жагынан олуттуу чыгым талап кылбаган ыктыярдуу жардамга ылайыкталат. Мисалы, жамааттарды тартуу стандарты кошумча чыгым талап кылбайт, бирок аларды колдонуу гуманитардык жана билим берүү иштерин жакшыртат. Бул узак мөөнөттүү келечекте убакытты жана ресурстарды үнөмдөйт жана оң жылыштарга жетишүүгө көмөктөшөт. Экинчиден, ӨКБМТнын минималдуу стандарттарын өзгөчө кырдаалдарда жана калыбына келтирүү стадияларында билим берүү үчүн каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу жана аны аягына чейин кармап туруу үчүн пайдаланууга болот. Үчүнчүдөн, ӨКБМТ минималдык стандарттарын колдонуу чала иштелген программаны же системаны оңдоого кетүүчү чыгымдарды болтурбай, кризиске каршы чаралардын баштапкы стадияларында билим берүү жана бөлөк мекемелердин чиновниктеринин туура чечимдерди кабыл алышын камсыздайт.

# 1 НЕГИЗ БОЛУУЧУ СТАНДАРТТАР


Негиз болуучу стандарттар
Коомдоштуктун катышуусу
Координациялоо
Талдоо
1-стандарт: Катышуу
Коомдоштук мүчөлөрү билим берүү программасын экспертизалоого, мониторингдөөгө жана баалоого ачык-айкын жана басмырлоосуз, жигердүү катышат
2-стандарт: Ресурстар
Коомдоштуктардын ресурстары куралтык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен билим берүү программаларын жүзөгө ашыруу үчүн аныкталып, тартылат жана колдонулат.
1-стандарт: Координациялоо
Билим берүү үчүн кординациялоо механизмдери бар жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо үчүн иштеген тиешелүү жактарга колдоо көрсөтөт.
1-стандарт: Экспертиза
Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү секторун өз убагында экспертиза жүргүзүү бирдиктүү, ачык-айкын жана бири-бирине байланыштуу болушу керек.
2-стандарт: Иш аракет стратегиялары
Инклюзивдүү билим берүү стратегиялары билим берүү жагдайын, тоскоолдуктарын так сыпаттоону жана бул тоскоолдуктарды жеңүү боюнча стратегияларды камтыйт.
3-стандарт: Мониторинг
Билим берүү программаларын өзгөчө кырдаалдардын таасиринде калган калктын билим алууга болгон өзгөрүлмө муктаждыктарын иликтөө туруктуу жүргүзүлөт.
4-стандарт: Баалоо
Системалык баалоо жүргүзүп туруу билим берүү программаларынын ишмердигин жакшыртат жана жогорулатат.

Бул бапта төмөнкүдөй стандарттар кеңири сыпатталат:

- Жергиликтүү коомдоштуктардын катышуусу: катышуу жана ресурстар
- Координациялоо
- Талдоо: экспертиза, иш-аракет стратегиясы, мониторинг, баалоо

Мында келтирилген стандарттар натыйжалуу билим берүү программасын иштеп чыгуу үчүн маанилүү. Алар «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү», «Сабак берүү жана окутуу», «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери», «Билим берүү жаатындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмдөрү үчүн стандарттарды колдонуунун негизи болуп саналат.

Өзгөчө кырдаалдарда натыйжалуу билим берүү программасын түзүү коомчулук өкүлдөрүнүн чечим кабыл алууга жана билим берүү маселелеринде иштөөгө жигердүү катышуусуна жол ачуучу процесстер менен аракеттерге негизденет. Коомчулук өкүлдөрүн тартуу жана авторлоштук жоопкерчиликти жогорулатууга жана жергиликтүү ресурстарды тартууга шарт түзөт, узак мөөнөттүү келечекте билим берүү кызматтарына көрсөтүлүүчү колдоону шарттайт. Катышуу билим берүү жагынан жергиликтүү шарттагы бөтөнчө муктаждыктарды, ошондой эле аларды канааттандыруу жолдорун аныктоого көмөктөшөт. Ошентип баштапкы экспертизалоого, пландаштырууга, башкарууга жана мониторинг жүргүзүүгө коомчулуктун катышуусу билим берүү программаларынын шайкештигин жана натыйжалуулугун камсыздоо мүмкүндүгүн жаратат.

Коомдоштук өкүдөрүнүн катышуусу алардын дареметин арттырууга, ошондой эле жүзөгө ашырылып жаткан билим берүү иштерин жакшыртууга багытталышы керек. Балдар менен жаштардын катышуусу өтө маанилүү, алар коомдоштуктун кыйынчылыкка каршы туруу жана калыбына келүү жөндөмүн арттырууга салым кошо алышат.

Катышуу деңгээли жана түрлөрү ар кандай болушу мүмкүн. Символикалуу катышуу кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануудан кимдир бирөөлөр кабыл алган чечимдерге макул болууга чейинки иш-аракеттерди камтыйт. Толук кандуу катышуу убакыт бөлүүнү, билим берүү иштеринде чечим кабыл алууга, пландаштырууга жана жүзөгө ашырууга түздөн түз аралашууну талап кылат. Символикалуу катышуу сапаттуу жана узак мөөнөттүү билим берүү программаларын натыйжалуу камсыздоого шарт түзбөстүгүн тажрыйба көрсөттү. Толук жана инклюзивдүү катышуу көп учурларда өзгөчө кырдаалдарда мүмкүн эмес, ошентсе да буга умтулуу керек.

Жалпыга бирдей билим укугун камсыздоого милдеттүү билим берүүдөгү чиновниктер билим берүү программаларын координациялоого тийиш. Эл аралык гуманитардык уюмдардын арасынан таламдаш жактар билим берүү, жарандык коом уюмдары жана жергиликтүү жетекчилердин дараметин арттырууга жардамдашуу, ошол эле мезгилде алардын мыйзамдуу укуктарын чектебеш үчүн абайлап аракеттенүүсү зарыл. Жергиликтүү бийликтин мүмкүндүгү же легитимдүүлүгү жетишсиз болгон учурда бийликти билим берүү кластери же башка сектордук координациялык топ сыяктуу мекемелер аралык координациялык комитет менен келишимдин негизинде жүзөгө ашырса болот. Билим берүү программаларын координациялоо өз учурунда, натыйжага ачык-айкын багытталып жүргүзүлүп, кризиске кабылган коомчулуктун алдында жоопту болушу керек.

Жергиликтүү жагдай жана өзгөчө кырдаалдардын өзгөрүлмөлүгү терең талдоону, эң мыкты натыйжага жетишүү үчүн түшүүнү, ошондой эле билим берүү берүү программаларын «зыян келтирбегидей» камсыздоону талап кылат. Билим берүү секторун талдоо башка гуманитардык секторлорду талдоо менен катар жүргүзүлүшү керек. Мунун максаты өзгөчө кырдаалдардын мүнөзүн, калкка таасирин жана себептерин, улуттук бийликтин укуктук жана гуманитардык милдеттенмелерди аткаруу жөндөмүн аныктоо болуп саналат. Талдоодо экономикалык шарттар, диний жана жергиликтүү ынанымдар, турмуштук тажрыйба жана гендерлик мамилелер, саясий факторлор жана коопсуздук, көзөмөлдөө жол-жоболору жана келечекте күтүлгөн өнүгүү эске алынат. Өзгөчө кырдаалдарда калган адамдар менен институттардын аялуулугун, муктаждыктарын, укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле колдо болгон ресурстарды жана бардык окуучулар үчүн билим берүү кызматтарындагы кемчиликтерди аныктап чыгуу зарыл. Ошондой эле коом жергиликтүү тобокелдиктерди жана алардын алдын алуу иштеринин же кесепеттерин жоюу үчүн керектүү көндүмдөрдүн зарылдыгын канчалык аңдап билерин аныктоо да зарыл.

Маалымат чогултуп талдоонун натыйжасында ачык-айкын жана коомчулукка жеткиликтүү, өзгөчө кырдаалдардын бардык мезгилинде зарыл кеңири билимдик кабарларды алууга болот. Маалыматты чогултуп талдоодо этият иштебесе, жаңжал чыгышы, туруксуз жагдай түзүлүшү мүмкүн. Билим берүү программаларын жана билим берүүдөгү өзгөрүлмө муктаждыктарды мониторинг жана баалоо учурунда бардык жагдайларды эске алып, ачык-айкын иш жүргүзүү керек. Сабак болорлук кырдаалдарды да эске алганда, мониторинг жана баалоо отчеттору келечекте билим берүү программаларын өркүндөтүүгө өбөлгө түзүүгө тийиш.

## Коомдоштуктун катышуусу, 1-стандарт: Катышуу

Коомдоштук мүчөлөрү билим берүү программасын экспертизалоого, мониторингдөөгө жана баалоого ачык-айкын жана басмырлоосуз, жигердүү катышат

**Негизги көрсөткүчтөр** (аларды нускоочу көрсөтмөлөр менен бирге кароо керек)

- Жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрү билим берүү программаларын натыйжалуу, акыйкат жүзөгө ашырууну камсыздоо максатында (1-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз) билим берүү тармагындагы артыкчылыктуу багыттарды тандоого жана иш-чараларды пландаштырууга катышат.
- Коомдоштуктардын алдындагы билим берүү комитеттери бардык аялуу топтордун өкүлдөрүн камтыйт (1-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Билим берүү тармагындагы иш-чараларды иштеп чыгууга, жүзөгө ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого балдар менен жаштар тартылган (5-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүнүн кеңири чөйрөсү билим берүү тармагындагы иш-чараларды экспертизалоого, жагдайлык (контексттик) талдоого, социалдык аудитке жана бул максаттарга бөлүнгөн каражаттарды сарптоого, бөөдө кырсыктардын тобокелдигин азайтууга, жаңжалдардын кесепеттерин жеңилдетүүгө багытталган чараларга катышат (6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Коомдоштуктун өкүлдөрү билим алуу жана даремет арттыруу мүмкүндүгүнө ээ болушат (7-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Коомдоштуктун инклюзивдүү катышуусу:** билим берүү органдары жана башка таламдаш жактар коомдоштуктун билим берүү программаларын талдоого, пландаштырууга, иштеп чыгууга, жүзөгө ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катышууну камсыздоого тийиш. Кризистик кырдаалдын таасиринде калган коомдоштуктун ар бир өкүлүнүн курагына, жынысына, улутуна, диний, жыныстык багытына, майыптыгына, КИВ статусуна же башка факторлорго карабастан катышуу мүмкүнчүлүгү болууга тийиш.

Билим берүү органдары жана башка таламдаш жактар коомдоштуктун төмөнкүлөрдү аныктоого катышуусун камсыздоого тийиш:

- Окуучулардын билим алуу муктаждыктарын
- Жергиликтүү каржылык, материалдык жана адам ресурстарын
- Балдар менен секелек кыздардын, өспүрүмдөр менен кыздардын, эркектер менен аялдардын ортосундагы калыптанган жана өзгөргөн мамилелерин;
- Коомдоштуктагы күчтөр катышынын өзгөрүүсүн, анын ичинде тилдик топтор менен ар кандай башка топтордун ортосундагы жоюлуп кетиши мүмкүн болгон мамилелерин;
- Коопсуздук, тынчсыздануу жана коркунуч маселелерин;
- Билим берүү мекемелерин, кызматкерлерди жана окуучуларды ыктымал кол салуулардан, анын ичинде гендерлик негиздеги зомбулуктан коргоо ыкмаларын,
- Жергиликтүү коркунуч булактарын, мектептер жана башка окутуу жайлары үчүн коопсуз жана жеткиликтүү орундарды, өзгөчө кырдаалдардын тобокелдигин азайтууда колдонулуучу жергиликтүү ыкмаларды;
- өмүрдү сактоонун тиешелүү тажрыйбаларын жалпылаштыруу ыкмаларын, бардык билим берүү чөйрөсүндөгү жаңжалдар жагынан алганда, этият билдирүүлөрдү, анын ичинде коомдоштук мүчөлөрүнүн ден-соолугуна тийиши мүмкүн болгон олуттуу коркунучтар жөнүндөгү билдирүүлөрдү.

Үй-бүлөнүн, коомдоштуктун, мектептердин же башка билим берүү мекемелеринин ортосунда тыгыз байланышты колдой турган түзүмдөрдү иштеп чыгуу зарыл, бул иштелмелер тиешелүү тараптардын катышуусунда инклюзивдүү жана кеп-кеңеш түрүндө болушу керек (2-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү, 1-стандартты, «Талдоо» бөлүмү, 45-52-б. 3-нускоочу көрсөтмөнү, 2-стандартты, «Талдоо» бөлүмү, 54-55-б. 5-нускоочу көрсөтмөнү, 3-стандартты, «Талдоо» бөлүмү, 57-61-б. 1-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү, 4-стандартты, «Талдоо» бөлүмү, 61-63-б. 3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

2. **Билим берүү иштери боюнча комиссия** – бул тийиштүү коомдоштуктагы бардык окуучулардын билим муктаждыктарын, муктаждыктарын аныктоо жана канааттандыруу милдетин аркалаган топ. Ал «мугалимдер менен ата-энелердин бирикмеси», «мектептин камкордук кеңеши» деп аталышы да мүмкүн. Мындай органдар окутуу жана даремет арттыруу же болбосо билим берүү органдары менен башка таламдаш жактардын билим берүү ишине колдоо көрсөтүү аркылуу билим берүү программаларын жүзөгө ашырууда

коомдоштуктарга жардамдашат. Эгерде коомдоштукта билим берүү комитети жок болсо аны түзүүнү колдоого алыш керек (төмөндө келтирилген 3 жана 7-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

Аларга төмөнкүдөй топтор менен уюмдардын өкүлдөрү кеңири катышуусу керек:

- мектеп жетекчилери, мугалимдер жана кызматкерлер;
- ата-энелер жана камкорчулар;
- балдар жана жаштар;
- жарандык сектордогу уюмдардын кызматкерлери;
- жергиликтүү бейөкмөт уюмдар, диний уюмдар;
- салттуу лидерлер;
- саламаттык сактоо чөйрөсүнүн кызматкерлери.

Аялуу топтордун өкүлдөрүн кошууну камсыздоо өтө маанилүү. Коомдоштуктун билим берүү комитетинин мүчөлөрү жагдайга жараша аял жана эркек чоңдор менен балдарга бирдей катышуу мүмкүндүгүн берүү менен жергиликтүү деңгээлдеги түз катышуу укугун камсыздоо шартында тандалууга тийиш.

Улуттук, уруулук, диний жана расалык айырмачылыктарга карай кодулоо орун алган татаал кырдаалдарда билим берүү комитетинин өкүлдөрү бардык жактар менен иштешүүсү керек. Бул ишке кеңири катышууну камсыздоо абдан зарыл, бирок адамдардын жана топтордун коопсуздугу мындан да зор мааниге ээ. Комитеттер коомдоштуктун ар бир мүчөсү үчүн коопсуз жана тиешелүү билим берүүнү камсыздоого тийиш. Алар өзгөрүлмө социалдык-экономикалык жана саясий шарттар жөнүндө биринчи булактардан билим алууга жана бардык деңгээлдердеги чечимдерди кабыл алууга жоопту адамдар менен байланыш түзүүгө умтулушу керек (47-49-б. «Талдоо», 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү да караңыз).

3. **Коомдоштуктун билим берүү комитетинин мүчөлөрүнүн ролу жана милдеттенмелери так чагылдырылууга жана төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:**
   - Тынчсызданууну пайда кылуучу маселелерди талкуулоо үчүн дайыма жыйын өткөрүп туруу;
   - Отурумдардын протоколдорун жүргүзүү;
   - Акчалай жана натуралдык түрдө коомдоштук мүчөлөрүнүн салымдарын тартуу;
   - Окуучулардын муктаждыктарын жана укуктарын көңүлгө алуу үчүн курагын, маданиятын эске алуу менен тиешелүү мамилелерди аныктоо. Мисалы, коомдоштуктун өзгөчөлүгүн эске алуу менен курактарга карай окуу планы, сабактардын жүгүртмөсү ийкемдүү болууга тийиш;

- Коомдоштук мүчөлөрүнүн жана жамааттан тышкары чечим кабыл алуучу адамдардын ортосунда мамилелерди жөнгө салуу үчүн, коомдоштук менен билим берүү секторун тескөөчү жергиликтүү жана улуттук органдар менен байланыш түзүү;
- Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты үчүн жооптуу адамдардын отчеттуулугун камсыз кылуу;
- Билим берүү жана окутуу сапатын камсыздоого жардамдашууда билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө мониторинг жүргүзүү;
- Кимдердин окуу мүмкүнчүлүгү камсыздалып, кимдер четте калып жаткандыгы тууралуу кенен маалыматтарды чогултуу жана мониторинг жүргүзүү;
- Мектепке бараткан жана келаткан жолдо кызматкерлер менен окуучулардын коопсуздугун жана кол салуулардан коргоону камсыздоо;
- Билим мазмунуна кырсыктардын алдын алуу темаларын киргизүү;
- Тийиштүү психосоциалдык колдоону камсыздоо.

(47-49-б. «Талдоо», 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү да караңыз).

4. **Билим берүү тармагындагы иштердин жергиликтүү планы.** Билим берүүнү тескөөчү жергиликтүү органдар, жергиликтүү коомдоштук жана билим берүү иштери боюнча анын комитети жергиликтүү жашоочулардын кеңири катышуусу менен пландаштыруу аркылуу билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттарды аныктай алат. Бул пландаштыруу процессинин натыйжасы ошол коомдоштуктун муктаждыктарына негизденген билим берүү тармагындагы иштердин планы болуп калууга тийиш. Билим берүү тармагындагы иштердин планы, эгерде бар болсо, билим берүү чөйрөсүндөгү улуттук планга негизденет да, формалдуу же бейформал билим берүү кызматтары менен программаларынын сапатын жогорулатуу үчүн негизди камсыздайт. План өзгөчө кырдаалга дуушар болгон калктын, айрыкча аялуу топтордун муктаждыктарүн, укуктарын, милдеттерин жана баалуулуктарын чагылдырууга тийиш.

   Билим берүү тармагындагы иштердин планы билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыздоого багытталган. Алар төмөнкүлөрдү камтыган ар кандай максаттарды көздөйт:

   - катышуучулардын тиешелүү иш-чараларды, көрсөткүчтөрдү жана максаттарды, ошондой эле мөөнөттөрдү белгилөө менен келечектеги билим берүү чөйрөсү жөнүндө жалпы түшүнүккө ээ болушу;

- жергиликтүү шартты, анын ичинде жаңжалдын курчтугун эске алуу менен окуу планын түзөтүү жана зарылдыгына жараша кырсык тобокелдигин азайтуу;
- кызматкерлерди жалдоо, окутуу, жетекчилик, мугалимдерге акы төлөө жана колдоо жол-жоболорун макулдаштыруу;
- басмырлоону азайтуу жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн, ийкемдүүлүгүн жана алгылыктуулугун жалпы түшүнүүгө жетишүү максатында адам укуктарына негизденген мамилеге артыкчылык берүү;
- катышуучуларды окутуунун коопсуздугун жана колдоо чөйрөсүн камсыздоо, анын ичинде кол салуулардан коргоого карата биргелешкен милдеттенмелерди макулдашууга жана кабыл алууга жетишүү;
- мыйзамга ылайык башка тиешелүү жактардын да билим алуу укугун коргоого жооптуу билим берүү органдарынын конкреттүү милдеттерин сыпаттоо. Буга ресурстарды тартуу, инфраструктураларды колдоо жана иштеп чыгуу, ошондой эле азык-түлүк коопсуздугун, саламаттык сактоону, гигиена, тамактануу, суу берүү жана санитарияны камсыздоочу программаларды кошо алганда, тышкы ведомстволор жана башка секторлор менен иштешүү милдеттери камтылышы мүмкүн.

Билим берүү тармагындагы иш-аракеттердин жергиликтүү пландарына жергиликтүү коомдоштук тарабынан дайыма мониторинг жүргүзүп, баа берүүнү, жергиликтүү коомдоштуктун кеңири катышуусун туруктуу камсыздоону киргизүү керек (ошондой эле «Координациялоо», 1-стандартты, 41-44-б.; «Талдоо», 1-стандартты, 47-49-б. 3-нускоочу көрсөтмөлөр, «Мугалимдер жана башка билим берүү кызматкерлери», 118-120-б. 2-стандартты, «Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат», 131-б. 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмө, ошондой эле «Чөйрө» долбоорунун стандарттарын, суу менен жабдуу, санитария жана гигиена, азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу, саламаттык сактоо жөнүндөгү баптарды караңыз).

5. **Билим берүү тармагындагы иш-чараларга балдар менен жаштардын катышуусу:** Балдар өздөрүнө тиешелүү маселелер, ошондой эле билим берүү системасын иштеп чыгуу жана башкаруу маселелери боюнча көз караштарын билдирүүгө укуктуу. Аларды коопсуз, корголуучу жана достук чөйрөдөгү талкууларга катышууга тартуу керек, бул сый-урматтуу баарлашууга өбөлгө түзөт. Искусство, музыка жана драматургия сыяктуу балдар жана өспүрүмдөр үчүн маданий жактан шыгын көрсөтүү

ыкмаларын колдонсо болот (ошондой эле 129-132-б. «Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат», 1-стандартты, 1 жана 6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз). Балдар жана жаштарды өздөрүнүн эмоциялык жана социалдык жайлуу абалын колдоо, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардан кийин мектепке кимдер келбей калгандыгын аныктоого жана аларды кайтарып келүүгө жардамдашууну, үй-бүлөсүнө жана теңтуштарына бул жагынан көмөктөшүүгө үйрөтүү керек. Мындан тышкары алар өзгөчө кырдаалдардын учурунда жабыркаган теңтуштарына же мүмкүнчүлүгү чектелген курбуларына окуу жайга келүүгө жардамдаша алат. Даремет арттыруу иши оң өзгөрүүлөрдү кабылдоого, мунун ичинен тынчтыкты камсыздоо жана жаңжалдар менен кырсыктардын себептерин аныктоо жагынан алардын жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталат. Мисалы, сабактан кийин окуучулар тартип бузуу учурларын аныктап, мындай жоруктардын кайталанбашы үчүн чоңдорго билдирсе, ошондой эле талаш-тартыштар менен жаңжалдарды чечүүгө катышса болот (ошондой эле төмөндө келтирилген 7-нускоочу көрсөтмөнү, 52-б «Жеткиликтүүлүк жана билим берүү чөйрөсү», 2-стандартты, 121-б. «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» 3-стандартты, 5-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

Жаштарга буюм таратуу же жашынуучу жайларды куруу сыяктуу тапшырмаларды берип, өз коомдоштуктары үчүн маанилүү иштерди пландаштырууга жана жүзөгө ашырууга катышуу мүмкүнчүлүгүн түзүүгө болот. Мындай иштер аларды кылмыштуулуктун, куралдуу топтордун терс таасиринен алыстатат, мүнөзүн калыптандырып, эркин чыңдайт, коомго пайдалуу иштерге салым кошуусуна өбөлгө болот. Билим берүү программаларын пландаштырууга, мониторингге жана баа берүүгө жаштардын катышуусу, атап айтканда, жашап кетүү көндүмдөрүнө үйрөнүшү учурдагы жана келечектеги муктаждыктардын программаларын иштеп чыгууда алардын пикирин эске алууга мүмкүндүк берет. Секелек жана бой тарткан кыздардын көз карашына өзгөчө көңүл буруу керек, анткени алардын билим алуу муктаждыгы эркек балдардыкынан айырмаланышы мүмкүн (ошондой эле Билим берүү жана чакан ишканаларды өнүктүрүү тармагы иштеп чыккан «Кризистен кийин экономикалык жактан калыбына келтирүүнүн минималдуу стандарттарын», жумуш орундарын түзүү стандарттарын жана ишканаларды өнүктүрүү стандарттарын караңыз).

6. **Коомдук көзөмөл** – бул жергиликтүү коомдоштук тарабынан жүргүзүлүүчү билим берүү программаларына баа берүү. Коомдук көзөмөл төмөнкүдөй максатта колдонулат:
   - Программага адам, каржы жана материалдык ресурстар жагынан жергиликтүү коомдоштуктун салымын баалоо;
   - Кемчиликтерди аныктоо;
   - Программанын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү.

   Мындай коомдук көзөмөлдү жүргүзүү өзгөчө кырдаалдардын баштапкы жана кийинки мезгилинде дайыма эле мүмкүн боло бербеши ыктымал. Бирок узак мөөнөттүү өнөкөт кризис шарттарында жана калыбына келтирүү иштеринин баштапкы мезгилинде коомдук көзөмөл жергиликтүү жамаатка билим берүү программаларын кыйла натыйжалуу иликтөө, алардын укуктарын бузууларды белгилөө үчүн дареметти арттыруу мүмкүндүгүн берет. Коомдук көзөмөлгө катышуу айрыкча жаштарга, формалдуу же бейформал билим алууга камтылбагандар үчүн өтө маанилүү. Коомдук көзөмөлдүн жыйынтыгы тууралуу жамаатка жана тиешелүү бийлик органдарына билдирип туруу зарыл (ошондой эле «Талдоо» 4-стандартты, 61-63-б. караңыз).

7. **Дареметти арттыруу** максатка жетүү үчүн жардамдашууда жеке жана юридикалык жактардын билимин, тажрыйбасын жана иш билгилигин бышыктоого мүмкүндүк берет. Билим берүү чөйрөсүндөгү эксперттерди, анын ичинде кырсык зонасында калган калк арасында мугалимдерди жана башка кызматкерлерди, усулчуларды аныктоо жана программаларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрүү зарыл. Эгерде жергиликтүү мүмкүнчүлүк чектелүү болсо же адамдар билим берүү системасын түзө албаса (каалабаса), дареметти арттырууга киришүү керек. Баалоо жүргүзүүдө балдар жана кыздардын, жаштар жана коомдун чоң мүчөлөрүнүн, аялуу топторду мүмкүнчүлүктөрү жана муктаждыктары, тийиштүү программалар ар түрдүү экендигин эске алуу керек. Кесипке даярдоо программаларынын алкагында жергиликтүү коомдоштуктун мүмкүндүктөрүн баалоо, окуу муктаждыктарын жана аларды канааттандыруу жолдорун аныктоо керек. Мындай иш-аракет билим берүү программасына коомдоштуктардын мүчөлөрүнүн катыштуу экендигин сезишине жана башка секторлор менен координациялоону өнүктүрүүгө өбөлгө түзүшү керек.

## Коомдоштуктун катышуусу, 2-стандарт: Ресурстар

Коомдоштуктардын ресурстары курактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен билим берүү программаларын жүзөгө ашыруу үчүн аныкталып, тартылат жана колдонулат.

**Негизги иш-аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Коомдоштук мүчөлөрү, билим берүү мекемелеринин кызматкерлери жана окуучулар сапаттуу билимдин жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү үчүн жергиликтүү ресурстарды аныктап, колдонот (1-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Билим берүү бөлүмдөрү, жергиликтүү коомдоштук жана гуманитардык адистиктеги таламдаш жактар тажрыйбалардын жана билимдердин болгон деңгээлин баалашат да, бул мүмкүнчүлүктү арттыруу максатында окуу программаларын иштеп чыгышат (4-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Улуттук бийликтер, жергиликтүү коомдоштук жана гуманитардык адистиктеги таламдаш жактар кырсыктардын тобокелдигин азайтуу жана кесепеттерин жеңилдетүү компонентин камтыган билим тейлөөсүн иштеп чыгуу, ыңгайлаштыруу жана көрсөтүү үчүн коомдоштуктун ресурстарын колдонот (5-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

### Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Коомдук ресурстар** коомдо болгон адам, интеллектуалдык, тилдик, акча жана материалдык ресурстарды камтыйт. Билим берүү программаларын иштеп чыгууда жана пландаштырууда билим берүүгө кандайча өбөлгө түзөрүн аныктоо үчүн жер-жерлердеги ресурстарды аныктап, талдоо зарыл.

   Коомдук ресурстарды пайдаланганда, улуттук бийликтерден укуктук жоопкерчилиги жоюлбайт. Коомдук ресурстар сабак берүүнүн, окутуунун коопсуздугун, жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жакшыртууга жумшалышы мүмкүн. Заттык салымдар баштапкы мезгилде балдарды өнүктүрүү борборлорун, мектептерди жана башка окуу жайларын куруу, техникалык тейлөө жана оңдоо үчүн материалдарды берүүнү жана эмгектенүүнү билдирет. Коргоого көмөктөшүү, эмоциялык, дене бой жана социалдык жактан жайлуулукка өбөлгө түзүү ишине окуучулар менен мугалимдерге, тарбиячылар менен багуучуларга психологиялык колдоо көрсөтүү камтылат. Мугалимдерди

дилгирлентүүнү эмгек акыга же компенсациялоонун башка түрлөрүнө ресурстарды жумшоо аркылуу жакшыртса болот. Ресурстарды мобилизациялоо боюнча отчеттор ачык-айкындыкты жана отчеттуулукту камсыздоо максатында сакталууга тийиш. Мониторинг жүргүзүүдө балдар оор иштерге тартылбашы зарыл (ошондой эле 76-83-б. «Жеткиликтүүлүк жана билим берүү», 2-стандарт; 85-87-б. «Жеткиликтүүлүк жана билим берүү чөйрөсү», 3-стандартты, 1-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү жана 135-136-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» 2-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

2. **Жеткиликтүүлүктү жана коопсуздукту кеңири камсыздоо:** Билим берүү бөлүмдөрү, жергиликтүү коомдоштук жана гуманитардык адистиктеги таламдаш жактар коомдоштук мүчөлөрүнүн аялуу балдар менен жаштарды таап, дайыма мектепке жиберишине колдоо көрсөтүп турушу керек. Мисалы, аялдар жана жаштар жакыр үй-бүлөлөрдүн балдарына керектүү кийим-кечелерди, балдардын багуусунда турган үй-бүлөлөргө тамак-аш азыктарын таратып жүрсө болот. Коомдоштук мүчөлөрү баштапкы мезгилде балдарды өнүктүрүү борборлорунда, мектептерде жана башка окуу жайларында балдардын жана жаштардын коопсуздугун камсыздоо үчүн билим берүү органдары менен иштешүүсү зарыл. Алар алыскы райондор үчүн коопсуз каттоону жана транспортту уюштуруп, социалдык багыттагы программаларды колдосо болот. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн тоскоолдуктарды четтетүү менен жеткиликтүүлүктү жогорулатуу керек. Аялдар кыздарды жана мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларды басмырлоодон коргой алат. Эгерде өспүрүмдөр маданий же турмуштук зарылдыктан улам бөбөктөрүн багып карагандыктан мектепке бара албаса, коомдоштук теңтуштардын өз ара жардамдашуусу, техникалык жана кесиптик билим берүү жана окутуу, чакан бизнести өнүктүрүүгө үйрөтүү сыяктуу бейформал билим иштерди уюштурса болот. Коомдук ресурстар кырсык тобокелдигин азайтуу, коомдоштуктун ушул чыяктуу өзгөчө кырдаалдарга даярдык маселелери боюнча маалыматтарды иштеп чыгуу, ыңгайлаштыруу жана алмашуу үчүн да колдонулушу мүмкүн (ошондой эле төмөндө келтирилген 5-нускоочу көрсөтмөнү; «Жеткиликтүүлүк ана окуу чөйрөсү» бөлүмүн, 76-89-б. 2-3-стандарттарды, Билим берүү жана чакан ишканаларды өнүктүрүү тармагы иштеп чыккан «Кризистен кийин экономикалык жактан калыбына келтирүүнүн минималдуу стандарттарын» караңыз).

3. **Узак мөөнөттүү келечекте колдонулуучу ыкмаларды аныктоо:** Педагогикалык кадрлар жана коомдоштуктардын өкүлдөрү узак мөөнөттүү келечектеги ролдор жана милдеттер боюнча тренингдерге катышуусу керек. Бул ресурстарды мобилизациялоо жана башкаруу, объектилерди техникалык тейлөө, чектелген мүмкүнчүлүк маселелеринде маалымдуулукту жогорулатуу жана балдар менен жаштардын катышуусун камсыздоо максатындагы социалдык чараларды көрүү боюнча тренингдер болушу мүмкүн.

4. **Коомдоштуктун салымын таануу.** Программаларды пландаштыруу, иштеп чыгуу жана отчеттуулукту даярдоодо коомдоштуктун салымын да эске алуу зарыл. Билим берүүнү калыбына келтирүүгө коомдоштук, мисалы, жардамдашуу, курулуш материалдары түрүндө салым кошо алат. Алар сапаттык мүнөздө, тактап айтканда, сан түрүндө өлчөнбөй турган, мисалы, жергиликтүү көндүмдөр жана билгичтиктерди өнүктүрүү, болушу мүмкүн. Коомдоштуктун олуттуу салымы катыштуулукту күбөлөп турат жана узак мөөнөттүү колдоону улантууга өбөлгө түзөт. Ошентсе да узак мөөнөттүү тышкы колдоо коомдоштуктун мындай салымдарына көз каранды болбоого тийиш. Билим берүү үчүн укуктук жоопкерчиликти бийликтин улуттук органдары көтөрөт.

   Теңтуштарынын билим алуусуна, коомдоштукту мобилизациялоого жана коомдоштукту өнүктүрүү демилгелерине жаштардын катышуусун, салымын колдоп, таануу керек. Айрыкча муктаждыктарды аныктоо мезгилинде жаштардын катышуусу зарыл.

5. **Жергиликтүү даремет:** Өзгөчө кырдаал тобокелдигин азайтуу жана жаңжалдардын кесепеттерин жеңилдетүү маселелери боюнча билимди иштеп чыгуу, ыңгайлаштыруу жана берүү жергиликтүү деңгээлде жана жергиликтүү мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен иштелип чыккан дурус стратегияларга, ошондой эле алдарды чыңдоого негиздениши керек.

   Ресурстарга бирдей жеткиликтүү эместиги жана коомдоштуктун ичиндеги ар кандай топтордун катышуусу билим берүүнүн натыйжалуулугуна жана балдардын бири-бирин бөлөктөөсүнө таасир этиши мүмкүн. Өзүнчө же тобу менен ким салым кошкондугуна, кимдер салым кошо албагандыгына өтө көп көңүл буруунун кажети жок. Катышууну каалабагандар бул жагынан басмырлоого дуушар болбошу керек. (59-б. «Талдоо», 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү жана 132-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Координациялоо, 1-стандарт: координациялоо

Билим берүү үчүн кординациялоо механизмдери бар жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо үчүн иштеген тиешелүү жактарга колдоо көрсөтөт.

### **Негизги иш-аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Билим алуу укугун камсыдоого жоопту билим берүү органдары билим программаларын иштеп чыгууда, анын ичинде билим берүү чөйрөсүндө башка таламдаш жактар менен координациялоо механизмине катышууда жана чакырууда лидерликти өзүнө алат (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Ведомстволор аралык макулдашуу комитети ресурстарды баалоону, пландаштырууну, маалыматтык башкарууну, мобилизациялоону, мүмкүнчүлүктү арттырууну жана талам жактоону (лоббилөөнү, б.а. эдвокасини) координациялайт (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Координациялоочу ишмердикте билим берүүнүн бир катар деңгээлдери жана типтери эске алынат (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Билим берүү органдары, сүрөөнчүлөр, БУУнун агенттиги, бейөкмөт уюмдар, жамааттар жана башка таламдаш жактар билим берүү иш-чараларын колдоо үчүн өз убагындагы, ачык-айкын, калыс жана макулдашылган түрдө иштөөчү каржылык түзүмдөрдү колдонушат (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Координациялык комитет программаларды пландаштыруу жана макулдаштыруу маселелери боюнча маалымат алмашуунун ачык-айкын ыкмаларын колдонот (3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Билим берүү программаларында мүмкүнчүлүктөрдү жана кемчиликтерди аныктоо үчүн биргелешкен экспертиза жүргүзүлөт (4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Бардык таламдаш жактар натыйжаларга жетишүү үчүн калыстык, ачык-айкындык, жоопкерчилик жана отчеттуулук прициптерин карманышат (5-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

### Нускоочу көрсөтмөлөр

1. Билим берүү программаларын координациялоочу **ведомстволор аралык комитет** кеңири өкүлчүлүккө ээ болууга тийиш. Улуттук билим берүү органы лидердик роль ойнойт, бирок жергиликтүү бийлик жана топтор да тийиштүү түрдө катышууга тийиш. Билим берүү органдарынын мүмкүнчүлүгү же легитимдүүлүгү жетишпеген учурда лидердик башка агенттиктер менен келишимдин

негизинде аныкталышы мүмкүн. Иштеп жаткан координациялык топ бул милдеттерди өзүнө алса болот же, эгерде мекемелер аралык туруктуу комитеттин кластери иштесе, билим берүү кластерин уюштуруу зарыл. Ошондо деле тиешелүү билим берүү органынын өкүлү чечимдерди кабыл алуу процессине дайыма катышуусу керек. Кризистин жагдайына жараша координациялык топтор улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде керек болушу мүмкүн. Мүчөлөрдүн ролдору жана милдеттери комитет үчүн ыйгарым укуктардын чөйрөсүндө көрсөтүлөт (ошондой эле 135-136-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» бөлүмүн, 2-стандартты, 3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

Координациялоо учурунда баланы эртелеп өнүктүрүүнү, баштапкы, орто, бейформал, техникалык, кесиптик, жогорку билим берүүнү, ошондой эле чоңдор үчүн билим берүүнү кошо алганда билим берүүнүн бардык түрлөрүн эске алуу керек.

2. **Ресурстарды тартуу:** Өзгөчө кырдаалдарда жана калыбына келтирүү мезгилинде сапаттуу билим берүү программаларын ийгиликтүү жана өз убагында жүзөгө ашыруу үчүн кыйла чоң каражат талап кылынат. Каржылоого ачык-айкын жана макулдашылган мамилени камсыздоо үчүн, анын ичинде гуманитардык жардам жөнүндө БУУнун Фондуна биргелешип кайрылуу аркылуу мүмкүн болгон бардык иш-аракеттерди жасоо зарыл. Өзгөчө кырдаалдар курчуган учурда Өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүүнүн борбордук фонду жана башка фонддор каражат бөлө алышат. Ресурстарга жергиликтүү өнөктөрдүн жетишине көмөктөшүү керек.

   Өзгөчө кырдаалдарда каржылоо схемасы улуттук жана региондук эмгек базарынын шартын жана салттарды эске алуу менен, кийин кайталап пайдаланууга болбос үлгүнү тандабоо керек. Каржы булактарынан айрылып калбоо үчүн, айрыкча жаңжалдуу кырдаалдарда, ресурстарды саясий талдоонун негизинде бөлүштүрүү керек. Компенсация жана башка билим төлөмдөрүн берүүдө макулдашылган саясат жүргүзүү зарыл. Өзгөчө кырдаалдарда каржылоо схемасы туруктуу жардамды камсыздоо үчүн узак мөөнөттүү схемалар (мисалы, өнүктүрүү үчүн бир нече сүрөөнчү же каржылоочу жак катышкан тресттык фонддор, мисалы, бириктирилген каржылоо же улуттук каржылоо) менен шайкеш келтирилүүгө тийиш. Ошондой эле жеке секторду, атап айтканда, техникалык жана кесиптик билим берүүнү камсыздоо үчүн аны алдын ала иликтөө керек. (81-82-б. «Жеткиликтүүлүк

жана окутуу чөйрөсү, 2-стандартты, 8-нускоочу көрсөтмөнү; 119-б. «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» бөлүмүн, 2-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнү; 134-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» бөлүмүн караңыз. ӨКБМТ, тышкы билим берүүнү каржылоо боюнча ӨКБМТнын *маалымдамасы жана мугалимдерге сый акы төлөө боюнча нускоочу көрсөтмөлөрдү ӨКБМТ* нускамаларында:
**www.ineesite.org/toolkit** тапса болот; жана Билим берүү жана чакан ишканаларды өнүктүрүү тармагы иштеп чыккан «Кризистен кийин экономикалык жактан калыбына келтирүүнүн минималдуу стандарттарын», 5-стандартты, каржылык кызмат көрсөтүүлөр; «Координациялоо жана ачык-айкындык» бөлүмдөрүн караңыз).

3. **Системалар жана билимдер менен маалымат башкаруу төмөнкүлөрдү камтыйт:**
   - Муктаждыктарды, мүмкүнчүлүктү жана камтууну баалоо;
   - Маалыматтарды чогултуу, сактоо, талдоо жана алмашуу;
   - Мониторинг жүргүзүү жана баалоо;
   - Келечектеги иштерди түзөтүү үчүн алынган сабактар.

   Маалыматты натыйжалуу башкаруу системалары кайталоо эмес, өркүндөтүү максатында түзүлөт. Улуттук жана жергиликтүү өнөктөрдүн, мисалы, психосоциалдык колдоо көрсөтүү, кан берүү, суу менен жабдуу, санитардык шарттар, саламаттык сактоо жана баштапкы мезгилде калыбына келтирүү жагынан балдардын таламын коргогондордун катышуусу абдан маанилүү. Маалыматтарды жана билимдерди башкаруу системасы узак мөөнөттүү келечекке ылайыкталып, улуттук жана жергиликтүү бийликтердин карамагында болушу керек (ошондой эле 50-51-б. «Талдоо» 1-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү; 55-б. «Талдоо» 2-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү; 59-б. «Талдоо» 3-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү; 129-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөнү; *Билим берүү жана чакан ишканаларды өнүктүрүү* тармагы иштеп чыккан «Кризистен кийин экономикалык жактан калыбына келтирүүнүн минималдуу стандарттарын», 6-стандарт: чоң натыйжа үчүн күч-аракеттерди координациялоону караңыз).

4. Билим берүү программаларындагы мүмкүнчүлүктөрдү жана кемчиликтерди аныктоочу **биргелешкен баалоо** Глобалдуу билим берүү кластеринин биргелешкен билим берүү муктаждыктарын экспертизалоо ыкмаларын, же болбосо муктаждыктарды баалоонун

мурдатан макулдашылган жол-жоболорун колдонууга жана ыңгайлаштырууга тийиш. Өзгөчө кырдаалдарда даярдык чараларын жана иштерди пландаштырууда мындай нускамаларды колдонууну үйрөтүү багытын кароо зарыл. Эгерде айрым таламдаш жактар билим берүү экспертизасын жүргүзсө, алар координацияланууучу программаларды колдоодо билим берүү органдары жана кеңири топтор менен тажрыйба бөлүшөт. Айрым өлкөлөрдө ыкчам жүргүзүлүүчү көп секторду баалоо өзгөчө кырдаалдардын учурунан тартып 48 сааттын ичинде жүзөгө ашырылат. Мындайда башка секторлор менен, атап айтканда кан берүүнү, суу менен жабдууну жана санитардык шарттарды, саламаттык сактоону камсыздоочу секторлор менен иштешүүнү координациялоо талап кылынат (ошондой эле 45-51-б. «Талдоо» 1-стандартты караңыз).

5. **Отчеттуулук:** бардык тиешелүү жактардын милдеттери ар кандай болгондугуна карабастан, алар координациялоодо жана маалымат алмашуудагы жоопкерчилик жөнүндө макулдашууга тийиш. Бул маалымат чогултуу жана аны ишмердикти пландаштыруу максатында колдонууну камсыздоо дегенди билдирет. Билим берүү программаларында олуттуу кемчиликтер орун алган учурда, МТКнын билим берүү кластери же башка координациялоочу механизм бардык биринчи кезектеги милдеттерди чечүү үчүн тиешелүү жактардын кемчиликтерди жоюшуна жооп берет. Мониторинг жана баалоо боюнча макулдашылган чаралар билим берүүнүн натыйжалары жөнүндө ачык маалымат берүү өзгөчө кырдаалдардын таасирине кабылган калкка карата отчеттуулукту жогорулатууга өбөлгө түзөт. Бул көбүрөөк күч-аракеттерди талап кылуучу тармактарды чагылдыруу аркылуу ӨКБМТ минималдуу стандарттарын жана тиешелүү гуманитардык принциптерди колдонууга шарт түзөт. Адам укуктары чөйрөсүндө улуттук институттар өзгөчө кырдаалдардын таасирине кабылган калктын укуктарын жүзөгө ашырууда, билим берүүдө улуттук бийликтердин иш-аракеттерине көмөк көрсөтүүгө жана мониторинг жүргүзүүгө тийиш (ошондой эле 136-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» бөлүмүн, 2-стандартты, 5-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

6. **Натыйжага багытталган мамиле** көздөлгөн натыйжага жетишүүгө багытталган, жөнгө салынган билим берүү программаларын камсыздоо үчүн тиешелүү жактардын бардык күч-аракеттерди жумшап умтулуусун билдирет. Билим берүү программаларын координацияланышын туруктуу иликтеп, баалап туруу иштин кемчиликтерин убагында аныктоого жана толуктоого жардамдашат (ошондой эле 57-63-б. «Талдоо бөлүмүн, 3-4-стандартты караңыз).

## Талдоо,
## 1-стандарт: экспертиза

Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү секторун өз убагында экспертиза жүргүзүү бирдиктүү, ачык-айкын жана бири-бирине байланыштуу болушу керек.

### **Негизги иш-аракеттер** (нускоочу көрсөтмөгө ылайык каралат)

- Алгачкы тез билим берүүнү баалоо коопсуздук маселелерин мүмкүн болушунча эртерээк эске алуу менен кам көрүлөт (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Өткөрүлгөн экспертизанын жүрүшүндө билим берүүнүн багытын жана шайкештигин, билим берүү жолундагы тоскоолдуктарды, биринчи кезектеги билим муктаждыктарын жана иш-аракеттерди жергиликтүү калктын кандай кабылдаарын аныктоочу чачкын маалыматтар чогултулат (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Өзгөчө кырдаалга чейин же анын учурунда жергиликтүү мүмкүнчүлүктөр, ресурстар, окутуу жана билим берүү стратегиясы аныкталат (2-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Иштелип чыккан билим берүү программаларынын жагдайга ылайыктуулугун, шайкештигин жана ыктымал тобокелдиктерде, бөөдө кырсыктарда колдонууга жарамдуулугун камсыздоо үчүн жагдайлык (контексттик) талдоо жүргүзүлөт (3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Өзгөчө кырдаалдарга кабылган калктын өкүлдөрү маалыматтарды чогултууну жүзөгө ашырууга жана иштеп чыгууга катышышат (2-3,5 жана 7-8-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз)
- Негизги кызыктар жактардын катышуусу менен билим берүү муктаждыктарына жана билим берүүнүн ар кандай деңгээли жана түрлөрү үчүн ресурстарга ар тараптуу баалоо жүргүзүлөт (2-7-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Иш-аракеттерди кайталап калбоо үчүн ведомстволор аралык координациялык комитет башка секторлор жана тийиштүү таламдаш жактар менен биргеликте жүргүзүлүүчү экспертизаны координациялайт (6 жана 8-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Биринчи экспертизанын мөөнөтү** өзгөчө кырдаалдарга кабылган калктын жана эксперттик топтун коопсуздугун, аман-эсендигин камсыздоого ылайыкталышы керек. Баалоо өзгөчө кырдаалдан кийин дароо жүргүзүлөт жана мүмкүнчүлүккө жараша өзгөчө кырдаалдарда жабыр тарткан бардык аймактардагы билим берүүнүн бардык түрлөрүн камтыйт. Буга программалык

жетишкендиктерди, чектөөлөрдү жана жетишилбей калган максаттарды карап чыгуу иштери да кирет. Эгер жалпы баалоону дароо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү жок болсо, тезинен ишти баштоо үчүн жарым-жартылай экспертиза жүргүзүүдө маалымат чогулта берүү керек.

2. **Экспертизада** чачкын маалыматтарды билим берүү программаларын оңдоо жана кагылышуудагы жана кырсыктагы уланып жаткан тобокелдиктерди баалоо үчүн чогултулат. Чачкындык курамдык бөлүктөрдөгү маалыматтардын бөлөк-бөлөк каралгандыгын билдирет, мындай учурда жыныстык жана курактык топтор боюнча талдоо жүргүзүлөт. Маалыматтар өзгөчө кырдаалдарга кабылган калктын бардык топтору үчүн билим берүү мүмкүнчүлүгүн, ресурстарды, өксүк жактарын, маселелерин жана билим алуу укугун камсыз кылуудагы кыйынчылыктарды аныктоодо колдонулат. Калктын билим алуу жана жашоо-тиричилик жагынан өзгөчө кырдаалга кабылган кайсы бир топторун же кандайдыр бир маселелерди туура эмес баалоодон, каражаттарды натыйжасыз коротуудан сактануу үчүн башка жардам көрсөткөн жактардын экспертиза жүргүзүүсүн, ошол жерге баруусун жакшы уюштуруу зарыл (ошондой эле "Коомчулуктун катышуусу бөлүмүнүн", 38-40-б. 2-стандартты жана "Координациялоо" бөлүмүнүн 41-44-б. 1-стандартты караңыз).

Экспертиза жүргүзүүдө колдо болгон маалымат булактарын канчалык пайдалануу мүмкүн экендигин билүү. Баштапкы маалыматтарды жыйноодо жоюлушу талап кылынган кемчиликтерди аныктоо, ошондой эле билим берүү чөйрөсүндөгү таламдаш жактардын чечим кабыл алуусу үчүн маалымат берүү эле жетишет. Эгер мүмкүнчүлүк чектелүү болсо, маалымат жыйноонун башка жолдорун табууга, андан тышкары башка булактардан же кризиске чейинки маалымат базасынан экинчи ирет маалымат чогултуу үчүн жергиликтүү лидерлерге жана коомдоштуктарга кайрылууга болот. Кризиске чейинки маалымат базасы өзгөчө кырдаалдарды салыштыруунун баштапкы чекити катары каралышы мүмкүн.

Долбоорлорду координациялоого көмөк көрсөтүү жана маалымат берген жактардын талаптарын минимумга түшүрүү үчүн өлкөдө маалымат жыйноо ыкмаларын стандартташтыруу керек. Мүмкүнчүлүккө жараша баалоо ыкмаларын иштеп чыгуу жана алдын алуу чараларынын алкагында өзгөчө кырдаалга чейин бардык таламдаш болгон жактар менен макулдашуу керек. Нускамалар жергиликтүү адамдардан алынуучу кошумча маалымат менен толуктоого ылайык болууга тийиш.

Эксперттик топтордун курамына өзгөчө кырдаалга кабылган калктын өкүлдөрүнөн да кошулушу керек. Окуучу балдар менен кыздардын, мугалимдердин жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин, ата-энелердин жана камкорчулардын тажрыйбасын, муктаждыктарын, тынчсыздануударын жана мүмкүнчүлүктөрүн кыйла натыйжалуу чагылдыруу үчүн гендерлик теңдикти камсыздоо керек. Тийиштүү бийлик менен кеңешме жүргүзүү зарыл.

Адеп ченемдери, сый-урмат жана басмырлоонун жоктугу экспертизанын негизинде болушу керек. Маалымат чогултууда этият иштебесе адамдарды чоочутуп алуу мүмкүн (ошондой эле төмөндө келтирилген 5-нускоочу көрсөтмөнү караңыз). Маалымат чогултуу үчүн жооптуулар катышуучуну коргоого жана аларга төмөнкүлөрдү билдирүүгө милдеттүү:

- маалымат чогултуу максаты
- катышуучу маалымат чогултуу процессинен баш тартууга же каалаган учурда өзүнө жагымсыз жагдайлардан чыгып кетүүгө укуктуу экендигин;
- жашыруундуулукка жана купуялыкка кепилдик алууга укуктуу экендигин.

(ошондой эле «Анализ» бөлүмүндөгү, 4-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнүн 30-барагын караңыз).

3. **Контексти талдоо** кырсык болуу коркунучун жана жаңжалды талдоо менен бирге, билим берүү программаларынын ылайыктуулугун, алардын шайкештигин жана ыктымал тобокелдиктердин жана бөөдө кырсыктарда колдонууга жарамдуулугун камсыздоого өбөлгө түзөт.

Тобокелдикти талдоодо окуучулардын ден соолугуна, коопсуздугуна, жашоосуна таасирин тийгизген бардык жайдайларды эске алуу керек. Бул билимдин тобокел жагдай эмес, коргонуу каражаты экендигине ишенчти бекемдейт. Тобокелдикти талдоодо билим берүүдөгү төмөнкүлөргө байланыштуу мүмкүн болгон тобокелдик деңгээли бааланат:

- Ишенбестик, натыйжасыз башкаруу жана коррупция;
- Коомдук саламаттык сактоо маселелери, мисалы, жугуштуу оорулардын жайылышы;
- Социалдык, уулуу газдардын жана химикаттардын агып чыгуусу сыяктуу өнөр жай коркунучтарын кошо караганда, табигый жана жаратылышты коргоо жагдайлары;
- Жыныс, жаш курак, чектелген мүмкүнчүлүк, улуттук маселелер жана башка бул контексттеги шайкештик жагдайлары менен байланышкан тобокелчиликтер.

Жаңжалдарды талдоодо билим берүү теңсиздикти жана жаңжалдарды ого бетер күчөтпөшү үчүн зомбулук менен коштолуучу жаңжалдардын ыктымалдыгын да аныктоо керек. Бул жаңжалдуу кырдаалдарда, ошондой эле бөөдө кырсыктарда зарыл. Жаңжалдарды талдоодо төмөнкүдөй маселелер каралат:

- Кимдер жаңжал таасиринде калгандыгын же калышы мүмкүндүгнү, жаңжалга түз де кыйыр түрдө аралашкандыгын;
- Болуп жаткан же чыгып кетиши мүмкүн болгон жаңжалдардын себептери жана нааразылыкты күчөтүүчү жагдайлар;
- Билим берүү чөйрөсүндөгү тиешелүү жактарды кошо алганда, катышуучулар ортосундагы мамиле жана жаңжалдан себептери;

Айрым региондордо же өлкөлөрдө көбүнчө жаңжалдарды изилдөө уюмдары талдайт. Алардын талдоолорун билим берүүгө ылайык кайра карап чыгуу керек болушу мүмкүн. Эгерде колдогу талдоо жеткиликсиз же жарамсыз болсо, жаңжал талдоону жабыркаган райондо семинар уюштуруу же изилдөө жүргүзүү аркылуу өткөрсө болот. Билим берүү чөйрөсүнө таламдаш жактар билим берүү чөйрөсүндөгү конкреттүү маалыматтарды эске алып, жаңжалдардын бардыгын камтуучу талдоо жүргүзүү үчүн тиешелүү мекеменин болушун жакташы керек. Ошондо бардык таламдаш жактарга керектүү маалыматтарды берип турууга болот.

Тобокелдикти талдоо боюнча баяндамада табигый жана адамзаттык-техногендик коркунучтарды, анын ичинде жаңжалдарды жөнгө салуу стратегиясы сунушталат. Стратегия кесепеттерди болтурбоону, жеңилдетүүнү, даярдыкты камсыздоону, калыбына келтирүүнү жана реабилитациялоону камтышы мүмкүн. Мисалы, мектептерде жана окуу жайларында күтүлбөгөн кырдаал учурундагы иш-аракеттер планын жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, кесепетин азайтуу жана иш-аракет жасоо үчүн коопсуздукту камсыздоо пландарын иштеп чыгуу зарылдыгы жөнүндө талаптар болушу мүмкүн. Алар ошондой эле окуучулардын аялуулугуна жана туруктуулугуна таасир этүүчү ыктымал коркунучтарды көрсөтүү жана жагдайларды айырмалоо менен тобокелдиктердин картасын даярдай алышат.

Тобокелдиктерди талдоо коомдоштуктун туруктуулугуна баа берүү жана маселелерди жеринде өз күчтөрү менен, анын ичинде өздөрүнүн ресурстарын жана мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен чечүү толукталат. Өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жеңилдетүү, өзгөчө кырдаалдарга чейин жана андан кийин даярдыкты чыңдоо жана калыбына келтирүү, ишмердиктин кесепеттерин

жоюу жана жеңилдетүү аркылуу билимдерге, тажрыйбаларга жана мүмкүнчүлүктөргө баа берүү жүргүзүлөт (ошондой эле 31-35-б. «Коомдоштуктардын катышуусу» 1-стандартты, 1-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү, 40-б. «Коомдоштуктардын катышуусу» 2-стандартты, 5-нускоочу көрсөтмөнү; 82-83-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу» 2-стандартты, 11-нускоочу көрсөтмөнү; 105-б. «Сабак берүү жана окутуу» 2-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү; 129-136-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандарт, 2 жана 4-нускоочу көрсөтмөнү, 134-136-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» бөлүмүн, 2-стандарт, 3 жана 5-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

4. **Маалыматтардын таасирдүүлүгү жана маалымат талдоо усулдары:** маалыматтарды талдоодо төмөнкүлөр так көрсөтүлүүгө тийиш:
   - Көрсөткүчтөр;
   - Маалымат булактары;
   - Маалымат чогултуу усулдары;
   - Маалымат чогултуучулар;
   - Маалымат талдоо жол-жоболору.

   Эгерде маалымат чогултуучулардын коопсуздугуна коркунуч бар болсо, анда айрым чогултуучулардын аттарын эмес, маалыматтарды чогултуу ишин жүргүзгөн уюмдардын типтерин көрсөтүү керек. Натыйжалардын ишенимдүүлүгүнө таасир этүүчү талдоонун же маалымат чогултуунун чектелүүлүгүн жана алардын башка кырдаалдарга мамилесин белгилөө керек. Мисалы, маалыматтардын тууралыгына ресурстарды же катышууну апыртып көрсөтүүгө умтулган же жоопкерчиликсиз суралуучулар таасир этиши мүмкүн. Ошондой эле эгерде айрым топтор же маселелер, программалар жана мониторинг системасы менен байланышпаса, муну да белгилөө керек.

   Бир жактуулукту колдон келишинче азайтуу максатында маалыматтар ар кандай булактардан чогултулуп, салыштырылууга тийиш. Бул усул маалыматтардын тууралыгын бекемдейт. Балдар менен кыздарды, жаштарды кошо алганда, калктын кыйла жабыр тарткан топтору жыйынтыктар кандайча чыгарылары тууралуу пикир айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Талдоо борбору гуманитардык жардамды тыштан келген адамдардын көз карашына ылайык гана уюштуруп калбоо үчүн жергиликтүү калктын пикирине артыкчылык берилиши керек (131-132-б. «Билим берүү саясаты жана иштерди координациялоо» бөлүмүн 1-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

5. **Экспертизанын катышуучулары** билим берүү органдарынын өкүлдөрүн жана жабыр тарткан калктын, анын ичинде калктын аялуу топторун камтыйт. Маалымат чогултууга, талдоого, башкарууга жана жайылтууга бул топтордун катышуусу баштапкы баа берүү убагында кыйынчылыктардын айынан чектелиши мүмкүн. Катышуу кырдаалдын турукташуусуна жараша жакшырууга тийиш. Экспертиза коомдоштуктун тилдеринде баарлашууга, анын ичинде, эгерде талап кылынса, жаңсоо тилин жана Брайл шрифтин колдонуу менен баарлашууга өбөлгө түзүүгө тийиш (131-132-б. «Билим берүү саясаты жана иштерди координациялоо» бөлүмүн 1-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

6. **Билим берүү сектору** жана башка секторлор менен **кызматташуу** баалоонун мүмкүн болушунча жогорку сапатын, толуктугун жана пайдалуулугун камсыздоодо чечүүчү мааниге ээ. Билим берүүдөгү таламдаш жактар ар кандай ведомстволордун бири-бирин кайталап калуусуна жол бербөө үчүн баалоону биргелешип жүргүзүү аркылуу муктаждыктарды баалоого тийиш. Координацияланган баалоо өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин кыйла ынанымдуу көрсөтөт жана комплекстүү иш-аракетти камсыздайт. Бул маалымат алмашууну колдоо аркылуу тиешелүү гуманитардык жактардын отчеттуулугун жакшыртат (ошондой эле 43-44-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

Билим берүү сектору коркунучтарды, тобокелдиктерди жана тейлөө жеткиликтүүлүгүн эске алып, билим берүү программасын оңдоо үчүн башка секторлор менен кызматташууга тийиш. Буга төмөнкүлөр менен иштешүү кирет:

- саламаттык сактоо сектору менен – эпидемиологиялык маалыматтарды жана эпидемия коркунучу жөнүндө маалыматтарды алуу, жыныстык, тукум улоо саламаттыгын жана КИВдин алдын алуу, дарылоо, багуу жана колдоо жаатындагы тейлөөнү кошо алганда, негизги медициналык кызматтардын бар же жоктугун билүү үчүн;
- коргоо сектору менен – гендерлик жана жыныстык зомбулукка кабылуу тобокелдиктерин, жетим балдарды жана калктын башка аялуу топторун; билим алуу үчүн тоскоолдуктарды ошондой эле колдонуудагы социалдык жана психосоциалдык тейлөө кызматтарын билүү үчүн;
- тамак-аш сектору менен – мектептеги, жамааттык жана башка тамактандыруу кызматтары жөнүндө билүү үчүн;

- жашынуу жайлары жана лагердик башкаруу сектору менен – коопсуз жана тиешелүү жайларды, окутуу жайларын реконструкциялоону/курууну координациялоо жана алардын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү, ошондой эле мектеп мекемелерине зарыл болгон азык-түлүк эмес предметтерди берүү үчүн;
- суу жеткирүү жана санитария секторлору менен – окутуу жайларында суу менен ишенимдүү жабдууну жана тиешелүү санитарияны камсыздоо үчүн;
- материалдык-техникалык сектор менен – китептерди жана башка материалдарды сатып алууну уюштуруу үчүн.

(ошондой эле 41-44-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 1, 3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү жана 135-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо» бөлүмүн, 2-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

7. **Билим берүү жана психосоциалдык муктаждыктар:** жалпы муктаждыктарды баалоонун жалпы жүрүшүндө билим берүү жана психосоциалдык муктаждыктар жана ресурстар маселелери боюнча так маалыматтарды чогултуу зарыл. Жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү билүү менен эксперттик топтун мүчөлөрү баалоонун бул жагынан тууралыгын камсыздай алышат. Агенттиктер аларды жүзөгө ашыруу үчүн ресурстарды, кызматкерлерди жана уюштуруу мүмкүнчүлүгүн берүүгө тийиш.

8. **Экспертизанын жыйынтыктары** билим берүү жыйынтыктарын пландаштыруу үчүн мүмкүн болушунча тезирээк жеткиликтүү болууга тийиш. Ресурстарды жана билим берүү муктаждыктарын жана/же билим берүү органдары, бейөкмөт уюмдар, гуманитардык уюмдар жана жергиликтүү жамааттар тарабынан билим алуу укугунун бузулгандыгын же аткарылгандыгын аныктоочу кризиске чейинки маалыматтар жана кризистен кийинки баалар да жалпыга жеткиликтүү болууга тийиш.

   Жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги билим берүү органдары баалоолордун натыйжаларын биргелешип колдонууну координациялоого тийиш. Эгерде бул органдардын муну аткаруу мүмкүнчүлүгү болбосо, ишти эл аралык орган, мисалы, билим берүү секторун же билим берүү кластерин координациялоо боюнча комитет башкара алат. Баалоонун жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар колдонууну мүмкүн болушунча жеңилдетүү үчүн стандартташтырылууга тийиш (ошондой эле 41-44-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты караңыз).

## Талдоо,
## 2-стандарт: иш-аракет стратегиялары

Инклюзивдүү билим берүү стратегиялары билим берүү жагдайын, тоскоолдуктарын так сыпаттоону жана бул тоскоолдуктарды жеңүү боюнча стратегияларды камтыйт.

### **Негизги аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Иш-аракет стратегиялары экспертизанын натыйжаларында так чагылдырылат (1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Билим берүү программалары жабыркаган калктын инклюзивдүү жана сапаттуу билим алуу муктаждыктарын бара-бара толук канааттандырат (1, 5 жана 8-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Иш-аракет стратегиялары коомдоштукка же кызмат көрсөтүүчүлөргө зыян келтирбегидей жана өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин күчөтпөгүдөй түрдө иштелип чыгат жана жүзөгө ашырылат (3 жана 7-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Баштапкы баа берүүдөн алынган маалымат жана жагдайлык (контексттик) талдоо билим берүү программаларын дайыма оңдоп туруу үчүн жаңы маалыматтар менен толукталат (4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Иш-аракеттенүү стратегиясы билим берүү органдарына жана коомдоштук мүчөлөрүн баалоо жүргүзүүдө жана аракеттенүү чараларын жүзөгө ашырууда колдоо көрсөтүү үчүн мүмкүнчүлүк арттырууну да камтыйт (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Билим берүү программалары алар шайкеш келтирилген улуттук билим берүү программаларын толуктайт (6 жана 8-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Баштапкы маалыматтар дайыма программанын башталышында чогултулат (9-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

### Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Иш-аракет стратегиясы:** билим берүүгө таламдаш жактар алардын стратегиясы баалоонун жүрүшүндө аныкталган негизги жыйынтыктарга жана артыкчылыктарга негизделиши үчүн терең талдоого жана баалоо маалыматтарын чечмелөөгү ылайыкталышы керек. Бул жооп чараларынын программасы үчүн түзүлгөн идеяларды тастыктоочу натыйжаларды баалап калуудан качууга мүмкүндүк берет.

   Бул иш-аракет стратегиялары билим берүү органдарынын алдыңкы ролун жана башка таламдаш жактар менен кызматташуусун көрсөтүүгө тийиш. Мисалы, мугалимдерди сыйлоо жана

жабдуулар сыяктуу беренелер боюнча билим берүүгө жумшалуучу чыгымдардын деңгээли алардын узак мөөнөттү туруктуулугун эске алуу менен мекеме алкагында бирдейлештирилиши керек.

Бул иш-аракет стратегиялары коомдоштуктун жигердүү катышуусунда колдонуудагы аракеттердин тиешелүү пландарынын негизинде иштелип чыгышы керек. Алар билим берүүнүн ар кандай түрлөрүн жана деңгээлин, тобокелдиктер жана коркунучтар жөнүндө маалыматтуулукту, башка мекемелердин билим берүү ишине көрсөткөн колдоосун көрсөтүүгө тийиш. Бюджеттер агартуучулук зарыл иштерди жүргүзүүнү, анын ичинде базалык маалыматтарды чогултууну жана баалоону камсыздоого тийиш (ошондой эле 31-б. «Коомдоштуктардын катышуусу» бөлүмүн 1-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

Бардык деңгээлдердеги жана типтердеги билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн гендерлик тоскоолдуктарды жана аларды жеңип өтүүгө багытталган иштерди талдоо керек. Инклюзивдүү билим берүүнү камсыздоо жана билимге карата өсүп бараткан суроо-талапты канааттандыруу үчүн мүмкүн болушунча ийкемдүү иштөө керек.

2. **Маалымат чогултуу жана талдоо үчүн дареметти арттыруу:** иш-аракет стратегиясы даремет арттыруу, анын ичинде билим берүү кызматкерлери жана коомдоштук мүчөлөрүнрүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү чараларын камтууга тийиш. Коомдоштуктун жаш мүчөлөрүн, мисалы, маалымат чогултуп талдоого, мониторингге жана баалоого катыштырууга болот. Маалыматтын толук жана натыйжалуу талданышын, бааланышын камсыздоо үчүн кадр саясатында гендерлик теңчиликти камсыздоо зарыл (ошондой эле 59-б. «Талдоо» 3-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнү жана 62-б. «Талдоо» 4-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

3. **«Зыян кылба»:** өзгөчө кырдаалдардагы билим берүү программалары даярдык, жумуштар, материалдар жана ресурстардын тартыштыгынан кыйналган чөйрөдөгү тамактануу сыяктуу ресурстарды берүүнү билдирет. Бул ресуртар көбүнчө бийликти жана байлыкты берет. Алар жаңжал себептеринин бири болуп калышы же коомдогу жиктелүүнү жана басмырлоону күчөтүшү мүмкүн. Жаңжалдуу кырдаалдарда айрым адамдар башка жакты алсыздандыруу же жеке пайда табуу үчүн өз тарабынын пайдасына бул ресурстарды пайдаланууга аракеттениши мүмкүн. Мындайда билим берүү программалары зыян тартышы ыктымал.

Тобокелдиктерди түшүнүүгө жана жаңжалдарды талдоого негизденип бул кырдаалды болтурбоо үчүн күч-аракеттерди жумшоо зарыл (ошондой эле 47-49-б. «Талдоо» 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

Өзгөчө кырдаалдарда ресурстарды берүү жана билим программаларын жүргүзүү тынчтыкты бекемдөө жагынан жергиликтүү мүмкүнчүлүктү чыңдоого да өбөлгө түзөт. Чогуу өтүлүүчү сабактар кыйратуучу чыр-чатактарга алып келиши мүмкүн болгон бөлүнүүчүлүктү жана тирешүүчүлүктү азайтат. Бул сабактар коомду бириктирүүчү байланыштарды чыңдоо же түзүү аркылуу өткөрүү керек. Мисалы, мугалимдерди даярдоо программалары этностук айырмачылыктарга карабастан кесиптик кызыкчылыктары боюнча жакындаштыра алат. Коомдоштуктагы мамилелердин акыйкат түзүлүшүнө калктын мурдагы жиктешкен топторун жуурулуштуруу аркылуу жетишүүгө болот.

4. **Иш-аракет стратегияларын жаңылоо:** билим берүү чөйрөсүндөгү таламдаш жактар өздөрүнүн иш-аракет стратегиясын өзгөчө кырдаалдар күчөп кеткенге чейин эле кайра карап, жаңылай жүрүшү керек. Бул стратегияларда бүгүнкү күндө жетишилген ийгиликтер, өзгөчө кырдаалдагы өзгөрүүлөр, коопсуздук жагындагы жагдай жана иш-аракет пландарындагы тийиштүү өзгөрүүлөрдү чагылдырууга тийиш. Аларда канааттандырылбаган адам укуктарына жана муктаждыктарына, буларды канааттандыруу үчүн стратегиядагы тиешелүү өзгөрүүлөргө баа берилиши зарыл. Иш-аракет сапатты, инклюзияны (кошуп алууну) жана камтууну, туруктуулукту жана жалпы менчикти акырындык менен жакшыртууга багытталышы керек.

5. **Сүрөөнчү уюмдардын аракеттери:** сүрөөнчүлөр билим берүү сапатынын жана жеткиликтүүлүгүнүн зарыл деңгээлин камсыздоо үчүн өзгөчө кырдаалдарда билим берүү сапатын жана камтуусун дайыма кайра караштырып жүрүүгө тийиш. Өзгөчө кырдаалдардан жабыркаган жерлерде билим берүү тармагындагы бир катар мүмкүнчүлүктөргө бирдей жетүүнү камсыздоо максатында калктын аялуу топторунан чыккан окуучуларды кабыл алууга жана кетирбей кармоого өзгөчө көңүл бурулушу керек. «Бирдей жеткиликтүүлүк» балдар менен кыздар, жаштар жана чоңдор, айрыкча этностук тегине, тилине же чектелген мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу жиктөөгө кабылгандар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү билдирет. Билим берүү программаларын каржылоого суу менен жабдууну каржылоо, жабыркаган калк үчүн азык-түлүк, турак-жай,

медициналык камсыздоо жана билим берүү менен катар эле бирдей көңүл бурулат. Бул качкындарды жана ички көчүрүлгөн адамдарды кабыл алган коомдоштуктарды камтыйт. Мындай каржылоо бардыгы үчүн билим алуу укугун камсыздоодо өтө маанилүү. Программалар каржылоонун кыска мөөнөттүү циклдери менен эле чектелбестен, калыбына келтирүү мезгилинде да улантылууга тийиш (ошондой эле 74-б. 7-нускоочу көрсөтмөнү, «жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 1-стандартты, 1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү жана билим берүүнү тышкы каржылоо маселеси боюнча ӨКБМТнын маалымдамасын караңыз, аны ӨКБМТнын **www.ineesite.org/toolkit** нускамаларынан табууга болот).

6. **Улуттук программаларды бекемдөө:** өзгөчө кырдаалдарда билим берүү программалары улуттук билим берүү программалары менен макулдашылууга жана аларды бекемдөөгө тийиш, бул балдарды эртелеп өнүктүрүү, кесиптик-техникалык билим берүү жана жашап кетүү программаларына да тиешелүү. Буга программаларды улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде пландаштырууну башкаруу жана менеджмент, ошондой эле заттык ички түзүм (инфраструктура), окутуучулардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана аларды колдоо камтылат. Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү программалары келечекте кыйла натыйжалуу система түзүү, бардык балдар, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген жана азчылык топторунан чыккан балдар үчүн инклюзивдүү билим берүүнү чыңдоо үчүн билим берүү органдары менен иштешүүгө тийиш (ошондой эле 129-133-б. «Билим берүү тармагындагы саясат» бөлүмүн, 1-стандарт жана 135-136-б. «Билим берүү тармагындагы саясат», 2-стандарт, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

7. **Өзгөчө кырдаалдарга даярдык жана кырсык тобокелдигин азайтуу:** өнүктүрүү агенттиктери менен сүрөөнчүлөр кризистен кийин калыбына келтирүү мезгилинде да алдын алуу чаралары катары кырсык коркунучтарын азайтуу жана өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүүгө даярдыкты камсыздоо боюнча иштерди колдоого тийиш. Кырсык тобокелдигин азайтууга жана даярдыкты камсыздоого жумшалуучу инвестициялар экономикалык жактан натыйжалуу жана таасирдүү болушу мүмкүн, анткени алар билим берүү органдары жана өнөктөштөр тарабынан пландаштырууну, координациялоону жана аракеттенүүнү жакшыртууга шарт түзөт. Кырсык тобокелдигин азайтууга жана даярдыкты камсыздоого жумшалуучу инвестициялар ошондой эле өзгөчө кырдаалдар мезгилиндеги чыгымдарды үнөмдөөгө мүмкүндүк берет.

8. **Уюштуруу кыйынчылыктарын жеңүү:** ыйгарым укуктары чектелген гуманитардык уюмдар – мисалы, балдардын, баштапкы билим берүү программалары жана качкындар, өздөрүнүн билим берүү программалары менен билим берүү органдарынын иштери менен жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка тиешелүү жактардын ишмердигин толукташы керек. Жалпы билим берүү стратегиялары төмөнкүлөрдү камтышы керек:
   - балдарды эрте жетилтүү;
   - инклюзивдүү баштапкы билим берүү ;
   - Жаштардын муктаждыктарын, атап айтканда, орто жана кесиптик билим алуу муктаждыктарын канааттандыруу;
   - Чоң адамдар үчүн билим берүү;
   - Иш башталганга чейин жана анын жүрүшүндө окутуучулардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу.

   Чоң адамдар үчүн билим берүү стратегиясы сабаттуу окутуу жана эсепке алуу, турмуштук тажрыйларды өнүктүрүү, мина коркунучу сыяктуу коопсуздукту сактоо боюнча кабардарлыкты жакшыртууга багытталган бейформал билим программаларын камтыйт. Кайтып келүүчү качкындарды кабыл алуучу райондордо билим берүүнү өнүктүрүү узак мөөнөттү колдоо көрсөтүү жоболорун, мисалы, теңтуштарын кууп жетиши үчүн кошумча сабактарды өткөрүү, кесиптик даярдыкты камсыздоо иштерин камтууга тийиш (ошондой эле 41-44-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты жана «Окутуу жана үйрөтүү» 96-105-б. 1-2-стандартты караңыз).

9. **Баштапкы маалыматтарын чогултуу:** «Баштапкы маалыматтарына» жаңы билим берүү программалары берилгенге чейин калктын максаттуу топторунан алынган маалыматтар кирет. Бул кызматкерлердин билим берүү чөйрөсүндөгү кырдаалды түшүнүшүнө, мониторинг жана баалоо убагында кийин чогултулуучу маалымат менен салыштырууга өбөлгө түзөт. Буга калктын саны, мектептерге баруунун деңгээли, мугалим менен окуучунун мамилелери жөнүндө маалыматтар камтылат. Мисалы, эгерде программа кыздардын мектепке баруу деңгээлин жогорулатууга багытталса, абалкы шарттар катары программа башталганга чейинки кыздардын мектепке баруусу жөнүндө маалымат зарыл.

## Талдоо,
## 3-стандарт: Мониторинг

Билим берүү программаларын өзгөчө кырдаалдардын таасиринде калган калктын билим алууга болгон өзгөрүлмө муктаждыктарын иликтөө туруктуу жүргүзүлөт.

**Негизги аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Өзгөчө кырдаалдарда калыбына келтиргенге чейин билим берүү программаларын туруктуу негизде мониторингдөөнүн натыйжалуу системасы иштейт
- Бардык окуучуларды, мугалимдерди жана билим берүү чөйрөсүнүн башка кызматкерлерин кайтарууну жана коопсуздугун камсыздоо үчүн билим берүү программалары иликтенет (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Аялуу адамдарга дайыма кеп-кеңеш берилип турат, алар маалымат чогултуу ыкмаларын колдонууга жана мониторинг иштерине катышууга үйрөтүлөт (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Билим берүү программаларын түзөтүү үчүн билим берүү чөйрөсү тууралуу маалыматтар бөлүк-бөлүгү менен дайыма чогултулат (3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Билим берүү маалыматтары талдоого алынып, бардык таламдаш жактарга, айрыкча жабыркаган коомдоштуктарга жана калктын аялуу топторуна жиберилип турат. (3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Мониторинг** программалардын калктын өзгөрүлмө билим берүү муктаждыктарына канчалык жооп берерин жана алар өзгөрүүчү шарттарда кандайча аракет кыларын аныктайт. Бул:
   - Көрүлүүчү чаралардын зарылдыгын жана ийкемдигин камсыздайт;
   - Өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүн аныктайт;
   - Жаңжалдардын кесепетин азайтуу жана бөөдө кырсыктардын тобокелдигин жеңилдетүүгө өбөлгө түзөт;
   - Отчеттуулукту камсыздайт.

   Билим берүү программаларынын болжолдонгон жана күтүлбөгөн натыйжаларын иликтөөдө алардын жиктешүүнүн, басмырлоонун жаңжалдарга же бөөдө кырсыктарга себеп болбошуна кепилдик берүү үчүн текшерүү керек. Күтүүсүз барып иликтегенде, маалыматтарынын ишеничтүүлүгү артат.

Мониторинг түзүмү чогултуу жана иштетүү үчүн зарыл ресурстарга жана муктаждыктарга жараша ар кандай типтеги маалыматтарды канчалык тез-тез чогултуу керектигин аныктайт. Маалыматтын көптөгөн түрлөрү муктаждыктардын жана маселелердин белгилерин тез аныктоо үчүн мектептерден жана башка билим берүү мекемелеринен чогултулушу мүмкүн. Мындай маалымат төмөнкүлөрдү камтышы ыктымал:

- кабыл алуу жана окуудан чыгаруу боюнча өз-өзүнчө маалыматтарды;
- окуучулардын сабакка келгенге чейин тамактануу мүмкүнчүлүгү бар же жок экендигин;
- окуу китептеринин жана окутуу-усулдук материалдардын бар же жок экендигин.

Билим алууга тартылбаган балдар менен жаштарды иликтөө жана алардын эмне үчүн мектепке кабыл алынбагандыгынын жана келбегендигинин себептерин кокус иргелген чакан топтон кабар алганда билүүгө болот. Мониторинг убагында аялдардын жана калктын аялуу топторунун пикирлерин угуу зарыл. Эгерде этностук теги же башка социалдык топтор жөнүндө маалымат алууда өтө этияттык талап кылынса же аларды комплекстүү негизде чогултуу кыйынга турса, иргеп текшерүү жана сапаттуу жүргүзүлгөн кайтарым байланыш, мисалы, расмий эмес сүйлөшүүлөр калктын конкреттүү топторуна мүнөздүү маселелерди билүүгө мүмкүндүк берет.

Окуучулардын, мугалимдердин жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка кызматкерлердин коопсуздугун же кабатырлыгын, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн ички түзүмүнүн абалын аныктоого мүмкүндүк бергидей көзөмөлдөө жана отчеттуулук системасы зарыл. Куралдуу күчтөргө жана куралчан топторго балдардын тартылышы, уурдалышы, куралдуу кол салууга, жыныстык зомбулукка кабылуу же бөөдө кырсыктар коркунучу болгон жерде бул өтө маанилүү. Мониторингдин бул жагынан алганда таламдаш жактар жергиликтүү жана улуттук бийликтер же БУУ жана бейөкмөт мекемелер менен коопсуздук, сот адилеттигин камсыздоо, адам укуктарын коргоо максатында байланыша алышат. Билдирилген маалыматтын этият жактарына көңүл буруу зарыл.

Мониторингдин натыйжаларына жараша зарыл учурларда утурумдук билим берүү ишмердиги өзгөртүлүп турууга ийиш.

2. **Мониторингге тартылган адамдар** маданий каада-салттарды эске алуу менен жабыркаган калктын бардык топторунан маалымат чогулта билүүгө тийиш. Команда гендерлик жактан теңдештирилип, жергиликтүү тилде (тилдерде) эркин сүйлөй билиши, маалымат чогултууга даяр болушу зарыл. Жергиликтүү шартка жараша аялдар же азчылыктар менен ишенимге ээ болгон адамдар гана кеп-кеңеш жүргүзүшү талап кылынат. Жабыркаган коомдоштук өкүлдөрү, анын ичинде жаш адамдар билим берүү тармагындагы программалардын натыйжалуулугун иликтөөгө мүмкүн болушунча тезирээк тартылууга тийиш, анткени бул алардын жашоосуна түздөн-түз таасир этет. Айрыкча өспүрүм кыздар жана мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар сыяктуу конкреттүү топтор үчүн иштелип чыгуучу бейформал билим берүү программаларында зор мааниге ээ болот (ошондой эле 59-б. «Талдоо» 3-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнү жана 62-б. «Талдоо» 4-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

3. Улуттук бийликтердин карамагында турган **билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы,** эреже катары билим берүү чөйрөсүндөгү маалымат чогултуу жана талдоо менен иш жүргүзөт. Эгерде билим берүүнү маалыматтык башкаруу системасы жергиликтүү шартка ылайыкталган болсо, ал өзгөчө кырдаалдын натыйжасында бузулушу же аны жаңылоого туура келиши мүмкүн. Улуттук маалымат башкаруу системасын же анын эквивалентин иштеп чыгуу же калыбына келтирүү улуттук, региондук жана жергиликтүү деңгээлдерде даремет арттырууну талап кылышы мүмкүн. Даремет арттыруу тиешелүү адамдардын колдо болгон маалыматты чогултушуна, иштеп чыгуусуна, чечмелешине, колдонушуна жана жайылтышына мүмкүндүк берет. Бул калыбына келтирүү мезгилине карата иштеп турган, мамлекеттик орган менен бир жайда турган системага ээлик кылуу үчүн мүмкүн болушунча эртерээк башталышы керек (ошондой эле 132-б. «Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат» бөлүмүн, 1-стандартты, 5-нускоочу көрсөтмөнү жана 135-136-б. «Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат» бөлүмүн, 2-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

   Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы үчүн программалык жана аппараттык камсыздоонун шайкештиги өзгөчө мааниге ээ. Улуттук жана жергиликтүү билим берүү бөлүмдөрү жана улуттук окуу жайлары сыяктуу башка билим берүүнүн чакан секторлору маалымат алмашууну жеңилдетүү үчүн биргелешкен жабдуулары болууга тийиш. Мобилдүү телефон атайын программалык камсыздоо менен жабдылышы керек, ал маалымат чогултууну жакшыртат, бирок технологиялардын жоктугу, райондук ресурстардын жетишсиздиги маалымат чогултууга тоскоол болбоого тийиш.

4. **Окуучуларды иликтөө** мүмкүнчүлүккө жараша алар окуп жүргөндө же окуу курсун бүткөндөн кийин өткөрүлүүгө тийиш. Мониторинг сандык жана сапаттык баалоо жүргүзүү аркылуу төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:
   - таанып билүү жана социалдык-эмоциялык жактан кенже балдардын жетилүүсүн, жалпы жана айрым иш-аракеттерге жөндөмүн аныктоочу суроолор;
   - сабаттуулукту жана окуй билүүнү сактоо;
   - турмуштук негизги көндүмдөрдү түшүнүү жана колдонуу;
   - сабаттуулукту өздөштүргөндөн кийинки окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгү.

   Кесиптик-техникалык билим берүүгө карата мониторинг окуучулардын жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн аныктоого тийиш. Окуучуларды иликтөө программа аяктагандан кийин аны өркүндөтүү үчүн баалуу маалымат берет (ошондой эле «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 109-110-б. 4-стандартты, кризистен кийин экономикалык жактан көтөрүүнү, жумуш орундарын түзүүнү камсыздоо боюнча минималдууу стандарттардын SEEP тармагын жана ишкердикти өнүктүрүү стандартын караңыз).

## Талдоо,
## 4-стандарт: Баалоо

Системалык баалоо жүргүзүп туруу билим берүү программаларынын ишмердигин жакшыртат жана жогорулатат.

### **Негизги иш аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө жараша каралат)

- Билим берүү программаларынын ишмердигин үзгүлтүксүз баалоо келечекте билим берүү программаларынын ишмердигин оңдоп, так жана ачык маалыматтарды алып турууга мүмкүндүк берет (1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Өзгөчө кырдаалдардын таасиринде калган калктын өкүлдөрүн кошкондо, бардык таламдаш жактар баалоонун жүргүзүлүшүнө катышат (3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз)
- Алынган сабактар жана алдыңкы тажрыйба кеңири жайылтылат. Бул талам жактоону (лоббилөөнү же эдвокасини), келечектеги программаларды жана саясатты оңдоого мүмкүндүк берет (4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз)

### Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Мониторинг менен баалоонун ортосундагы айырмачылыктар:** Мониторинг жана баалоо билим берүү программаларынын максаттарына жана милдеттерине жетүү үчүн негизги факторлордон болуп саналат. Мониторинг (иликтөө) – билим берүү программаларынын максаттарына жана милдеттерине жетүүдөгү прогрессти такай баалап туруучу үзгүлтүксүз процесс. Бул билим берүү программаларынын кызматкерлеринин көздөгөн максаттарына жана милдеттерине жетүү үчүн багытты туура аныктоо максатында программага же түрмөк долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизишине мүмкүндүк берет.

   Баалоо сейрек жүргүзүлөт, эреже катары, программанын же долбоор түрмөгүнүн ортосунда же аягында жана тышкы, көз каранды эмес субъектилердин жардамы менен жүзөгө ашырылат. Ал күтүлүп жаткан натыйжаларга жетишүү даражасын баалап, өлчөйт. Баалоо ошондой эле ишмердиктин билдирилген артыкчылыктарга, саясатка жана укуктук документтерге канчалык шайкеш келерин, программаны жүзөгө ашыруу канчалык үзүрдүү болгонун да аныкташы мүмкүн.

2. **Билим берүү программаларынын ишмердигин баалоодо** алдыдагы иштерин оңдоп кетүү үчүн программалардын жана таасирлердин натыйжаларын туура, өз убагында аныктоого мүмкүндүк берүүчү мамилелер менен ыкмалар колдонулууга тийиш. Адамдардын жашоосундагы программа тарабынан жаратылган байкаларлык өзгөрүүлөр «таасир» деп аталат. Жынысы жана курагы боюнча топторго бөлүү менен алынган сандык жана сапаттык маалыматтардын олуттуу мааниси бар. Сандык маалыматтар – бул эсебин алууга мүмкүн болгон нерселер жөнүндө маалыматтар. Алар окуучуларды кабылдоосу, сабакка катышуусу, окуудан чыгарылышы жана жетишүүсү сыяктуу натыйжаларды өлчөшөт. Сапаттык маалыматтар – бул цифра менен өлчөөгө мүмкүн болбогон маалыматтар. Алар процессти түшүнүүгө жана натыйжаларын түшүндүрүүгө жардам берет. Сапаттык маалыматтарга мисал катары мектептерде жана башка окутуу жайларында эмне болуп жаткандыгы, ошондой эле окуучулардын мектепке келүүсүнүн, катышуусунун жана окуудан чыгарылышынын себептери жөнүндө маалыматтар камтылат. («Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 46-47-б. 2-нускоочу көрсөтмөнү жана «Кординациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 43-б. 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

3. **Баалоонун негизинде дареметти арттыруу** – баалоону жүргүзүүгө жумшалуучу бюджет кеңири катышуу жана ачык-айкындык негизинде баалоо пландарын иштеп чыгуу үчүн, баалоо деген эмне экендигин көрсөтүп жана түшүндүрүп туруу үчүн билим берүү органдарын, коомчулуктун өкүлдөрүн жана окуучуларды кошкондо, таламдаш жактар үчүн дареметти арттыруу боюнча семинарларды өткөрүүгө багытталышы, ошондой эле таламдаш жактардын натыйжаларды чогуу чечмелешине жана карап чыгышына мүмкүндүк бериши керек. Окуучулар, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери маалымат топтоонун тактыгын жогорулатууга жана реалдуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн болгон нускоолордун иштеп чыгарылышына колдоо көрсөтүү үчүн баалоо процессине тартылышы зарыл. Демек, мисалы, мугалимдер жана билим берүү тармагынын башка кызматкерлери сунушталган нускоолорго байланышкан «Практикалык кыйынчылыктар» бөлүмүн толуктаган сын пикирлерин айтса болот (ошондой эле «Талдоо» бөлүмүн, 2-стандартты, 53-б. 2-нускоочу көрсөтмөнү, «Талдоо», 3-стандартты, 59-б. 2-нускоочу көрсөтмөнү жана «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 135-б., 2-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

4. **Алынган сабактардан жана баалоонун жүрүшүндө чыгарылган тыянактарды алмашуу:** баалоо отчетторунда көрсөтүлгөн негизги тыянактар, айрыкча, нускамалар жана алынган сабактар алдыдагы иш-аракеттерди оңдоп кетүү үчүн жалпыга, анын ичинде коомдоштук өкүлдөрүнө жеткиликтүү түрдө берилүүгө тийиш. Этият колдонбосо, айрым маалыматтар кокусунан өзгөчө кырдаалды же жаңжалды курчутуп жибериши мүмкүн. Андыктан жашыруун шартта маалымат билдирүүчүлөрдү коркунучка кириптер кылып албаш үчүн аяр мамиле кылуу талап кылат (43-44-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү жана 135-136-б. «Билим берүү саясаты», 2-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

**T Ушул стандартты жүзөгө ашырууга Сизге көмөк көрсөтүшү мүмкүн болгон каражаттар ӨКБМТ нускамаларында жайгашкан:** www.ineesite.org/toolkit

ӨКБМТ нускамасы
↳ ӨКБМТ минималдуу стандарттары
↳ Жүзөгө ашыруу каражаттары
↳ Негиз болуучу стандарттар

# 2 ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮК ЖАНА ОКУТУУ ЧӨЙРӨСҮ

**Негиз болуучу стандарттар:**
**Коомдоштуктун катышуусу, Координациялоо, Талдоо**

**Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү**

**1-стандарт:**
**Бирдей мүмкүндүк**

Ар бир адам сапаттуу жана тиешелүү билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

**2-стандарт:**
**Коргоо жана жайлуулук**

Окутуу чөйрөсү коопсуз болууга жана сакталууга тийиш. Окуучулар, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери корголушу жана алардын психосоциалдык жайлуулугу камсыздалышы керек.

**3-стандарт: Окутуу жайлары жана кызматтар**

Окутуу үчүн жайлар коопсуз кайтарылышы керек, окуучулардын, мугалимдердин жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин жайлуулугун, корголушун камсыз кылуу үчүн саламаттык сактоо сектору, тамактандыруу психосоциалдык жана коргоо кызматтары менен байланыш болууга тийиш.

Кризис мезгилиндеги эң маанилүү укуктардын бири болуп саналган билим алуу мүмкүндүгү көбүнчө өтө эле чектелет. Билим берүү жабыр тарткан адамдардын кыйын абалдан чыгышына жана жашоосун кадимки нукка түшүрүүгө жардам берүүдө чечүүчү ролду ойнойт. Бул билим сапатын жана акыйкаттыкты камсыздоого мүмкүндүк берген өзгөрүүлөргө өбөлгө түзөт жана турмуштук мааниси зор билимдер менен көндүмдөрдү өнүктүрөт.

Көбүнчө өзгөчө кырдаалдар шарттарында калыбына келтирүү мезгилине чейин билим берүү ишмердигин уюштуруу өтө татаал маселелерден болуп саналат. Калктын жаңы аялуу топтору билим албай калышына же болгон тобокелдик жана обочолонуу өзгөчө кырдаалдарда ого бетер күчөшү ыктымал. Улуттук бийликтер, коомдоштуктар жана гуманитардык уюмдар окутуунун коопсуз шарттарында шайкеш, сапаттуу билим алуу мүмкүндүгүн камсыздоого милдеттүү болушат. Бул окуучулардын, мугалимдердин жана билим берүү тармагынын башка кызматкерлеринин дене боюнун корголушуна, психологиялык жайлуулугуна өбөлгө түзөт.

Окуучулар, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери окуу жайынан үйүнө чейин келаткан жолдо, окутуу чөйрөсүндө дене боюна же психосоциалдык жактан коркунучка өтө көп кабылышат. Өзгөчө кырдаалдарда калыбына келтирүү мезгилине чейин билим берүү программалары алардын корголушун камсыз кылышы мүмкүн. Убактылуу жана туруктуу окуу жайлары, анын ичинде мектептер, окуу борборлору жана балдар үчүн жабдылган аянтчалар бардык мүмкүн болгон коркунучтарга каршы тургандай кылып жайгаштырылышы, долбоорлонушу жана даярдалышы керек. Тейленүүчү бардык адамдар үчүн алардын эшиги ачык болууга тийиш.

Билим берүү үчүн кыйла коопсуз жайлар сабакты жана окууну үзгүлтүккө учуратуучу жагдайларды азайтып, билим берүү программаларынын уланмалуулугунун камсыздоого тийиш. Алар коомдук ишмердиктин чордонуна айланып, жакырчылыктын, сабатсыздык менен оору-сыркоонун азайышына олуттуу таасир тийгизе турган кызматтарды көрсөтүшү мүмкүн. Өзгөчө кырдаалга чейин билим берүү бирдей эмес болгон жерлерде коопсуз жана акыйкат билим берүүнү калыбына келтирүү тынчтыкты бекемдөө ишине кошулган маанилүү салым болуп калат.

Бир да адам басмырлоонун айынан билим алуу жана окуу мүмкүндүгүнөн ажыратылбашы керек. Программалар билим алуу укугунун жүзөгө ашырылышына жана билим алуу мүмкүндүгүн чектеген тоскоолдуктардын азайтылышына өбөлгө түзүүчү формалдуу

жана мектептен сырткары билим алууну камсыз кылышат. Бардык билим берүү мекемелери жыныстык белгилери боюнча басмырлоого карата кыраакылык менен мамиле кылышы керек, айрыкча майда балдар менен жаш кыздар үчүн ар кандай кооптуулуктар бар экендигин эске алууга тийиш. Бул жагдайларды жоюу үчүн бардык чараларды көрүү керек. Басмырлоо калктын айрым топторун четтетүүгө себеп болуучу окуу акысын төлөө кыйынчылыгынан, тил билбегендиктен жана дене боюндагы кемчилдиктен келип чыгышы мүмкүн.

## Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү, 1-стандарт: Бирдей мүмкүндүк

Ар бир адам сапаттуу жана тиешелүү билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

**Негизги иш-аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Бир да адам басмырлоо айынан билим алуу жана окуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылууга тийиш эмес (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Билим алуу үчүн имараттар жана жайлар жалпыга жеткиликтүү болушу керек (1-жетектөөчү көрсөтмөнү караңыз).
- Окууга кабыл алуудагы тоскоолдуктарды жоюу зарыл, мисалга, бул документтердин жетишсиздиги же бөлөк талаптар болушу мүмкүн (2 жана 4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Каатчылык кырдаалдардан жабыр тарткан калк билим алуу муктаждыктарын канааттандыруу үчүн билим берүү чөйрөсүндө бир катар ийкемдүү, формалдуу жана бейформал мүмкүнчүлүктөрдү акырындык менен ала берет (3-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Окутуунун жана түшүндүрүү иштеринин алкагында жергиликтүү коомдоштуктар чоңдордун, жаштардын жана бардык балдардын сапаттуу жана тиешелүү билим алуу укуктарын камсыздоого барган сайын жигердүү катышып жатышат (8-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Билим берүү иштеринин сапаттуулугун, акыйкаттыгын жана үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо үчүн жетиштүү ресурстар бар (8-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Өзгөчө кырдаалдардан бузулган жашоо тартиби калыбына келтирилип бүткөндөн кийин окуучулар окуу сабактарына киришүү же кайрадан баштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат (9-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Качкындарга тиешелүү билим берүү программасы жергиликтүү билим берүү органдары жана качкындар келген өлкөлөр тарабынан таанылат.
- Каатчылык кырдаалдардан жабыркаган калк үчүн билим берүү кызматтары жергиликтүү калкка терс таасирин тийгизбөөгө тийиш.

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Басмырлоо** дегенде жынысы, дини, жыныстык багыты, курагы, улуту, КИВ статусу, кланга, урууга, кастага, тилге, маданиятка, саясатка таандыгы, социалдык-экономикалык теги, географиялык жайгашкан жери же өзгөчө билим алуу муктаждыктары боюнча тоскоолдуктарды түшүнөбүз. Басмырлоо атайын жасалышы да мүмкүн. Ал мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын ички түзүм (инфраструктура) шартынан пайдалана албашынан, же окуучулардын катышуусун жакшыртууга багытталбаган саясаттын айынан атайлоосуз эле жасалып калышы да ыктымал. Кош бойлуу кыздын жана КИВ менен ооруган окуучунун мектепке келишине тыюу салынышы, мектепте окутууга кеткен чыгымдар, форма кийими, китептерди жана материалдарды колдонуу – мунун баары басмырлоого себеп болушу мүмкүн.

   Белгилүү бир топтор же адамдар өзгөчө кырдаалдарда билим алууда кыйынчылыктарга туш келиши ытымал. Алардын кээ бирлери өзгөчө кырдаалдардын жана жер которуунун натыйжасында ого бетер оор абалга кабылышы ыктымал. Ал топторго төмөндөгүлөр кириши мүмкүн:
   - Дене боюнун жана акыл-эсинин кемчилдиги бар адамдар;
   - Психикалык жактан жана психологиялык кыйынчылыктардан олуттуу жабыр тарткандар;
   - Секелек кыздар;
   - Жаштар;
   - Куралдуу күчтөргө жана куралдуу топторго тартылган балдар
   - Үй ээси болуп калган өспүрүмдөр;
   - Өспүрүм энелер;
   - Белгилүү бир этникалык же башка социалдык топтордун өкүлдөрү.

   Улуттук бийликтер, коомдоштуктар жана гуманитардык уюмдар бардык адамдардын билим алуу мүмкүндүгүн камсыз кылууга милдеттүү. Бул бөлүнүп калган топтордун жана бөтөнчө шартта билим алуу муктаждыгы бар адамдардын каалоосун иликтөөнү жана аларга көмөктөшүүнү билдирет. Окуу мүмкүнчүлүгүн чектеген басмырлоочулук саясатын жана көнүмүшүн ачыкка чыгарып, жоюу зарыл. Белгилүү бир этникалык, тилдик, географиялык жана курактык топтор үчүн билим алуу мүмкүндүгүнүн жоктугу жаңжалдын пайда болушуна өбөлгө түзө турган карама-каршылыкты жаратышы, мындай жагдайдын сакталышына шарт түзүшү мүмкүн.

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактыда (1966) билим алуу укугун тактап көрсөтүлгөн:

- 2-беренеде «расасы, өңү, жынысы, тили, диний, саясий жана бөлөк ынанымдарына, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк, катмарлык же бөлөк абалы боюнча эч кандай басмырланбастан билим алуу укугу" таанылат
- 13-беренеде «адамдын инсандыгын толук баалуу өнүктүрүүгө, анын кадыр-баркын билүүгө жана адам укуктары менен негизги эркиндиктеринин урматталышын камсыздоого багытталышы керек» болгон ар бир адамдын билим алуу укугу таанылат. Билим берүү бардык адамдардын эркин коомдо үзүрдүү катышуусуна, бардык улуттар жана бардык расалык, этникалык, диний топтордун ортосундагы достукка, чыдамкайлыкка, өз ара түшүнүшүүгө өбөлгө түзүшүнө жана Бириккен Улуттар Уюмунун тынчтыкты орнотуу боюнча ишине көмөктөшүүсүнө мүмкүндүк берет". 13-берене бул укукту толук жүзөгө ашырууга жетишүү максатында өлкөлөрдү төмөнкүлөрдү таанууга милдеттендирет: 1) башталгыч билим берүү бардыгы үчүн акысыз жана милдеттүү болууга тийиш, 2) ар түрдүү формалардагы орто билим, кесиптик-техникалык орто билимди кошкондо, бардык зарыл чараларды көрүү жолдору менен, айрыкча, акырындык менен акысыз билим берүүнү киргизүү менен бардыгы үчүн мүмкүнчүлүккө жараша толук жеткиликтүү болууга тийиш; 3) башталгыч билимдин толук курсун окубагандарга же бүтпөгөндөргө фундаменталдык билимди мүмкүн болушунча берүүгө колдоо көрсөтүлүшү керек (ошондой эле «Билим берүү тармагындагы саясат», 129-133-б., 1-стандартты, 1 жана 7-нускоочу көрсөтмөлөрдү жана «Билим берүү тармагындагы саясат», 135-б., 2-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

2. **Кабыл алуу, каттоо жана кармап туруу:** документтерге талаптар ийкемдүү болушу керек. Жарандыгы, туулгандыгы жана жашы тууралуу күбөлүктөр, өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтер же мектептен берилген көчүрмөлөр тапшыруу үчүн милдеттүү болбоого тийиш, анткени өзгөчө кырдаалдарда калган адамдардын мындай документтери жок болушу мүмкүн. Коргоо ченемдери жана маданий ченемдер сакталган шарттарда жаш курак чегине катуу талап коюлбашы керек. Мектепти таштап кеткен балдарга билим алууга экинчи ирет мүмкүнчүлүк берилиши зарыл. Өтө аялуу адамдарды таап, коомго кошуу үчүн өзгөчө күч-аракет жумшоо зарыл болот. Эгер коопту жагдайлар болсо, кабыл алуу жөнүндөгү документтер жана маалыматтар жашырын бойдон калууга тийиш

(ошондой эле төмөндөгү 4-нускоочу көрсөтмөнү; «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 129-133-б., 1-стандартты, 1 жана 7-нускоочу көрсөтмөлөрдү жана «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 134-б. 2-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

3. **Сапаттуу билим үчүн бир катар мүмкүнчүлүктөр зарыл.** Бардык окуучулардын билим алуу муктаждыктары, ошондой эле өлкөнүн экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүшүнө салым кошуу мүмкүнчүлүгү камсыздалышы зарыл. Бул мүмкүнчүлүк окуучуларга, ошондой эле жагдайга ылайык келип, төмөнкүлөрдү камтышы керек:
   - Балдардын эрте жетилиши;
   - Башталгыч, орто жана жогорку билим алуу;
   - Сабаттуулук жана эсептөө сабактары;
   - Турмуш көндүмдөрүнө үйрөтүү;
   - Жаштар программалары жана чоңдор үчүн билим берүү, мисалы, техникалык жана кесиптик билим берүү.

   Оор кааатчылык мезгилинде расмий билим берүү кайрадан башталганга жана калыбына келтирилгенге чейин, баарыдан мурда балдар үчүн коопсуз жайларды же балдар үчүн оруңдарды жабдышат. Балдар үчүн жабдылган жайлар балдардын жана жаштардын жайлуулугун камсыздоого жана коргоого багытталган. Айрымдары балдарды жана жаштарды расмий мектептерге кайра барууга даярдаса, кээ бирлери бейформал окуу ишмердигине катышууга мүмкүндүк берет. Алар кичинекей балдардан тартып жаштарга чейин, ар кандай курактагы топтор үчүн психологиялык жактан колдоо жана коргоого, музыка, көркөм өнөр, театр жана спорт сабактарына, оюндарга, түзүмдөлгөн окутууга мүмкүндүк жаратат. Балдар үчүн жабдылган жайлар формалдуу жана бейформал билим алуу муктаждыгын, мүмкүнчүлүгүн, анын ичинде жергиликтүү демилгелерди колдоо жана тутумдаштыруу жагынан баалоодо мамлекеттик кызматчыларга, гуманитардык уюмдардын кызматкерлерине, коомдоштуктардын мүчөлөрүнө мүмкүндүк берет.

4. **Ийкемдүүлүк:** окутуу мүмкүнчүлүктөрү ийкемдүү жана жагдайга ыңгайлашкан болушу керек:
   - Окуучулардын айрым топторунун муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ар жылкы жүгүртмөлөрдү жана сабактардын, сааттардын, кезметтердин жүгүртмөлөрүн өзгөртүү;

- Өз алдынча окутуу, аралыктан окутуу жана тездетип окутуу же өтүлгөндөрдүн эсесин толтуруу үчүн окутуу программалары сыяктуу окуунун башка ыкмалары;
- Жаш ата-энелер үчүн баланы багуу боюнча кызматтарды көрсөтүү;
- Документтерге коюлуучу талаптардан, мисалы, туулгандыгы же жашы тууралуу күбөлүктөрдү көрсөтүү талабынан баш тартуу (жогорудагы 2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

Көнүктүрүү учурлары коомдоштуктун мүчөлөрү, анын ичинде жаштардын, аялдардын жана башка адамдардын өкүлдөрү менен талкууланышы керек, антпесе алар четте калышы мүмкүн. Сунушталып жаткан көнүктүрүү чаралары таанылышы үчүн тиешелүү билим берүү органдарын катыштыруу зарыл. Эгер окуучулар ар кайсы аралыкта чачыранды жашаса, алардын билим алуу мүмкүндүгүн үнөмдүү канааттандыруу үчүн мектептин картасында башка окуу объектилерин да белгилеп коюу зарыл (ошондой эле «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 129-133-б., 1-стандартты, 1 жана 7-нускоочу көрсөтмөнү жана «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 134-б. 2-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

5. **Билим берүүнүн биринчи кезектеги артыкчылыктары** баштапкы баалоого негизделиши керек. Мында төмөнкү маселелерди эске алуу зарыл:
   - Жынысы жана курагы боюнча катыштуу маалыматтар;
   - Аялуулук жана коргоо маселелери;
   - Турмуштук мааниси бар маалымат сыяктуу мазмуну анык муктаждыктар;
   - Билим берүү системасын калыбына келтирүү менен байланыштуулугу.

   Артыкчылыктар каржылоонун жетишсиздиги, логистика жана коопсуздук маселелерине тиешелүү болушу мүмкүн, бирок бул калктын аялуу топторун бөлөктөөгө алып келбеши керек (ошондой эле «Талдоо» бөлүмүн, 45-51-б., 1-стандартты; «Сабак берүү жана окутуу», 96-101-б. 1-стандартты, ошондой эле «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 129-136-б. 1-2-стандарттарды караңыз).

6. **«Сапаттуу» жана «ылайыктуу»** билим берүү: бул терминдин аныктамасын Сөздүктөн караңыз

7. **Жамааттардын катышуусу:** Жамааттар билим алуу мүмкүндүктөрүн жеңилдетүү максатында билим берүү ишине кеңири тартылышы мүмкүн. Жамааттардын катышуусу төмөнкүлөргө жардам берет:
   - катнаштагы кемчиликтерди жоюу;
   - кошумча ресурстарды тартуу;
   - коопсуздук, коргоо жана психосоциалдык маселелерди чечүү;
   - башкача окуу муктаждыктарды аныктоо;
   - бардык тиешелүү топтордун, айрыкча аялуу деп эсептелген топтордун катышуусуна өбөлгө түзүү.

   (Ошондой эле 141-б. Сөздүктөн "Катышуу" терминин аныктамасын; «Коомдоштуктардын катышуусу», 31-40-б. 1-2-стандартты, ошондой эле «Сабак берүү жана окутуу», 3-стандарт 107-б. 2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз.)

8. **Ресурстар:** билим берүүнү камсыздоо үчүн акыр аягында улуттук органдар жоопкерчиликте болушат. Буга координациялоо жана каржы, материалдык жана адам ресурстарын жетишерлик көлөмдө камсыз кылынышы камтылат. Эгер улуттук бийликтер өзгөчө кырдаалдарда толугу менен калыбына келтирилгенге чейин билим берүүнү жетиштуу камсыздай албаса, кошумча колдоонун башка булактары көрсөтүлүшү мүмкүн. Мисалы, эл аралык коомдоштук, БУУ системаларынын агенттиктери, эл аралык жана жергиликтүү бейөкмөт уюмдар, жергиликтүү бийлик органдары, коомдоштуктар, диний уюмдар, жарандык коом топтору жана башка өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр бул жагынан жардам бериши ыктымал. Сүрөөнчүлөр ийкемдүү иштеп, билим демилгелеринин жана билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыздалышы үчүн бир катар макулдашылган мамилелерди колдоого тийиш (ошондой эле «Коомдоштуктардын катышуусу» бөлүмүн, 2-стандартты, 38-39-б. 1-нускоочу көрсөтмөнү жана «Талдоо» бөлүмүн, 45-51-б. 1 жана 5-жетектөөчү көрсөтмөлөрдү караңыз).

9. **Окуу мекемелеринин убактылуу баш калкалоочу жай катары колдонулушун азайтуу:** Билим берүү мекемелери башка мүмкүнчүлүктөр жок болгондо жер которгон адамдар үчүн баш калкалоочу жай катары колдонулат. Даярдыкты пландаштыруунун жүрүшүндө өзгөчө кырдаалдар же кырсыктар учурунда жашап туруу үчүн башка жайлар табылышы керек.

   Окуу мекемелери убактылуу жашоочу жай катары колдонулган учурларда турак жай жана коргоо секторлору менен кызматташуу аркылуу коргонуудагы ыктымал тобокелдиктерди жана кесепеттерди жоюу зарыл. Таламдаш болгон тараптар окуу

жайынын өзүнүн баштапкы функциясына кайрылып берилүүсүнүн датасы жөнүндө сүйлөшүп алуулары керек. Бул окуунун үзүлгүтүккө учурашын азайтып, үй-бүлөлөрдүн өзгөчө кырдаалдардан кийин узак убакытка билим берүү мекемелеринде калып калтырбоого мүмкүндүк түзөт.

Эгер билим берүү мекемелери убактылуу баш калкалоочу жай катары колдонулса, мектептин менчигин, анын ичинде китептерди, китепканаларды, эмеректерди, мектеп документтерин жана эс алуу үчүн жабдууларды сактап калуу зарыл. Окуу мекемелери андан ары колдонулууга мүмкүн болгондой абалда кайтарылып берилиши керек. Бардык мүмкүн болгон жерде, таламдаш жактар окуу жайларынын жакшыртылышы үчүн мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып калууга тийиш. Мисалы, канализацияны оңдотуп, курулуш конструкцияларын бекиттирип алса болот (ошондой эле «Жеткиликтүүлүк жана окутуу» бөлүмүн, 3-стандартты, 87-88-б. 4-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү, «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-3-стандартттарды, 131-б., 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү, 2-стандарт: Коргоо жана жайлуулук

Окутуу чөйрөсү коопсуз болууга жана сакталууга тийиш. Окуучулар, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери корголушу жана алардын психосоциалдык жайлуулугу камсыздалышы керек.

### **Негизги иш аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- окутуу чөйрөсү окуучулар, мугалимдер жана билим берүү тармагынын башка кызматкерлери үчүн зыяндуу булактардан эркин болот (1 жана 3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери окуучулардын психологиялык жайлуулугуна өбөлгө жана жагымдуу жашоо шарттарын түзүү үчүн зарыл болгон билимдерге, көндүмдөргө ээ болушат (2-3 жана 8-9-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Мектептер, окутуу үчүн убактылуу жайлар жана балдар үчүн жабдылган жайлар аларда тейленүүчү калкка жакын жайгашат (5-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Окутуу чөйрөсүнө баруучу жолдор бардыгы үчүн коопсуз, сакталган жана барууга оңой болуп саналат (5-7-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Окутуу чөйрөсү согуштук оккупациядан жана кол салуулардан эркин болот (1, 3 жана 6-7-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Коомдоштук окутуу чөйрөсүн жайгаштыруу, ошондой эле окуучулар, мугалимдер жана билим берүү тармактарынын башка кызматкерлеринин коопсуздугун жана корголушун камсыздоо үчүн системалар жана саясат жөнүндө чечимге салым кошот (1 жана 10-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Окутуу чөйрөсүнүн коопсуздугу кырсыктардын коркунучун азайтуу жана башкаруу боюнча ишмердик аркылуу жүзөгө ашырылат (11-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

### Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Кайтаруу жана коопсуздук:** окутуунун коопсуз шарттары опузалоодон, коркунучтардан, жаракат алуудан же жоготуулардан коргонууну камсыз кылат. Коопсуз чөйрөдө дене бой жана психологиялык зыянга жол берилбейт (137-б. Сөздүктү караңыз).

   Бийликтин улуттук органдары коопсуздукту камсыздоого милдеттүү. Бул үчүн полициянын күчү жетишээрлик болушу, зарыл болгондо армияны да колдонуу керек. Эгер демейдеги окутуу жайлары кооптуу же жетүүгө мүмкүн эмес болсо, башка коопсуз жайлар же окутуу ыкмалары

тандалышы керек. Мындай жагдайларда үйдөн же аралыктан окутууга болот. Кооптуу жагдайларда жамааттар окуучуларды мектепке жиберүүнү каалагандыгын билдириши керек. Коопсуздук күчтөрү билим берүү мекемелерин убактылуу баш калкалоочу жай катары эч качан пайдаланбашы керек (ошондой эле коргонуу максатында, төмөндөгү 5-7-нускоочу көрсөтмөлөрдү, коопсуздук боюнча төмөндөгү 2-4, 8-9, 11-нускоочу көрсөтмөлөрдү, ошондой эле «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 129-б. 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

2. **Эмоциялык, дене бой жана социалдык жайлуулук** төмөндөгү шарттарга жараша болот:
   - Коопсуздукту, коргоону жана кайтарууну камсыздоо;
   - Ден соолук;
   - Окуучулардын ортосундагы, мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы бактылуу жана жакшы мамилелер.

   Жаш чагынан эле балдарды жетилтүүгө жана окутууга коопсуз жана тарбиялуу шарттарда кам көргөн адамдардын колдоосу зарыл. Окуучулардын жайлуулугун камсыздоо боюнча иш-чаралар бекем ден соолук, позитивдүү социалдык карым-катышка жана бейпил өнүгүүгө өбөлгө түзүүгө багытталат. Алар окуучулардын өздөрүнүн кызыкчылыктарына тийиштүү болгон чечимдерди кабыл алууга катышууга дилгирлентет. Маселелерди чечүүгө, чечим кабыл алууга жана тобокелдикти азайтууга катышкан балдар менен жаштар өздөрүн анча алсыз эмес, жайлуу сезип калат.

   Эгер ата-энелер балдарынын жайлуулугун камсыздай албаса, анда башкалар жардам берүүгө тийиш. Эгер бар болсо, балдарды тийиштүү кызматтарга жөнөтүү керек («Жеткиликтүүлүк жана окутуу» бөлүмүн, 3-стандартты, 89-б. 8-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

3. **Коргоо:** “коргоо” зордук менен эксплуатациялонун, одоно келекелөөнүн, дене боюна залал келтирүүнүн, эмоциялык жана социалдык коркутуулардын бардык түрлөрүнөн эркин болууну түшүндүрөт. Окуучулар, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери окутуу жайларында жана анын айланасында коркунучтан корголот жана ал жөнүндө маалымдуу болушу керек. Коркунучтарга төмөндөгүлөр камтылат:

- Коркутуу;
- Жыныстык эксплуатация;
- Экологиялык жана жаратылыш кырсыктар;
- Курал-жарактар, ок-дарылар, жөө аскерлерге каршы миналар жана жарылбай калган ок-дарылар;
- Куралчан кызматкерлер, туш-туштан атылган октор жана бөлөк согуш коркунучтары, анын ичинде уурдап кетүү жана азгыруу;
- Саясий туруксуздук.

Коомдоштуктун мүчөлөрү, окуучулар, мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери менен кеп-кеңеш жүргүзүүнү кошкондо, тобокелдиктердин бааланышы коргоонун жана артыкчылыктардын муктаждыктарын түшүнүү үчүн олуттуу мааниге ээ. Баалоо такай жүргүзүлүшү керек, буга тийиштүү маданий жана саясий факторлорду талдоо камтылышы мүмкүн (ошондой эле «Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 46-49-б. 2-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

Коргоо камсыздалбай калган учурлар адам укуктарын иликтөө үчүн даярдыктан өткөн адамдардын жардамы менен документтештирилип, купуялыкты сактоо менен отчеттордо чагылдырылышы керек. Мындай окуя жөнүндө, анын ичинде жынысы, курагы боюнча жана бөтөнчөлүктүү жагдайга байланыштуу адамдардын жабыр тарткандыгы жөнүндө негизги маалымат белгиленет. Маалымат өзгөрүүлөрдү аныктоо жана маселелерди чечүү боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгуу үчүн зарыл болушу мүмкүн. Эреже бузуулар жөнүндө билдирүүлөргө берилген жооптор да, анын ичинде саламаттык сактоо объектилерине, коргоо жана психосоциалдык кызматтарга берилген жолдомолор да документалдык түрдө тастыкталууга тийиш.

Окуучулардын, мугалимдердин жана билим берүү тармагынын башка кызматкерлеринин дене бой жана психосоциалдык коопсуздугу үчүн зомбулук жана башка коркутуулар көндүм болуп калган чөйрөлөрдө үйдөгү жана коомдогу коопсуздукту камсыздоого үй-бүлөлөрдүн, коомдоштуктардын көңүлүн буруу зарыл. Бул иш төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:
- Балдарды тарбиялоонун жакшы ыкмаларын, анын ичинде тартиптин мыкты тажрыйбасын жайылтуу максатында ата-энелер жана аксакалдар үчүн маалымат өнөктүгү;
- Полиция же коопсуздуктун башка күчтөрү менен байланыш, коргоо маселеси тууралуу коомдогу маалымдуулукту жогорулатуу;

- Окуучуларды мектепке келгенде жана мектептен кетип бара жатканда коштоп жүрүүнү уюштуруу сыяктуу маселелерди чечүү үчүн коомдоштуктар, тиешелүү бийлик органдары менен иш алып баруу;

(Ошондой эле «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 129-б. 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

4. **Гендерлик зомбулук** (139-б. Сөздүктөгү аныктамасын караңыз.), айрыкча жыныстык зомбулук адам укуктарын коргоодогу олуттуу, өмүргө коркунуч туудурган маселелерден болуп саналат. Бул эркектерге жана майда балдарга тийиштүү болушу мүмкүн, бирок гендерлик зомбулукка баарынан көп аялдар жана жаш кыздар кабылышат. Билим берүү программалары жыныстык жактан кыстоо жана эксплуатациялоо маселелерин иликтеп, көзөмөл жүргүзүүгө тийиш. Ата-энелер, окуучулар, мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери мектептен үйгө чейинки жолдо, ошондой эле окуу жайларына жакын жерлерде балдар менен жаштар үчүн тобокелдиктерди азайтуунун жолдору жөнүндө сүйлөшүп алууга тийиш. Алар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:
   - жыныстык жактан кыстоо, эксплуатациялоо жана зомбулуктун башка түрлөрү менен күрөшүүнүн так эрежелерин иштеп чыгып, элге маалымдоо;
   - бул эрежелерди мугалимдердин жана билим берүүдөгү башка кызматкерлердин жүрүм-туруму кодексине киргизүү. Алар кандай аракеттер туура эмес болуп саналарын түшүнүүгө тийиш.
   - окуучу кыздардын бейпилдиги жана корголушу үчүн окутуу чөйрөсүндө аялдардын санынын көбөйүшү. Эгер эркек жана аял мугалимдердин санында теңдештик жок болсо, коомдоштуктагы аялдар балдар үчүн өтө коопсуз чөйрөнүн камсыздалышы үчүн класста жардамчы катарында ыктыярдуу түрдө иштесе болот.

   Гендерлик зомбулук болгондо купуя жана коопсуз отчеттуулукту түзүү, даттануулардаы жана чара көрүү системаларын карап чыгуу зарыл. Буга улуттук бийлик же гендерлик зомбулуктун себептерин жакшы билген көз каранды эмес уюм жардам бериши мүмкүн. Жыныстык зомбулуктан жабыр тарткандарга жакшы координацияланган маалымдоо системасынын алкактарында тийиштүү медициналык, психологиялык жардамды жана соттук колдоону көрсөтүүгө болот (ошондой эле төмөндө 9-нускоочу көрсөтмөнү; «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» бөлүмүн, 2-стандартты, 118-б. 3-нускоочу көрсөтмөнү; «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 129-б. 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

5. Окуучулар менен мектептин (окуу жайынын) ортосундагы **эң чоң аралык** жергиликтүү жана улуттук стандарттарга ылайык аныкталууга тийиш. Коопсуздук, ишенимдүүлүк жана жеткиликтүүлүк маселелерин, мисалга алсак, аскер бөлүктөрүн жайгаштыруу, окуу жайдын аймагында жөө аскерлерге каршы миналардын жана жыш өскөн бадалдардын болушун эске алуу зарыл. Окуучулар, ата-энелер жана коомдоштуктун башка мүчөлөрү окуу объектилеринин жайгашуусу жана ыктымал коркунучтар маселелери боюнча кеп-кеңешке катышып турушу керек. Эгер мектепке чейинки аралык абдан алыс болсо, бул жеткиликтүүлүктү төмөндөтөт, андай учурда окуучулардын үйлөрүнө жакын жайгашкан көмөкчү («жандоочу» же «жардамчы») класстарды түзүү жөнүндө ойлонууга болот (ошондой эле жогорудагы 3, төмөндөгү 6-7-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

6. **Келүү жолдору:** Бардык окуучулардын коопсуз келишин камсыздоо максатында, мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери, коомдоштуктар, анын ичинде ар кандай курактагы майда балдар жана кыздар болжолдонгон коркунучтарды аныктап, аларды жоюу боюнча чаралар жөнүндө сүйлөшүп алышы керек. Мисалы, окуучулар сабактан кайтканда караңгы жолдор менен барууга туура келген райондордо коштоп жүрүүчү адамдарды бекитүү, же чагылдыргычтарды колдонуу, же чагылдыруучу тасманы кийимине жана сумкасына байлап коюу жолдору менен коопсуздукту жакшыртууга болот (ошондой эле жогорудагы 3 жана төмөндөгү 7-нускоочу көрсөтмөнү, «Коомдоштуктардын катышуусу» бөлүмүн, 1-стандартты, 32-36-б. 2-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү, «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 129-б. 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

7. **Билим берүү чөйрөсүндө коопсуздукту камсыздоо:** айрым жагдайларда, окуучуларга, мугалимдерге жана билим берүү кызматкерлерине окуу жайларына бараткан же келе жаткан жолдордо дене боюна жана психологиясына коркунуч туулушу мүмкүн. Мындай тобокелдиктерди азайтуу боюнча чаралар төмөнкүлөрдү камтыйт:
   - Окуу программасын коопсуздук, психологиялык жактан колдоо көрсөтүү жана адам укуктарынын маселелери боюнча агартуу, жаңжалдарды жөнгө салу, тынчтыкты бекемдөө жана эл аралык гуманитардык укук маселелери менен байытуу;
   - Согуш учурунда окуу жайларга жана аскерий эмес калкка (анын ичинде студенттерге жана мугалимдерге) кол салууга тыюу салган Женева Конвенцияларын жана Эл аралык жазык сотунун Рим статусун колдонуу мүмкүндүгү жөнүндө коомчулуктун маалымдуулугун арттыруу;

- Гуманитардык укуктун негизги принциптери жана аны билим берүүнү коргоого колдонуу маселелеринде куралчан топтор менен куралдуу күчтөрдүн, мамлекеттик жана аскердик сот системасынын дареметин арттыруу;
- Жайларды же дубалдарды бекемдөө жана күзөттү пайдалануу (акы төлөө же ыктыярдуулук негизинде);
- Мугалимдер үчүн окуу комплексинин чегиндеги турак-жайлар;
- Окуу объектилери көчүрүү жана коркунучка дуушар болгон студенттерди, мугалимдерди жана билим берүүнүн башка кызматкерлерин которуу;
- Үйдө жана жамаатта мектептерди ачуу.

Жагдайга жана коопсуздук маселелерине жараша коомдоштуктар, билим берүүнүн коомдук комитеттери мектепти коргоо жоопкерчилигин өздөрүнө алышы мүмкүн. Мисалы, алар коштоп жүрүүнү камсыздашы же мектептерде сабак берүү жана колдоо көрсөтүү үчүн диний лидерлерди же коомдоштуктардын ишенимдүү өкүлдөрүн тартышы мүмкүн. Жарандык чыр-чатактарда коомдоштук мүчөлөрү жаңжалдын эки тарабы менен тең сүйлөшүү жүргүзүүгө, мектептерди жана окуу объектилерин коопсуз жайга же «тынчтык зонасына» айландырган жүрүм-турум кодекстерин иштеп чыгууга көмөк көрсөтүшөт.

Мектептерге жана ооруканаларга кол салуу БУУнун Коопсуздук Кеңешинин резолюциясы 1612 (2005) тарабынан тыюу салынган алты оор эреже бузуунун бири болуп саналат. Эгер кол салуулар болуп калса, ал жөнүндө БУУнун жетекчилигинин астындагы «Байкоо жана отчеттуулук механизмине» билдирүү зарыл (ошондой эле «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 129-б. 1-нускоочу көрсөтмөнү жана «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 2-стандартты, 135-136-б. 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

8. **Психологиялык колдоо жана жайлуулук боюнча тренингдер:** мугалимдер жана билим берүү чөйрөсүнүн башка кызматкерлерин психологиялык жактан колдоо көрсөтүү маселелери боюнча төмөнкүдөй жолдор менен даярдап чыгаруу зарыл:
    - Түзүмдөлгөн окутуу;
    - Балдар үчүн жеңил болгон усулдарды пайдалануу;
    - Оюндар жана көңүл ачуулар;
    - Турмуштук көндүмдөрдөн сабак берүү;
    - Жолдомолор.

Мугалимдер менен билим берүү тармагынын башка кызматкерлеринин жайлуулугун камсыздоо зарыл. Бул формалдуу же бейформал билим берүүнү ийгиликтүү аяктоого жана окуучулардык жайлуулугуна өбөлгө түзөт (ошондой эле «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 1-стандартты, 99-100-б. 6-нускоочу көрсөтмөнү, 103-б. 2-жетекчилик көрсөтмөнү, ошондой эле «Мугалимдер менен билим берүү тармагынын башка кызматкерлери» бөлүмүн, 121-123-б. 3-стандартты караңыз).

9. **Классты мажбурлоосуз жетектөө:** Дакар алкактык негизине ылайык, билим берүү өз ара түшүнүшүүгө, тынчтыкка жана чыдамкайлыкка, жаңжалдар менен зомбулуктардын алдын алууга жардам көрсөтүүгө ылайыктуу ыкмалар менен берилүүгө тийиш. Бул максатка жетүү үчүн мугалимдер классты жакшы башкарууда колдоого муктаж. Бул окутуунун шарттары өз ара түшүнүшүүгө, тынчтыкка жана сабырдуулукка жетишүү мүмкүндүгүн жана жаңжалдар менен зомбулуктун алдын алуунун ыкмалары камсыз кылынарын билдирет. Туура, ишенимдүү тарбиялоо системасы жана туура көрсөтүлгөн кошумча көмөк мындай шарттарга өбөлгө түзөт. Алар коркутуунун жана ызалоонун, сөз менен кемсинтүүнүн, уруп жазалоонун ордуна колдонулушу керек. Коркутуу – психологиялык кысым, зомбулук, ырайымсыз мамиле жана басмырлоо. Бул пункттар мугалимдердин жүрүм-турум кодексине киргизилип, мугалимдерди даярдоо жана көзөмөл ишмердигинин жүрүшүндө ырааттуу түрдө эске алынып турууга тийиш (ошондой эле «Сабак берүү жана окутуу», 102-108-б. 2-3-стандарт «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» бөлүмүн, 2-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү, ошондой эле «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» бөлүмүн, 121-123-б. 3-стандартты караңыз).

10. **Коомдоштуктардын катышуусу:** Жамааттар окутуу чөйрөсүн коргоодо, колдоодо, түзүүдө алдыңкы ролду аткарууга тийиш. Калктын бардык аялуу топторунун өкүлдөрү программаларды иштеп чыгууга катышуусу керек. Бул коомдоштуктардын билим программаларына чогуу катышуусун жогорулатат (ошондой эле «Коомдоштуктун катышуусу», 31-37-б. 1-стандартын жана «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 74-б., 1-стандарт, 7-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

11. **Бөөдө кырсыктардын коркунучун азайтуу жана тобокелдиктерди тескөө:** окуучулар, мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери бөөдө кырсыктардын алдын алууга жана аны башкаруу ишине көмөктөшүүгө үйрөтүлүшү мүмкүн. Буга төмөнкүлөр камтылышы мүмкүн:

- Өзгөчө кырдаалдарга даярдык пландарын иштеп чыгуу жана пайдалануу;
- Кайталануучу жана күтүлгүчү бөөдө кырсыктар үчүн коркунуч белгилерин иликтеп үйрөнүү;
- Сейсмикалык коркунучтуу аймактарда мектептин эвакуациялоо пландары сыяктуу түзүмдүк жана түзүмдүк эмес коопсуздук чаралары.

Коомдоштуктар же мектептердеги коопсуздук комитеттери табигый кырсыктар менен күрөшүү пландарын же коопсуздукту камсыздоо пландарын иштеп чыгууда жана жүзөгө ашырууда колдоого муктаж болушу мүмкүн. Колдоо ишине коркунучтардын негизгилерин аныктоого жана баалоого, айлана чөйрөнү коргоонун стратегияларын киргизүүгө жана чара көрүүгө даярдыкты камсыздоо үчүн көндүмдөрдү, жол-жоболорду иштеп чыгуу үчүн көрсөтүлүүчү жардам түрлөрү камтылат.

Мектептин эвакуациялоо планын кошо алганда, өзгөчө кырдаалдарга даярдык пландары, бардыгына, анын ичинде сабатсыз деп эсептелген, дене бой, акыл-эс жана психикалык жактан кемчилдиги бар адамдар үчүн жеткиликтүү болгондой ыкмалар менен иштелип чыгышы жана таратылышы керек (ошондой эле 47-49-б. «Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү, 85-86-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 3-стандартты, 1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү; 105-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 2-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү; 130-132-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 2 жана 6-жетектөөчү көрсөтмөлөрдү караңыз).

## Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү, 3-стандарт: Окутуу жайлары жана кызматтар

Окутуу үчүн жайлар коопсуз кайтарылышы керек, окуучулардын, мугалимдердин жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин жайлуулугун, корголушун камсыз кылуу үчүн саламаттык сактоо сектору, тамактандыруу психосоциалдык жана коргоо кызматтары менен байланыш болууга тийиш.

**Негизги аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Билим берүү объектилери жана түзүмдөрү окуучулардын, мугалимдер жана билим берүү чөйрөсүнүн башка кызматкерлеринин бардыгы үчүн коопсуз жана жеткиликтүү (1-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз)
- Убактылуу жана туруктуу окутуу жайлары оңдолгон, илгерки стилде жабдылган же зарылдыгына жараша бөөдө кырсыктарга туруштук бере турган үлгүлөр менен алмаштырылат (2-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Окутуу жайлары көрүнүп тургандай коргоочу чектер жана даана белгилер менен көрсөтүлөт;
- Окутуу үчүн колдонулуучу табигый түзүмдөр кырдаалдарга туура келет да, класстар, жетекчилик, эс алуу жана канализация үчүн жетишерлик аймакты камтыйт (2 жана 4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Класстардын өлчөмдөрү жана орундарга отургузуу окуучуга ылайыкталуу менен окутуунун жигердүү усулдарына ыңгайлуу, мугалим жана окуучулар үчүн мейкиндик жетиштүү катышта каралат (4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Коомдоштук мүчөлөрү, анын ичинде жаштардын өкүлдөрү курулуштарга жана окутуу үчүн шарттарды кармап турууга катышат (1-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Ичүүгө жарактуу суунун жетиштүүлүгүн, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды, окуучулардын, мугалимдердин жынысын, курагын эске алуу менен курулган санитардык объектилер өздүк гигиена жана коргоо үчүн арналган (3 жана 5-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Окутуу чөйрөсүндө медициналык-санитарлык агартуу көндүмдөрүнө тийиштүү көңүл бурулат (6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Баланын өсүшүнө жана натыйжалуу билим алышына тоскоол болуучу ачка калуу, оору-сыркоо, коргоо маселелерин чеычүү үчүн мектепте саламаттык сактоо жана тамактандыруу кызматтары жетиштүү (7-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Мектептер жана окуу жайлары балдарды коргоо, саламаттыгын сактоо, тамактандыруу, социалдык жана психологиялык кызматтар менен байланышкан (8-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Өткөрүү орду:** окуу жайлары акыйкаттыкка жана окуучулардын, мугалимдердин, билим берүүдөгү башка кызматкерлердин дене бой коопсуздугун камсыздагыдай курулушу, кайра өзгөртүлүшү же көчүрүлүшү мүмкүн. Өзгөчө кырдаалдарга чейин болгон окуу жайларынын ордун кайтадан пайдаланууга болору жөнүндө маселени карап көрүү зарыл. Мурунку орундарында заттык түзүмдөрдү калыбына келтирүү коомдоштуктардын ичиндеги айрым топторго карата басмырлоонун уланышына же окуучулар бөөдө кырсык коркунучунун сакталышына себеп болушу мүмкүн. Жаңжал жана кырсык тобокелдигин кылдат баалоо өтө маанилүү. Мында улуттук бийлик органдарынын өкүлдөрү жана коомдоштук мүчөлөрүнүн кеңири чөйрөсү менен, өзгөчө калктардын аялуу топтору менен кеп-кеңеш өткөрүү керек болот. Алар билим берүү мекемелерин кайсы жерге куруу боюнча баалуу маалыматтарды бериши мүмкүн. Мектептер, билим берүү мекемелери окуучулардын үйлөрүнө жана башка кызматтарга жакын болушу үчүн башка секторлор менен кызматташтыкты камсыз кылуу (мисалы, лагерлерди, турак жайларды, саламаттык сактоону башкаруу жана координациялоо) зарыл (ошондой эле 45-51-б. «Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 1-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү, 82-83-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 2-стандартты, 11-нускоочу көрсөтмөнү; 131-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү; 41-44-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты караңыз).

2. **Түзүм, долбоорлоо жана курулуш:** убактылуу жана туруктуу билим берүү объектилерин долбоорлоодо жана курууда төмөнкү талаптарды эске алуу зарыл:
   - Коопсуз жайды тандоо: зыянга учураган мектеп имараттарынын түзүмдүк коопсуздугу тажрыйбалуу адистер тарабынан гана бааланууга тийиш, ал эми имарат муктаждыкка жана чыгымдарга жараша кайтадан жайгаштыруу, оңдоо, кайра жабдып чыгуу же алмаштыруу үчүн каралууга тийиш.
   - Инклюзивдүү жана сейсмикалык туруктуу долбоорлоо жана курулуш: убактылуу же туруктуу курулушта пландаштыруунун эл аралык кодексинин стандарттары жана мектептердин курулушу үчүн стандарттар колдонулат (же жергиликтүү стандарттар, эгер алар өтө жогорку деңгээлге ээ болсо). Мектеп имараттары жер титирөө, жер көчкү, бороон-чапкын, өрт сыяктуу белгилүү коркунучтарды эске алуу менен долбоорлонушу, курулушу жана каралып турушу керек. Курулушту өзгөртүүдө мектепке барган

окуучулар, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери бөөдө коркунучтарга дуушар болуп калбашы зарыл, долбоорлоо жана курулуш окутуунун, окуунун сапатын жакшыртуу максатында тийиштүү жарыктандыруу, жылуулук жана аба тазартуу системалары (зарылдыгына жараша) менен камсыздалууга тийиш.

- Курулушка жергиликтүү бийликтин жана калктын күчү менен жеткиликтүү бааларда колдоо көрсөтүлүшү мүмкүндүгү: түзүмдүн курулушу үчүн жергиликтүү деңгээлде кызматтарды, товарларды мүмкүнчүлүккө жараша сатып алуу зарыл. Курулуш экономикалык жактан натыйжалуу болушу жана анын заттык көрсөткүчтөрү (мисалы, чатыры жана полдору) көпкө чейин жарашы үчүн чараларды көрүү зарыл.
- Билим берүү программаларын башкаруу жана пландаштырууда коомдоштуктардын катышуусунда азыркы учурда жана узак мөөнөттүү келечекте пайдаланууга ылайык жеткиликтүү бюджетти түзүү керек.

Жайлар убактылуу, жарым жартылай туруктуу, туруктуу, имаратка улай салынган же көчмө болушу мүмкүн. Мектептерди кароо же куруу сыяктуу чогуу иш-аракеттерге өзгөчө кырдаалдардын натыйжасында ар кандай даражада жабыркаган топтордун мүчөлөрүнүн катышуусу жаңжалдардын кесепеттерин азайтууга көмөк көрсөтүшү мүмкүн (ошондой эле 82-83-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 2-стандартты, 11-нускоочу көрсөтмөнү; 131-б. «Билим берүү тармагындагы саясат жана иш-аракеттерди координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү; ӨКБМТнын нускамаларында ги ӨКБМТнын мектептердин коопсуз курулушу боюнча жетектөөчү көрсөтмөлөрүн: **www.ineesite.org** /, ошондой эле турак жайга орундаштыруу жана азык-түлүк эмес материалдарга карата «Чөйрө» стандарттарын караңыз).

3. **Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар:** окуу имараттарын куруу пландаштырылып жатканда дене бой кемчилдиги бар жана көрүүсү начар болгон адамдардын муктаждыктары кылдат талданууга тийиш. Кирүүчү жана чыгуучу эшиктер майыптар арабасын же башка жылып жүрүүгө жардам берүүчү башка каражаттарды колдонуучу адамдарды өтүшүнө ылайыкталууга тийиш. Класс бөлмөлөрү жана эмеректер, суу менен камсыздоо жана санитария мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын муктаждыктарын канааттандырышы керек. Окутуу жайларынын объектилерин, курулушун кантип өзгөртүү керектигин аныктоодо майып балдардын ата-энелери жана мүмкүнчүлүгү чектелген жаштар, ар кандай түрдөгү майыптардын өкүлү болгон уюмдар менен жергиликтүү жана улуттук деңгээлдерде кызматташуу сунушталат.

4. **Окутуу жайларынын долбоорлонушу жана каралып турушу:** окуу имараттарын долбоорлоодо бул окуу аянтын ким жана кантип пайдаланат деген суроолорду кылдат ойлонуштуруу зарыл. Аянт жынысы, курагы ар түрдүү болгон адамдардын муктаждыктарына жана бардык пайдалануучулардын мүмкүнчүлүгүнө, маданий көз карашына туура келиши керек. Жергиликтүү деңгээл үчүн ылайыктуу болгон стандарт эң чоң аянттагы класс үчүн аныкталышы керек. Мүмкүнчүлүккө жараша кабыл алынгандар көбөйгөн учурда, окуу кезметтерин акырындык менен кыскартуу максатында кошумча класс бөлмөлөрү үчүн аянт караштыруу зарыл. Кирүүчү жана чыгуучу эшиктер студенттердин, мугалимдердин жана билим берүүдөгү башка кызматкерлердин өзгөчө кырдаалдарда имараттан аман-эсен чыгып кетүүсүнө ыңгайлуу болушу зарыл.

   Имараттын түзүмү, анын ичинде санитардык бөлмөлөр, эмеректер, стол, стулдар, такталар такай каралып туруугa тийиш. Коомдоштук мүчөлөрү жана коомдоштуктардын билим берүү комитети окуу аянттарынын сакталышына салымдарын эмгек, убакыт жана материалдар түрүндө кошо алат (о. э. 121-б. «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» бөлүмүн, 3-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

5. **Санитардык-техникалык жайлар** окутуу жайынын чектеринде же жетүүгө жакын жайгаштырылууга тийиш. Бул максатка жетишүү суу менен жабдуу жана санитария сектору менен кызматташуунун мааниси зор. Санитарияга төмөнкүлөр камтылат:
   - контейнерлер жана агызууга арналган кудуктардан катуу калдыктарды кетирүүчү каражаттар;
   - шахта жана дренаждык арыктар сыяктуу дренаждык системалар;
   - өздүк гигиена үчүн, ошондой эле даараткaналарды тазалоо үчүн суунун жетишерлик көлөмдө келиши.

   Санитардык-техникалык жайлар мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жетүүгө мүмкүн болгондой жайгаштырылышы керек жана жеке өмүрүнө, кадыр баркына, коопсуздугуна кол тийбестиктин сакталышына мүмкүндүк берүүгө тийиш. Даараткананын эшиги ичинен бекитилүүгө тийиш. Жыныстык кыстоо жана ырайымсыз мамилеге жол бербеш үчүн эркек балдар/эркектер жана кыздар/аялдар үчүн бөлөк даараткaналар коопсуз жана оңой жетүүчү жерлерде жайгаштырылышы керек. «Чөйрөнүн» эрежелери боюнча ар 30 кызга бир даараткана жана 60 эркек балага бир даараткана болушу зарыл. Эгер даараткaналар окуу жайынын

аймагында эмес болсо, жакын жердеги объектилерди пайдалануу жана балдардын аларды пайдалануу мүмкүндүгүн иликтөөгө болот (о. э суу менен жабдуу, санитария жана гигиена проблемаларына арналган главада ассенизациялоо боюнча «Чөйрө» стандартын караңыз).

Окуучу кыздарга алар окуу процессине толугу менен катышуусу үчүн, маданияттуу көз карашка туура келгендей тиешелүү санитардык материалдарлы жана кийимдерди берүүгө болот.

6. **Гигиенаны жана таза сууну камсыздоо:** билим берүү жайларында таза суу булактары жана самын болушу керек. Бетти, колду жууп туруу сыяктуу гигиеналык ченемдердин сакталышы күн сайын жүзөгө ашырылышы керек. «Чөйрө» талаптарына ылайык күн сайын ар бир баланын ичиши жана колун жууп турушу үчүн 3 литр суу бөлүнүшү керек (о. э. «Чөйрөнүн» суу менен жабдуу, санитария жана гигиена проблемаларына арналган бабындагы суу менен жабдуу жөнүндө стандартты караңыз).

7. **Мектеп базасындагы тамактануу жана саламаттык сактоо кызматтары:** мектептеги саламаттык сактоо жана тамактануу программалары билим берүүнү саламаттык сактоо, тамактануу жана санитария чөйрөсүндөгү ресурстар менен байланыштырат. Алар окууга жана сергек жетилүү эрежелерин үгүттөп жайылтууга тоскоолдуктарды жоюуга багытталган. Программалар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:
    - Ачкачылык менен күрөшүү үчүн мектепте тамактандыруу;
    - Мите, жугуштуу ооруларды дарылоо үчүн дегельминтизациялоо;
    - Жугуштуу оорулардын (кызамык, диарея КИВ жана СПИД) алдын алуу программалары;
    - Микроэлементтерди берүү (А витамини, темир жана йод ж.у.с.).

    Программалар мектепте тамактандырууну уюштуруу боюнча Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын негизги принциптери сыяктуу таанылган жол-жоболорго таянышы керек. Саламаттык сактоо жана тамактандыруу сектору менен макулдукта иштешүү зарыл (о. э. «Чөйрөнүн» азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу маселелери боюнча стандартын караңыз).

8. **Кызматтардын жана жолдомолордун жеткиликтүүлүгү:** мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери окуучулардын дене бой, психологиялык жана эмоциялык саламаттыгын колдоо үчүн жергиликтүү кызматтарды көрсөтүүчү мекемелерге жолдомо ала алышат. Алар дене-бой жана психологиялык жактан катуу жабыркаган, өздөрүнүн үй-бүлөсүнөн бөлүнүп калган балдар сыяктуу коргоого муктаждардын маселелерин көрө билүүгө тийиш. Алар окуучулардын бейпилдигине карата туулган коркунучтар тууралуу башка секторлордогу тийиштүү өнөктөштөр менен маалымат алмашып турушу керек.

   Маалымат системасы натыйжалуу иштеши үчүн тышкы кызматтар менен расмий байланыш түзүү зарыл. Бул кызматтарга жыныстык жана гендерлик зомбулуктан жабыр тарткандар үчүн юридикалык жана психологиялык көмөк, кеп-кеңеш берүү, ошондой эле ырайымсыз, тоготпогон мамиле жасалышы ыктымал болгон жагдайлардын алдын алуучу социалдык кызматтар кирет. Мурун куралдуу күчтөр жана куралчан топтор менен байланышкан балдар үй-бүлөсүнө кайтып барууда жардамга муктаж болушу мүмкүн (ошондой эле 77-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 2-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнү; 99-100-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 1-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү; 103-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 2-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

**T Ушул стандартты жүзөгө ашырууда Сизге кереги тийиши мүмкүн болгон маалыматтар «ӨКБМТнын» нускамаларында жайгашкан: www.ineesite.org/toolkit**

ӨКБМТ Нускамасы
- ↳ ӨКБМТ минималдуу стандарттары
  - ↳ Жүзөгө ашыруу ыкмалары
    - ↳ Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү

# 3 САБАК БЕРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ

**Негиз болуучу стандарттар:
Коомдоштуктун катышуусу, Координациялоо, Талдоо**

**Сабак өтүү жана окутуу**

**1-стандарт:
Окуу планы**

Мектепте жана мектептен тышкары билим берүү жагдайларды, окуучулардын муктаждыктарын эске алуу менен маданий, социалдык жана тилдик бөтөнчөлүктөргө ылайыкталган окуу планы боюнча жүргүзүлөт.

**2-стандарт:
Кадрларды даярдоо, кесиптик өнүктүрүү жана колдоо**

Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери кырдаалды жана муктаждыктарды эске алуу менен даярдыктан такай өтүп турушат.

**3-стандарт:
Сабак өтүү жана үйрөнүү процесстери**

Сабак өтүү жана үйрөнүү процесстери окуучуларга ылайыкташтырылып, жигердүү окууга жана кошуп окутууга (инклюзияга) туура келтирилет.

**4-стандарт:
Окутуу натыйжаларын баалоо**

Тийиштүү усулдар окуу натыйжаларын жана жыйынтыктарын тастыктоо үчүн колдонулат.

Билим берүү программалары сапаттуу сабак берүүгө жана окутууга ылайыкталганда гана билим жеткиликтүү болушу мүмкүн. Өзгөчө кырдаалдар окуу программалары менен билим берүүнүн заманбаптыгын, окуучуларды колдой жана коргой турганын эске алуу менен окуу программаларын, окутуучуларды даярдоону, кесиптик чеберчилигин жогорулатууну жана колдоону, сабак берүүнү жана окутуунун жыйынтыктарын баалоону жакшыртууга түрткү бериши мүмкүн. Сунушталган окуу планынын тиби жана окутуунун артыкчылыктуу багыттарын тандоо боюнча маанилүү чечим кабыл алуу зарылдыгы туулушу мүмкүн. Учурдагы жана болочоктогу тобокелчиликтерди, коркунучтарды жана кооптуулуктарды болтурбоо же колдон келишинче азайтуу – башкы милдет. Адам укуктары чөйрөсүндө билимдерге, тынчтык жана демократиялык жарандыкты жактаган билим берүүгө өзгөчө көңүл буруу керек.

Жаш эркектерге жана аялдарга чакан бизнести өнүктүрүү, каржылык сабат, кесиптик-техникалык билим жана кесиптик даярдык сыяктуу тиричилик, жумуш менен камсыздоо үчүн мааниси зор билимди сунуштоо керек. Айрыкча бул мектепти расмий түрдө бүтүрбөй калган, жардамга муктаж, аялуу катмарга тийиштүү. Эмгек базарын талдоо, экономикалык сектор жана эрте калыбына келтирүү сектору менен кызматташуу программалардын алгылыктуулугун арттырууга жана пайдалуу экономикалык көндүмдөрдү өздөштүрүүгө шарт түзөт.

Күтүүсүз апааттын же кризистин тикелей же кыйыр кесепетине байланыштуу окубай же кесиптик чеберчилигин жогорулата албай калган мугалимдер жана билим берүү кызматкерлери өзгөчө кырдаалдардагы кадр жетишсиздигин жоюу үчүн окуучуларга билим берүүнүн натыйжалуу көндүмдөрүнө үйрөтүлүшү керек. Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери кырсыкты башынан өткөргөн балдарга колдоо көрсөтүү боюнча атайын тренингдерге катышуусу керек.

Өзгөчө кырдаалдарда калыбына келтирүү мезгилине чейин бийликтин улуттук органдары, окуу жайлары жана жумуш берүүчүлөр окуу пландарын жана берилген сертификаттарды таанышы керек. Коомдоштуктар билим баалуулугун жана улуттук бийлик бул баалуулукту таанырын билгиси келет. Өз убагында жана туура экспертизалоо, окуу процессин баалоо төмөнкүлөргө шарт түзөт:

- Ага ишеним көрсөтүүгө;
- Окутуунун усулдары тууралуу маалымдоого;

- Программанын жана окуучулардын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого;
- Жетишилген ийгиликтер жана канааттандырыла элек муктаждыктар тууралуу билим берүү кызматкерлерине, коомчулуктун өкүлдөрүнө жана окуучуларга маалымдоо.

## Сабак өтүү жана окутуу, 1-стандарт: Окуу планы

Мектепте жана мектептен тышкары билим берүү жагдайларды, окуучулардын муктаждыктарын эске алуу менен маданий, социалдык жана тилдик бөтөнчөлүктөргө ылайыкталган окуу планы боюнча жүргүзүлөт.

**Негизги иш-аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Билим берүү органдары бардык тийиштүү таламдаш тараптардын катышуусу менен расмий окуу программаларын кайра карап чыгууга, иштеп чыгууга же ыңгайлаштырууга жетекчилик кылышат (1-3-нускоочу көрсөтмөлөрдүн караңыз).
- Окуучулардын жаш курагына, өнүгүү деңгээлине, тилине, маданиятына, мүмкүнчүлүктөрүнө жана муктаждыктарына ылайык келген окуу программалары, окуу китептери жана кошумча материалдар (1-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Качкындарды жана ички жер которгондорду окутуу үчүн расмий окуу программалары жана экзамендер алар чыккан өлкөсү жана кабыл алуучу өлкө тарабынан да таанылат (3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Формалдуу жана бейформал программалар кырсыктардын коркунучун азайтуу, экологиялык билим берүү жана конфликтилерди болтурбоо жолдорун үйрөтөт (3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз)
- Окуу программалары, окуу китептери жана кошумча материалдар базалык билим берүүнүн негизги чөйрөлөрүн, сабаттуулукту, эсепти, эрте окутууну жана турмуштук көндүмдөрдү, саламаттык сактоону жана гигиенаны кошо камтыйт (4-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Окуу пландары психологиялык жайлуулукту жана окуучулардын корголушун камсыздоого тийиш (6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Окуу процессинин мазмуну, материалдары жана сабак өтүү окуучулардын тилинде (тилдеринде) берилет (7-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Окуу программалары, окуу китептери жана кошумча материалдар гендерлик жагдайды, бардык окуучулардын ар кылкалыгын таануу, ыдык көрсөтүүнү болтурбоо жана урматтоону камсыздоо зарылдыгын эске алуу менен иштелип чыккан (8-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Жергиликтүү деңгээлде сатып алынган окуу материалдары өз убагында жана жетишээрлик көлөмдө берилет (9-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Окуу планы** окуучуларга өз билимдерин жана көндүмдөрүн жакшыртуусуна жардам берүүчү иш-аракет планы болуп саналат. Бул формалдуу жана бейформал билим берүүгө да тийиштүү жана бардык окуучулардын муктаждыктарын эске алуу менен түзөтүлөт. Буга окутуунун максаты, окутуунун мазмуну, баалоо, сабак өтүүнүн усулдары жана материалдары камтылат:
   - «Окутуу максаттары» окуучулардын таанып-билүүчүлүк, социалдык, эмоциялык жана дене бой өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү боюнча билим берүүчүлүк чаралары аркылуу алардын билимдерин, мамилесин жана көндүмдөрүн аныктоого багытталат.
   - «Окутуунун мазмуну» сабаттуулукту, эсепти жана турмуштук көндүмдөрдү жайылтуу сыяктуу тематикалык чөйрөлөрдү билдирет;
   - «Экспертиза» окутуунун мазмунуна билим, мамиле жана көндүм түрүндө камтылып үйрөнүлгөндөрдү өлчөөгө багытталат;
   - «Окутуу усулдары» - окутуунун мазмунун берүү үчүн тандалып алынган, окуучулардын алган билимдерин жана көндүмдөрүн өнүктүрүүчү ыкмалар;
   - «Окуу материалдары» китептерди, карталарды, графиктерди, кошумча окуу материалдарын, мугалимдер үчүн усулдук колдонмолорду, жабдууларды, оюнчуктарды жана башка окуу-усулдук материалдарын билдирет.

2. **Жагдайга, жаш курагына жана өнүгүү деңгээлине ылайык келүүчү окуу пландары.** Окуу программалары окуучулардын жаш курагына ылайык келип, окуучулардын өнүгүүсүнө, анын ичинде сезип-туюучулук, акыл-эс, таанып-билүүчүлүк, психосоциалдык жана дене бою жагынан өнүгүшүнө шайкеш келиши керек. Жаш курагы жана өнүгүү деңгээли өзгөчө кырдаалдын мезгилинен тартып калыбына келүү мезгилине чейинки аралыкта формалдуу жана бейформал билим берүүнүн кеңири чектеринде айырмаланышы мүмкүн. Бул окуу пландарын жана усулдарын ыңгайлаштырууну талап кылат. Мугалимдерге алар иштеше турган окуучулардын муктаждыктарын жана деңгээлдерин эсепке алуу менен сабак өтүүнү ыңгайлаштыруу жагынан колдоо көрсөтүү керек (ошондой эле «Сабак берүү жана окутуу» деген бөлүктү караңыз, 2-стандартты, 102-105-б.).

3. **Окуу пландарын кайра караштырып, иштеп чыгуу** узак татаал процесс болуп саналат, ал тийиштүү билим берүү башкармалыгы тарабынан таанылышы керек. Эгер формалдуу

билим берүүнүн программалары өзгөчө кырдаалдар мезгилинде же кийин калыбына келтирилсе, анда улуттук башталгыч же орто мектептердин таанылган окуу пландары колдонулушу керек. Алар жок жерлерде окуу пландары тезинен иштелип чыгышы же ыңгайлаштырылышы керек. Качкындар менен иштешүүгө келсек, бул кабыл алуучу өлкөнүн же алар чыккан өлкөнүн окуу программаларынын негизинде жасалат. Башка учурларда өзгөчө жоболору салыштырып ыңгайлаштырылган окуу программаларын колдонууга болот.

Качкындарга байланышкан кырдаалда ыктыярдуу түрдө кайра көчүү мүмкүнчүлүгүн алуу менен окуу программаларын чыккан өлкөсүндө да, кабыл алуучу өлкөдө да алгылыктуу болгондой түзүү керек. Бул аймактык жана ведомстволор аралык координациялоодо кыйла күч-аракеттерди талап кылат, анткени мисалы, тилди билишин жана сертификат берүү үчүн экзамендердин жыйынтыктарын таанууну эске алуу зарыл. Бул чечимдер качкындар укуктарына, кабыл алуучу өлкөнүн позициясына жана эл аралык укукка ылайык кабыл алынышы керек (ошондой эле «Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат» бөлүгүн, 1-7-стандартты караңыз, 129-133-б. нускоочу көрсөтмөлөр).

Өзгөчө кырдаалда калыбына келтирүү мезгилине чейин формалдуу жана бейформал билим берүүнүн окуу программалары өзгөчө кырдаалдар үчүн мүнөздүү болгон билимдер жана көндүмдөр менен байытылышы керек (жетектөөчү 5-көрсөтмөнү төмөндөн караңыз). Атайын программалар төмөнкүдөй белгилүү топтор үчүн зарыл болушу мүмкүн:

- жашоого керектүү каражатка муктаж болгон балдар жана жаштар;
- мурда куралдуу күчтөр жана куралчан топтор менен байланышы болгондор;
- өз деңгээлинен жашы өтүп кеткен же көпкө чейин сабакка катышпай жүрүп, эми кайрадан окуп баштаган окуучулар;
- жашы улуу окуучулар.

Окуу программаларын жана окуу китептерин иштеп чыгуу жана баалоо, окуу программаларына маал-маалы менен серепсалып туруу билим берүү жаатындагы тийиштүү органдын жетекчилиги астында жүзөгө ашырылышы керек. Окуучулар, окутуучулар, мугалимдердин кесиптик кошуундары жана жабыр тарткан жамааттар бул ишке жигердүү катышууга тийиш. Окуу китептерин кайра карап чыгуу боюнча кеңештер ар кайсы этникалык топтордун жана калктын башка аялуу катмарынын өкүлдөрүн

кошо алганда сенек көз караштын терс таасиринен бошонууга, ар кайсы коомдоштуктардын ортосунда тынчтыктын орношуна өбөлгө түзүүгө тийиш. Алар окуу китептериндеги жек көрүүчүлүктү таратуучу маалыматтарын алып салууда кылдат иштеп, абалды курчутуп алуудан сактанышы керек.

4. **Негизги компетенциялар** окутуунун мазмунун жана мугалимдерди даярдоочу материалдарды иштеп чыгуу же ыңгайлаштыруу башталганга чейин аныкталышы керек. Базалык билим берүүнүн «Негизги компетенциялары» төмөнкүлөрдү камтыйт:
   - Иш билгилик (функционалдык) сабат жана эсептөөнү билүү;
   - Окуучуларга өз коомдоштугунун мүчөсү катары татыктуу жашоо жана жигердүү катышууга жетишүү үчүн зарыл болгон негизги билимдер, турмуштук көндүмдөр, мамилелер жана тажрыйба.

   Орчундуу компетенциялар практикалык колдонуу жолу менен өнүктүрүлүшү керек. Эртеп жетилүү мүмкүнчүлүгүнөн бөбөктөр куру калбоого тийиш. Кенже бала чакта калыптандырылган жөндөмдөр, негизги иш билгиликтер өнүктүрүлүшү керек.

5. **Окутуунун мазмунундагы турмуштук көндүмдөр жана негизги түшүнүктөр** окуучулардын жаш курагына, окутуу стилинин айырмачылыгына, тажрыйбасына жана курчап турган чөйрөсүнө ылайык келиши керек. Алар окуучулардын өз алдынча, жигердүү жашоо жөндөмүн өнүктүрүүгө шарт түзөт:
   - Саламаттык сактоо жана гигиена маселелерин, анын ичинде жыныстык жана тукум улоо ден соолугу, КИВ/СПИД маселелерин чечүү;
   - Балдарды коргоо жана психосоциалдык колдоо;
   - Адам укуктары, жарандык, тынчтыкты бекемдөө жана эл аралык гуманитардык укук боюнча окутуу;
   - Кырсык коркунучун азайтуу жана өмүрдү сактап калуу, жер үстүндөгү миналар жана жардырылбаган ок-дарылар жөнүндө маалыматтарды берүү;
   - Маданият, эс алуу, спорт жана искусство, музыка, бий, театр, көркөм сүрөт өнөрү боюнча таалим берүү;
   - Турмуштук көндүмдөр жана кесиптик-техникалык көндүмдөр;
   - Түпкүлүктүү жана жергиликтүү экологиялык билимдер;
   - Кыздар жана балдар туш болуучу конкреттүү тобокелчиликтер жана коркунучтар менен байланышкан көндүмдөрдү коргоо.

   Окутуу мазмуну окуучуларды турмушка даярдайт. Кесиптик-

техникалык программалардын мазмуну жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн түзүү үчүн шакирт болуу сыяктуу практикалык сабактарды камтыйт (ошондой эле SEEP түйүнүнүн «Кризистен кийин экономикалык жогорулоону камсыздоо боюнча минималдык стандарттар», «Жумуш орундарын түзүү стандарттары» жана «Ишкердикти өнүктүрүү» стандартын караңыз).

Жаңжалды баштан кечирген коомдоштуктарда чыр-чатактарды жөнгө салуу боюнча билимдер, тынчтыкты жактаган маанайда тарбиялоо ар кайсы топтордун ортосунда өз ара түшүнүүчүлүктү чыңдоого өбөлгө түзөт. Алар элдештирүү жана тынчтыкты бекемдөө максатында баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүшү мүмкүн. Билим берүүдө тынчтыкты жактаган демилгелерди жүзөгө ашырууга өтө дыкаттык менен мамиле жасоо керек. Коомдоштуктар талаштуу жана кылдат маселелерди чечүүгө даяр болушу абзел (ошондой эле «Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат» 1-стандартты, нускоочу көрсөтмөлөрдү 1, 129-б. караңыз).

6. **Окуучулардын,** мугалимдердин жана билим берүүнүн башка кызматкерлерин **социалдык-психологиялык муктаждыктары, укуктары жана жетилүүсү** өзгөчө кырдаалдын бардык баскычтарында калыбына келтирүүгө чейин эске алынышы керек. Педагогикалык кадрлар окуучулардын чүнчүгөндүгүнүн белгилерин таанып билүүгө муктаж болушат. Алар стрессти жоюу үчүн чара көрүүгө тийиш болгондуктан, кошумча колдоо көрсөтүү максатында врачтарга жолдомо берүү сыяктуу ыкмаларды да колдонушу керек. Балдар үчүн мектепте да, класстан тышкары да социалдык-психологиялык колдоону камсыздоо боюнча мугалимдерге, билим берүү чөйрөсүндөгү башка кызматкерлерге жана коомдоштук мүчөлөрүнө так көрсөтмөлөрдү берүү зарыл. Катуу жапа чеккен окуучулар көңүлүн тынчытуу, топтоо үчүн кыскартылган сабактарда жакшы тартипке салуу усулдарын колдонуу менен алдын ала болжонуучу түзүм алкагында окутууга муктаж болушат. Бардык окуучулар эс алууда жана окууда бирдиктүү аракеттерге тартылышы мүмкүн. Сабак өтүүнүн тийиштүү усулдары жана мазмуну окуучулардын өздөрүнө ишенимин арттыруга жана келечекке үмүтүн артууга мүмкүнчүлүк берет (ошондой эле «Жеткиликтүүлүк жана окутуу» бөлүгүн, 2-стандартты, 8-9-нускоочу көрсөтмөлөрдү 81-82-б. жана «Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат жана аракеттерди координациялоо» бөлүгүнөн 1-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөлөрдү 129-б. караңыз).

Жабырланган калктын ичинен тандалуучу мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери да окуучулар сыяктуу эле оор жапа чегип калган болушу ыктымал. Бул маселени кесиптик даярдоо, мониторинг жана колдоо алкактарында чечүүгө болот. Мугалимдерден өздөрүнүн психологиялык бейпилдиги же окуучулардын бейпилдиги үчүн зыяндуу болушу мүмкүн деген милдеттенмелерди албашы керек (ошондой эле караңыз: 3, 6-стандарттарды - «Мугалимдер жана билим берүү кызматкерлери», нускоочу көрсөтмөлөрдү 122-б. жана «Чөйрөнүн» медициналык-санитардык аракеттер жөнүндөгү баптагы «Психикалык саламаттык жана психосоциалдык бейпилдик» стандартын караңыз).

7. **Окутуу тили** көп тилдүү өлкөлөрдө жана коомдоштуктарда талаштуу болушу мүмкүн. Жиктешүүнү колдон келишинче жоюу үчүн тил (тилдер) жөнүндө чечимди коомдоштуктун мүчөлөрүнүн, билим берүү органдарынын жана тиешелүү таламдаш тараптардын катышуусу менен консенсустун негизинде кабыл алуу керек. Мугалимдер окуучуларды түшүнүүсү үчүн жана ата-энелер, коомдоштуктун кеңири катмары менен пикир алышуу үчүн тилди (тилдерди) үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Дүлөй жана сокур студенттерди окутууда толук катышууну камсыз кылуучу тилдерди жана усулдарды колдонуу керек. Кошумча сабактар жана иш-чаралар, өзгөчө кенже курактагы балдарды алар жакшы билген тилде (тилдерде) окутуу керек.

   Качкындар боюнча алганда кабыл алуучу өлкө качкындар үчүн мектептер тарабынан өздөрүнүн стандарттарын, анын ичинде окутуунун тилин жана окуу программаларынын сакталышын талап кылышы мүмкүн. Келгин окуучулардын тилин мугалим билгени жакшы. Алардын келечекте билимин улантышы үчүн кабыл алган өлкөдөгү же чыккан өлкөсүндөгү өзгөчө кырдаалдан кийинки мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоону да эске алуу зарыл. Узакка созулган жер которуунун шартында окуучулар кабыл алуучу коомдоштуктун же өлкөнүн тилин үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Бул аларга кабыл алуучу коомдо жашап, билим алууну улантышына жана дареметин ачууга шарт түзөт (ошондой эле «Билим берүү тармагындагы саясат» бөлүгүн 1,7-стандарттарды, 133-б. нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

8. Ар кылкалуулук маселелери өзгөчө кырдаалдын бардык баскычтарында жана калыбына келтирүүгө чейинки убакта билим берүү ишмердигин пландап, жүзөгө ашырууда эске алынышы керек. Бул окуучуларды, мугалимдерди жана билим берүүдөгү теги ар кандай башка кызматкерлерди жана аяр топторду камтып, сабырдуулукту

жана урмат-сыйды камсыздоо зарыл дегенди билдирет. Ар түрдүүлүктүн төмөнкүдөй кырлары камтылышы мүмкүн:

- Гендер;
- Психикалык жана дене бой өксүктөрү;
- Окууга жөндөмдүүлүк;
- Калктын кирешеси ар кандай болгон катмарларынын чыккан окуучулар;
- Ар кайсы курактагы балдарды окутуу;
- Маданият жана жарандык;
- Этникалык теги жана дини.

Окуу программалары, окуу материалдары жана сабак өтүү методикалары жан тартуучулукка жол бербей, адилеттикти чыңдашы керек. Программалар толеранттуулук маселелерин талкуулоо менен эле чектелбестен, көз караштарды жана жүрүм турумдарды өзгөртүүгө өбөлгө түзүшү зарыл. Бул башка адамдардын укуктарын таанып, урматтоого алып келиши мүмкүн. Адам укуктарын формалдуу жана бейформал билим берүүнүн алкактарында окутуп, курактык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар түрдүүлүктү колдоо керек. Мазмунду адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык укук ченемдерине жана гуманитардык укук ченемдерине, ошондой эле турмуштук көндүмдөргө байланыштырууга болот. Эгер окуу китептерин жана башка материалдарды кайра караштырууга туура келсе, анда мугалимдер колдо болгон материалдарды жана окутуу усулдарын өзгөртүүдө жардамга муктаж болушу мүмкүн (ошондой эле караңыз: «Сабак өтүү жана үйрөтүү» бөлүгүн, 2-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөлөрдү 103-б. жана «Билим берүү тармагындагы саясат жана аракеттерди координациялоо» бөлүгү, 1-стандартты, 7-нускоочу көрсөтмөлөрдү 133-б.).

**9.** Өзгөчө кырдаалдын башталышында **жергиликтүү деңгээлде** окуучулар үчүн **жеткиликтүү кандай окуу материалдары бар экендигин** билүү зарыл. Качкындар жана жер которогондор үчүн буга алардын өз өлкөсүнөн же чыккан районунан алынган материалдар кирет. Материалдар зарыл болгон шарттарда ыңгайлаштырылып, бардыгына жетээрлик санда иштелип чыгып берилиши керек. Бул мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга да жеткиликтүү формадагы материалдарды камтыйт. Билим берүүнүн тийиштүү органдары материалдардын сакталышын көзөмөлдөөгө, бөлүштүрүүгө жана пайдаланууда колдоо алышы керек (ошондой эле караңыз: «Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери» бөлүгүн, 3-стандартты, 1-жетектөөчү колдонмолор 121-б.).

## Окутуу жана үйрөтүү, 2-стандарт: Кадрларды даярдоо, кесиптик өнүктүрүү жана колдоо

Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери кырдаалды жана муктаждыктарды эске алуу менен даярдыктан такай өтүп турушат.

**Негизги аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Даярдыктан өтүү мүмкүнчүлүгү муктаждыгына жараша аял да, эркек да мугалимдерге жана билим берүүдөгү башка кызматкерлерге берилет (нускоочу көрсөтмөлөрдүн 1-2-караңыз).
- Даярдоо жагдайга ылайык келет, окутуунун максаттарын жана мазмунун чагылдырат (1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Даярдоо билим берүүнүн тийиштүү органдары тарабынан таанылат жана бекитилет (3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Квалификациялуу машыктыруучулар кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарын, колдоо көрсөтүүнү, жетекчиликти, көзөмөлдү жана класс жетекчиликти толуктоочу окууну өткөрүшөт (3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Даярдоонун жана туруктуу колдоонун алкагында мугалимдер окутуунун интерактивдүү усулдарын жана окуу куралдарын колдонуу менен алып баруучулук жөндөмүн өнүктүрүшөт (3-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Даярдоого формалдуу жана бейформал окуу программаларынын билимдерин жана көндүмдөрүн, анын ичинде коркунучтар, бөөдө кырсык тобокелчилигин төмөндөтүү жана чыр-чатактардын алдын алуу боюнча маалымдуулукту өзүнө камтыйт (6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **«Мугалим»** деген термин формалдуу жана бейформал билим берүү программаларында окутуучуларга, координаторлорго жана аниматорлорго карата колдонулат. Мугалимдер ар түрдүү тажрыйбага жана кесиптик даярдыкка ээ болушу мүмкүн. Алар жогорку класстын окуучулары же коомдоштуктун улуу мүчөлөрү болушу мүмкүн (ошондой эле «Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери» бөлүгүн, 1-3-стандарттарды 115-123-б. караңыз).

2. **Формалдуу окуу программаларын жана мазмунду иштеп чыгуу** билим берүү органдарынын милдети болуп саналат. Окуу пландары жана мазмуну окуучулардын муктаждыктарын жана укуктарын чагылдырышы, бюджеттин алкагында жана убакыттын чегинде кызматкерлерди даярдоого болгон конкреттүү зарылдыкты чагылдырышы керек.

   Даярдоонун мазмундук бөлүгү төмөнкүлөрду камтышы мүмкүн:
   - Сабаттуулук, эсепти билүү жана жагдайга жооп берүүчү, анын ичинде саламаттык сактоо маселелерин кошкондо турмуштук көндүмдөргө ээ болуу сыяктуу негизги билимдерди;
   - Педагогика жана окутуунун методикасы, анын ичинде сабакты жана класстык ишти башкаруунун алгылыктуу усулдары, жигердүү окутуу жана инклюзивдик билим берүү;
   - Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери үчүн жүрүм-турум кодекстери, анын ичинде окуучуларга карата жыныстык зомбулукту айыптоо, отчеттуулуктун жана багыттоонун тийиштүү ыкмалары;
   - Кырсык кооптуулугун азайтуу жана чыр-чатактарды болтурбоо принциптери;
   - Окуучуларды да, мугалимдерди да психосоциалдык өнүгүү жагынан колдогон жергиликтүү кызматтардын жана багыттар тутумунун болушу;
   - Адам укуктарынын жана гуманитардык укуктардын принциптери жана келечеги, алардын маңызын, максаттарын түшүнүү, окуучулардын, мугалимдердин, коомдоштуктардын, билим берүү органдарынын муктаждыктары жана милдеттери менен тикелей жана кыйыр байланыштарын түшүнүү;
   - Жагдайга ылайык келүүчү башка мазмун.

   Окутуучу демилгелерге ар түрдүүлүк жана дискриминация маселелерин чечүү камтылышы керек. Мисалы, окутуу стратегиясынын гендерлик өңүтүнө ылайык эркек жана аял мугалимдердин болушун, класста гендерлик теңчиликти түшүнүүнү, кабыл алууну колдоо керек. Билим берүүчү кызматкерлерди жана коомдоштуктун мүчөлөрүн аялдардан даярдоо класста жана кеңири коомчулукта оң жагына өзгөрүүлөрдү шартташы мүмкүн (ошондой эле караңыз: «Окутуу жана үйрөтүү» бөлүгүн, 1-стандартты, 96-101-б.; «Жеткиликтүүлүк жана окутуу» 2-стандартты, 2-3-жана 8-нускоочу көрсөтмөлөр, 77-82-б.; «Жеткиликтүүлүк жана окутуу» бөлүгү, 3-стандартты, нускоочу көрсөтмөлөр, 8, 89-б., ошондой эле «Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери» бөлүгү, 3-стандарт, 121-123-б).

3. **Колдоо жана даярдоо процессин координациялоо:** билим берүү органдары мугалимдерди даярдоодо жетектөөчү ролду ойноого, мүмкүнчүлүккө жараша расмий жана бейформал иш чараларды пландап жүзөгө ашырууга тийиш. Эгер билим берүү органдары бул процессти жетектей албаса, жетекчиликти жана координациялоону ведомстволор аралык координациялоо комитети жүргүзөт. Окуу пландары өзүнө өндүрүштөн ажыратпай окутууну камтып, зарыл учурларда педагогикалык окуу жайларынын жана окуу жай объектилеринин ишмердигин активдештириши керек. Бул уюмдар билим берүү секторун туруктуу калыбына келтирүүдө турмуштук мааниси зор роль ойношот (ошондой эле караңыз: «Координациялоо», бөлүгүн, 1-стандарт, 1-нускоочу көрсөтмөлөр, 41-42 б., «Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери» бөлүгү, 3-стандарт, 3-4-нускоочу көрсөтмөлөр, 122-б.).

   Билим берүүнүн улуттук органдары жана башка таламдаш тараптар окутуучулардын кесиптик чеберчилигин жогорулатууга багытталган программалар жөнүндө, өзгөчө кырдаалдарга карата чара көрө баштоодо аларды таануунун механизми жөнүндө диалогду баштоосу керек. Кесиптик чеберчилигин жогорулатуу мүмкүн болушунча мугалимди аттестациялоого коюлуучу улуттук талаптарды аткарууга багытталышы керек. Ошондой эле өзгөчө кырдаалдарга тиешеси бар кошумча элементтер, мисалы, психологиялык муктаждыктарга туура келүүчү элементтер камтылышы керек. Качкындарга билим берүү системасы жергиликтүү билим системасынан ажыратылган жерде, окутуучу-качкындардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу чыккан өлкөсүндөгү же баш паанек берген өлкөдөгү кесиптик чеберчиликти жогорулатуунун жетишкендиктерине таянуу менен жүргүзүлөт.

   Мугалимдерди тийиштүү даярдоону пландап жүзөгө ашыруучу жергиликтүү нускоочуларды аныктоо керек. Окуучулар менен иштөөдө жана даярдоо ишинде дареметти арттыруу керек болушу ыктымал. Аялдар менен эркекетердин катышындагы теңдештикти сактоо керек. Нускоочулардын саны чектелген шартта же алардын тийиштүү даярдыгы жок болгон учурда иштеп жаткан мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана болочок мугалимдерди даярдоо боюнча мекемени чыңдоого туура келиши мүмкүн. Бул улуттук жана аймактык мекемелердин БУУнун агенттиги жана БӨУлар сыяктуу тышкы мекемелердин макулдашылган аракеттери болушу мүмкүн. Буга төмөнкүлөр камтылышы мүмкүн:

- Мугалимдерди даярдоонун окуу программаларына жана окуу китептерине сереп салуу;
- Жаңы маалыматтарды жана өзгөчө кырдаалдар учурунда иштөө бөтөнчөлүгүн эске алуу менен мазмунду жаңылоо;
- окутуу тажрыйбасын байытуу (мисалы, окутуучулардын жардамчылары жана үйрөнчүктөр катары).

4. **Даярдыкты таануу жана аккредитация:** Билим берүү органдары тарабынан бекитүү жана аккредитациялоо өзгөчө кырдаалдардын учурунда калыбына келтирүүгө чейин мугалимдерди даярдоо сапатын камсыздоо үчүн жана даярдыгын таануу чечүүчү мааниге ээ болот. Качкын мугалимдер үчүн кабыл алуучу өлкөдөгү же качкындар чыккан өлкөнүн, облустук билим берүү органдары даярдоо окуучулардын жана мугалимдердин муктаждыктарына ылайык келер-келбесин аныкташы керек (ошондой эле караңыз: «Билим берүү тармагындагы саясат жана аракеттерди координациялоо» бөлүгүн, 1,7-стандарттарды, нускоочу көрсөтмөлөрдү 133-бб.).

5. **Окутуу жана окуу материалдары:** Мугалимдер окуу программасынын негизинде конкреттүү окуу куралдарына болгон муктаждыктарды аныктоо маселелери боюнча даярдыктан өтүшү керек. Алар натыйжалуу жана тиешелүү окуу куралдарын жеринде колдонуу менен иштеп чыгууга үйрөнүүсү керек (ошондой эле караңыз: «Окутуу жана үйрөтүү» бөлүмүн, 1,9-стандартты, нускоочу көрсөтмөлөрдү 101-б. жана «Мугалимдер жана билим берүүнүн башка кызматкерлери» бөлүмүн, 3-стандарт, 1-нускоочу көрсөтмөлөрдү 121-б.).

6. **Кооптуулук тууралуу маалымдуулук, тобокелдикти азайтуу жана аракеттенүүгө даярдыкты камсыздоо:** Мугалимдер бөөдө кырсыктын кесепеттерин болтурбоо жана азайтуу боюнча окуучуларга жана коомдоштук мүчөлөрүнө жардам берүү үчүн көндүмдөргө жана билимдерге муктаж болушат. Алар сабак өтүүдө жана окутууда тобокелдикти азайтуу жана чыр-чатактардын алдын алуу үчүн көмөк көрсөтүүдө колдоого муктаж болушу мүмкүн. Буга коомдоштук дуушар болушу ыктымал коркунучтарды жана кырсыктарды аныктоого, алдын алуу жана чара көрүү боюна зарыл маалыматтар менен көндүмдөр камтылат (ошондой эле караңыз: «Талдоо» бөлүгүн, 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөлөр 47-49-б.; «Жеткиликтүүлүк жана окуу чөйрөсү», 3-стандартты, 1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү, 85-86-б.; «Билим берүү тармагындагы саясат жана билим берүү тармагындагы аракеттерди координациялоо». 1-стандартты, 2 жана 6-нускоочу көрсөтмөлөрдү, 130-132-б.).

## Сабак берүү жана окутуу,
## 3-стандарт: сабак өтүү жана үйрөнүү процесстери

Сабак өтүү жана үйрөнүү процесстери окуучуларга ылайыкташтырылып, жигердүү окууга жана кошуп окутууга (инклюзияга) туура келтирилет.

**Негизги аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- окутуун усулдары окуучулардын курагына, өнүгүү деңгээлине, тилине, маданиятына мүмкүнчүлүктөрүнө жана муктаждыктарына шайкеш келет (1-3-нускоочу көрсөтмөлөр)
- мугалимдер окуучулар менен өз ара аракетинде сабактардын мазмунун түшүнгөнүн жана окутуу көндүмдөрүн көрсөтүп беришет (1-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Окутуу жана окуу процесстери бардык окуучулардын, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелгендердин да муктаждыктарын канааттандырат, окутуунун ачыктыгын шарттап, тоскоолдуктарды азайтат (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Ата-энелер жана коомдук лидерлер окуунун мазмунун жана сабак өтүү усулдарын кабыл алышкан (3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Жигердүү катышуу:** окуучулардын жигердүү катышуусу курактык топтун өнүгүүсүнүн ар бир этабында маанилүү роль ойнойт. Окутуу интерактивдүү жана дилгирлик меннен жүргүзүлүп, бардык окуучулардын сабакка жигердүү катышуусуна шарт түзүшү керек. Сабак өтүүнүн өнүктүрүүчү усулдары колдонулат. Бул топтук ишти, долбоордук иштерди, өз ара окутууну, ролдук оюндарды, окуя айтып берүүнү, видеону же аңгемелерди сүрөттөп берүүнү камтышы мүмкүн. Бул усулдар мугалимдерди даярдоо программаларына, мектеп окуу китептерине жана окуу программаларына киргизилиши керек. Колдонуудагы окуу программалары жигердүү окутууну эске алуу менен өзгөртүлүшү мүмкүн.

   Кенже балдар оюн аркылуу үйрөнүшөт. Аларды окутуу жигердүү оюндарга жана баарлашууга негизделиши керек. Жетектелүүчү оюндар көндүмдөрдү, теңтуштар жана мугалимдер менен мамиле түзүү көндүмүн калыптандырат. Кенже балдардын ата-энелеринин тарбиячыларды түшүнүүгө жана төмөнкүлөрдү эске алууга умтулуусун колдоо зарыл:

- балдардын муктаждыктарын сергек туюп, ийкемдүү түрдө канааттандыруу;
- кенже курактагы балдарды кароонун ыкмалары;
- окуу процессиндеги жана алардын өнүгүүсүн шыктандыруудагы оюн усулдарын.

2. **Окууга тоскоолдуктар:** ата-энелер менен, коомдоштуктун мүчөлөрү менен, билим берүү органдарынын өкүлдөрү жана башка таламдаш жактар менен өзгөчө кырдаалдар учурунда формалдуу жана бейформал билим берүүчүлүк иш чаралардын маанилүүлүгү тууралуу сүйлөшүүсү үчүн мугалимдерди колдоо керек. Алар укук маселелерин, ар түрдүүлүктү жана инклюзивди талкуулоосу, ошондой эле билим берүүчүлүк ишмердикке катышпаган балдар, жаштар менен алакаларды түзүүнүн маанилүүлүгүн талкууласа болот. Мындай талкуулар адамдардын бардык балдарды кошуп окутууга зарыл материалдарды, ресурстарды жана каражаттарды берүүсү үчүн зор мааниге ээ болот. Ата-энелердин жана мугалимдердин бирикмеси, мектеп жетекчилиги жана билим берүүнүн коомдук комитеттери сыяктуу топтор тартылып, жергиликтүү деңгээлде окууга тоскоолдуктарды аныктоо жана жоюу пландарын түзүүдө жардамга чакырылат (ошондой эле караңыз: «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү», 1-стандартты, 7-нускоочу көрсөтмөлөр 74-б).

3. **Окутуунун ылайыктуу усулдары:** Билим берүү өзгөчө кырдаалдардын учурунда калыбына келгенге чейин формалдуу билим берүүнүн мугалимдерине оң өзгөртүүлөр үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камсыздашы керек. Окутуунун усулдары жагдайга ийкемдүү жана алгылыктуу болушу үчүн жана окуучулардын укуктары, муктаждыктары, курагы, майыптыгы жана мүмкүнчүлүгүнө жараша өзгөрүшү мүмкүн. Бирок ошентсе да жигердүү катышуу усулдарын жана окуучуларга ыңгайлаштырылган окутуунун жаңы усулдарын аяр жана этияттык менен киргизүү керек. Жаңы усулдарды киргизүү, айрыкча өзгөчө кырдаалдардын келип чыгышынын баштапкы этабында тажрыйбалуу мугалимдер үчүн деле оор болот. Бул окуучуларга, ата-энелерге жана коомдоштуктун мүчөлөрүнө таасир этиши мүмкүн (ошондой эле сабак өтүү, окутуу маселелери боюнча ӨКБМТ нускамаларындагы ӨКБМТ нускоочу көрсөтмөлөрүн караңыз: **www.ineesite.org/toolkit**).

   Өзгөртүүлөр билим берүү органдарынын бекитүүсү, координациясы жана колдоосунда киргизилиши керек. Бул өзгөрүүлөрдү түшүнүп, кабыл алууда мектеп жана коомдоштук үчүн бир топ убакыт керектелиши мүмкүн. Ата-энелердин жана

коомдоштуктун башка мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын эске алуу маанилүү. Мугалимдер жаңы мазмун жана аң сезимдеги жана жүрүм-турумдагы күтүлүүчү өзгөрүүлөрдү билиши керек.

Бейформал билим берүү ишмердиги, инсанга багытталган мамиле волонтерлорду, аниматорлорду, уюштуруучуларды жана тарбиячыларды даярдоо жана туруктуу колдоо жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Методология базалык билим берүүнүн негизги иш билгиликтерин камтуу менен, сабаттуулукка, эсепке жана өзгөчө кырдаалдарга тиешеси болгон турмуштук маанилүү көндүмдөргө үйрөтүүнү кошо алганда окуу программасына ылайык келиши керек («Сабак өтүү жана окутуу» 1-стандарт, 4-нускоочу көрсөтмөлөр, 98-б.).

## Сабак өтүү жана окутуу,
## 4-стандарт: Окутуу натыйжаларын баалоо

Тийиштүү усулдар окуу натыйжаларын жана жыйынтыктарын тастыктоо үчүн колдонулат.

**Негизги иш-аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Коюлган максаттарга умтулууда окуучулардын жетишкендиктерин үзгүлтүксүз талдоо жана баалоо окутуунун усулдарын түзөтүүгө шарт түзөт (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Окуучулардын жетишкендиктери таанылат да, курсту аяктагандан кийин окуу насыялары эске алынып, жана тийиштүү сертификаттар берилет (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Кесиптик-техникалык программанын бүтүрүүчүлөрү өзгөрүлүп жаткан чөйрөгө байланыштуу программанын сапатын жана заманбаптыгын аныктоо үчүн бааланат (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Талдоо жана усулдарды баалоо окуучулар үчүн адилет, ишенимдүү жана коопсуз болуп саналат (3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Баалар окуучуларга келечекте билим жана экономикалык муктаждыктарына жараша болот (жетектөөчү 2-көрсөтмөнү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. Төмөнкү маселелерди кароо үчүн **натыйжалуу анализ, баалоонун усулдары жана чараларын** киргизүү зарыл:
   - Мөөнөттөрү: баалоо окуу учурунда жана аны аяктаганда жүргүзүлөт;
   - Жыштык: өзгөчө кырдаал жыштыкка таасир этиши мүмкүн;
   - Коопсуз жана ылайыктуу шарттар: расмий баалоо коопсуз жерде билим берүү чөйрөсүнүн кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт;
   - Айкындык: жыйынтыктарды баалоо ачык болот жана окуучулар менен талкууланат, ал эми кенже балдарга келгенде алардын ата-энелери менен биргеликте талкууга алынат. Сырттан экзамен алчуларды баалоонун орчундуу этабында мүмкүнчүлүккө жана максатка ылайыктуулугуна жараша тартууга болот;
   - Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларды баалоо: ага көп убакыт бөлүнөт, көндүмдөр жана түшүнүктөр тийиштүү алтернативдик каражаттардын жардамы менен көрсөтүлөт (ошондой эле ӨКБМТнын мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды окутуу үчүн чөнтөк маалымдамасын караңыз, ӨКБМТнын нускамаларынан табууга болот: **www.ineesite.org/toolkit**).

2. **Баалоонун жыйынтыктары:** Расмий окуу программаларында окуучулардын жетишкендиктери жана экзамендин жыйынтыктары билим берүү башкармалыгынын органдары тарабынан таанылышы мүмкүн болгудай бааланат. Качкындар үчүн алар чыккан өлкөнүн же аймактын билим берүү органдары тарабынан таанылышы үчүн тийиштүү күч-аракеттерди жумшоо керек. Техникалык жана кесиптик билим берүүдө кызмат көрсөтүүчүлөр сертификациялоонун улуттук стандарттарын камсыздашы зарыл. Курста окууну аяктоо диплом же сертификат берүү менен белгилениши керек.

3. **Баалоо жүргүзүүдөгү адептик ченемдер кодекси:** Талдоо жана баалоо адеп кодекине ылайык иштелип иштелип чыгышы жана жүзөгө ашырылышы керек. Б.а. алар адилеттүү, ишенимдүү болуп, коркууга жана жапа чегүүгө түрткү бербеши керек. Окуучулар мектептин же программанын алкактарында жакшы баага же мактоого жетишем деп куугунтукка дуушар болбошу керек. Ушундай шарттардын аткарылышын кепилдөө үчүн иликтөө, анын ичинде жетекчилер жана коомдоштуктун мүчөлөрү тарабынан тандап текшерүү пайдалуу болушу мүмкүн (ошондой эле 2-стандартты - «Жеткиликтүүлүк жана окутуу». 79-82-б. 4 жана 9-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

4. **Шайкештик:** Баалоо жана процесстер өтүлгөн материалдар менен түздөн-түз байланыштуу болууга тийиш. Окутуунун милдеттери жана критерийлери окуу планына негизделиши керек. Мүмкүнчүлүккө жараша окуу планынын стандартын эмес, өтүлгөн материалды чагылдыруу үчүн баалоону түрлөштүрүү зарыл. Ошондо окуудагы өксүктөрдү эмес, таанып билүү процессин чагылдырууга басым коюлат.

   Мугалимдер жана билим берүү чөйрөсүнүн башка кызматкерлери баалоонун тийиштүү жана жеткиликтүү ыкмаларын жана усулдарын колдонушу керек. Баалоо усулдарын туура пайдаланууга багыт берүү жана үйрөтүү натыйжалуулукту арттырат. Коомдоштук мүчөлөрү жетишилгендин ийгиликтин жана окутуу натыйжалуулугун баалоодо жардам бериши мүмкүн. Бул айрыкча чоң же ар кылка куракттагы балдардан турган класстарда, же жекече мамилени талап кылуучу учурларда артыкчылыкка ээ болот.

**T Бул стандартты жүзөгө ашырууда жардам берүүчү каражаттар ӨКБМТнын нускамаларында орун алган: www.ineesite.org/toolkit**

| ӨКБМТ нускамалары | Ошондой эле ӨКБМТ каражаттары |
|---|---|
| ↳ ӨКБМТ минималдык стандарттары<br>↳ Жүзөгө ашыруу каражаттары<br>↳ Окутуу жана үйрөтүү | ↳ Нускоочу көрсөтмөлөр «Сабак берүү жана окутуу» бөлүгүндө<br>↳ сабак берүү жана окутуу үчүн ресурстар |

# 4 МУГАЛИМДЕР ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНИН БАШКА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ

**Негиз болуучу стандарттар:
Коомдоштуктун катышуусу, Координациялоо, Талдоо**

**Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери**

**1-стандарт:
Топтоо жана тандап алуу**

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери ар түрдүүлүк, теңчилик критерийлерине негизденген жигердүү жана ачык конкурстук тандоодон өтүү менен жетиштүү санда ишке кабыл алынат.

**2-стандарт:
Иштөө шарты**

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери так белгиленген шартта иштешет жана ага жараша сый акы алышат

**3-стандарт:
Колдоо жана жетекчилик**

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери үчүн колдоо жана жетектөө механизмдери натыйжалуу иштейт

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери өзгөчө кырдаалдын шартында калыбына келтирүү стадиясына чейин балдар менен жаштардын билим алуу муктаждыктарын канааттандырууга чакырылган. Алар мамлекеттик үлгүдөгү дипломy бар, жогорку билимдүү адис же орто билимдүү жергиликтүү педагогдор, волонтерлор болушу мүмкүн. «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» термини төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Класстын мугалимдерин жана класстын жардамчыларын;
- баланы эртелеп өнүктүрүү үчүн мугалимдерди же мектепке чейинки курактагы балдардын тарбиячыларын;
- Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн педагогдорду;
- кесиптик-техникалык окуу жайлар үчүн адис сабак берүүчүлөрдү жана нускоочуларды;
- балдар үчүн жабдылган жерлердеги алып баруучуларды;
- жамааттык ыктыярчыларды, турмуштук тажрыйба алуу боюнча нускоочуларды жана диний тарбиячыларды;
- билим берүү чөйрөсүндө ага окутуучуларды, мектеп директорлорун, мектеп инспекторлорун жана башка кызмат адамдарын.

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин ролдору жана милдеттери билим берүү тибине (формалдуу же бейформал) жана окутуу чөйрөсүнүн тибине жараша болот. Чечимдерди кабыл алуу жана алардын өздүк кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү процессине окутуучулардын жана башка билим берүү кызматкерлеринин катышуусу өзгөчө кырдаалдарда билим берүү долбоорун иштеп чыгууда маанилүү компонент болуп саналат.

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлерин аныктоо, топтоо жана тандоо мажбурлабастан, биргеликте жана ачык айкын өтүүгө тийиш. Гендерлик теңчиликти жана коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн катышуусун камсыздоо зарыл. Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери тиешелүү тажрыйбага жана көндүмдөргө ээ болуп, тийиштүү түрдө сый акы алышы керек. Алар иштеп жаткан профсоюздарга эркин кирүү жана жаңыларын түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Жүрүм-турум кодекстерин, ролун жана милдеттерин, көзөмөлдөө механизмдерин, иштөө шарттарын, контракттарды, компенсацияларды жана жумушчу укуктарын өзгөчө кырдаалга чалдыккан тиешелүү коомдоштуктар менен кеңешүү аркылуу иштеп чыккан оң.

Кризистик кырдаалдарда мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери күчүн топтоп, кайра куруу, калыбына келтирүү процессин баштоо үчүн колдоого муктаж болушат. Калыбына келтирүүгө чейин өзгөчө кырдаалдарда билим берүү балдарды, жаштарды жана коомдоштуктардын жашоочуларын турмуштук маанилүү маалыматтар, билим алуу мүмкүнчүлүктөрү менен камсыздоо, социалдык колдоо аркылуу туруктуулукту бекемдейт.
Бул жакшы келечекке өбөлгө түзөт. Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери калыбына келтирүүгө чейин өзгөчө кырдаалдарда билим берүүгө негизги салым кошот. Алар ошондой эле колдоого жана жетектөөгө укуктуу.

## Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери, 1-стандарт: Топтоо жана тандап алуу

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери ар түрдүүлүк, теңчилик критерийлерине негизденген жигердүү жана ачык конкурстук тандоодон өтүү менен жетиштүү санда ишке кабыл алынат.

### **Негизги иш-аракеттер** (Нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Жалдоо процесси так, алгылыктуу, кызматтык нускамалардан жана багыттардан эркин иштелип чыгат (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери тандоо боюнча өкүлчүлүк комитети коомдоштуктардын макулдугун, жынысын жана көп жактуулугун эске алуу менен ачык критерийлердин кесиптик сапатына баа берүүнүн негизинде тандалат (2-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Ишке кабыл алынган мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин саны класстардын өтө чоң болуп калбашы үчүн жетиштүү болууга тийиш (5-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

### Нускоочу көрсөтмө

**1.** Кызматтык нускамалар жынысы, этностук теги, дини, майыптыгы же башка ар түрдүүлүгү боюнча басмсырлоого жол бербейт. Алар өзүнө төмөнкүдөй эң зарыл талаптарды камтыйт:
- Ролдор жана милдеттер;
- Баш ийүүчүлүк ыраатын так билүү;
- Жүрүм-турум кодекси .

(ошондой эле 118-б. «Мугалимдер жана билим берүү секторунун башка кызматкерлери» бөлүмүн, 2-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

**2.** **Тажрыйба жана камылга:** билим берүүгө кесиптик камылгасы бар педагогдорду тартуу зарыл. Алар окуучуларга психосоциалдык колдоо көрсөтүү жана мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар менен иштөө көндүмдөрүнө муктаж. Эгерде окутуучулар өзгөчө кырдаалдардан улам сертификат же башка документтерди албай калган болсо, алардын сабак өтүү тажрыйбасын баалоо керек. Эгерде камылгалуу мугалимдер жетишпесе, окутуу тажрыйбасы аз же тажрыйбасыз адамдарды да тартууга туура келиши мүмкүн. Бул мугалимдер окутуу тажрыйбасы жана билим берүү деңгээлине баа берилгенинен кийин даярдыктан өтүшөт.

Мүмкүнчүлүккө жараша окуучулардын өз тилинде (тилдеринде) сүйлөгөн мугалимдерди алуу керек. Эгерде зарыл жана максатка ылайыктуу болсо, улуттук тилди же кабыл алуучу өлкөнүн тилин үйрөнүү боюнча ыкчам курстардан өтүү сунушталат (ошондой эле 100-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 1-стандарт, 7-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

Айрым кырдаалдарда мугалимдерди жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлерин тандоодо гендерлик теңчиликти камсыздоо жагынан көбүрөөк иштөө зарылдыгы пайда болушу мүмкүн. Буга тандоочу комитет менен кеп-кеңеш жүргүзүү аркылуу тандоо критерийлерин түзөтүү камтылышы мүмкүн. Эл аралык эмгек жана укук коргоо мыйзамдарына жана эрежелерине ылайык мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери 18 жаштан кичүү куракта болбошу керек. Балким, кээде ортомчулар, жардамчылар жана насаатчылар катары иштөө үчүн жаш адамдарды алуу да керек болот.

3. **Мугалимдерди тандоо критерийлери** төмөнкүлөрдү камтыйт:
Кесиптик камылгасы жана касиети:
- Академиялык билим;
- Окутуу тажрыйбасы, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окуткандыгы;
- Балдар менен жаштардын социалдык-психологиялык муктаждыктарын сезгичтиги;
- Соода жүргүзүү же башка техникалык көндүмдөр жана тажрыйбалар;
- Тиешелүү тилди билгендиги (буга жергиликтүү тилдеги жаңсоолорду жана Брайл алиппесин билүү да камтылышы мүмкүн).

Жеке сапаттары:
- Гендерлик теңчиликти эске алуу менен, курагы жана жынысы;
- Сабырдуулугу;
- Этностук теги жана дини;
- Коомдоштуктун жагдайларын чагылдыруучу көп жактуулук фактору. Социалдык чыңалууну жана теңсиздик тарыхын эске алуу маанилүү, алар кадрларды алуу процессине таасир этиши мүмкүн (ошондой эле 100-101-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 1-стандарт, 8-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

Башка квалификациялар:
Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери коомдоштуктар менен биргелешип иштешүүгө

жана алар менен аралашууга тийиш. Алар мүмкүн болушунча жер-жерлерде орун алган социалдык, экономикалык жана саясий проблемаларды түшүнгөн, жабыркаган коомдоштуктардан тандалышы керек. Эгерде мугалимдерди жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлерди коомдоштуктан эмес, тышкарыдан тандаса, жол кире же турак жай акысы сыяктуу кошумча чыгымдарды кароо зарыл. Эгерде билим берүү объекти качкындар жана ички көчүп жүрүүчү адамдар үчүн түзүлсө, камылгасы бар мугалимдерди жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлерин кабыл алуучу жактын калкынын арасынан тандаган оң. Бул жакшы мамиленин калыптанышына өбөлгө түзөт (ошондой эле педагогикалык компенсация маселелерине ӨКБМТ боюнча нускоочу көрсөтмөнү ӨКБМТ нускамаларынан караңыз: **www.ineesite.org/toolkit**).

4. **Сунуштар (рекомендацыиялар):** окуучулар тобокелдикке кабылбашы үчүн мүмкүндүккө жараша бардык мугалимдердин жана билим берүүдөгү башка кызматкерлердин рекомендацияларын текшерүү керек.

5. **Класстын өлчөмү:** Бардык балдарды жана жаштарды, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларды камтуу үчүн жергиликтүү деңгээлде аныкталуучу класстардын өлчөмүн туура аныктоо керек. Мугалимдер менен окуучулардын тийиштүү катышын камсыздоо максатында жетиштүү сандагы педагогдорду топтоо керек. Таламдаш жактар мугалим-окуучу мамилесинин жана окутуунун тийиштүү улуттук жана жергиликтүү стандарттары менен таанышууга тийиш. Айрым учурларда гуманитардык жардам жана өнүктүрүү уюмунун бул жааттагы өз стандарты болушу мүмкүн. Кээде 40ка 1 катышы сунушталат. Ошентсе да таламдаш жактар жергиликтүү шарттарга ылайык келгидей жана аткарылгыдай иштерди пландашы зарыл (ошондой эле 16-б. Киришүүнү, 16-б. минималдуу стандарттарды жана окуу стандарттарын контексттештирүү мисалдарын караңыз).

## Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери,
## 2-стандарт: иштөө шарты

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери так белгиленген шартта иштешет жана ага жараша сый акы алышат

**Негизги аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Компенсациялоо системасы жана иштөө шарттары бардык тиешелүү таламдаш жактар менен макулдашылат (1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Сый акы жана иштөө шарты келишимде көрсөтүлөт жана сый акы дайыма төлөнөт (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери иштөө мөөнөттөрүн жана шарттарын сүйлөшүп алса болот.
- Жүзөгө ашыруу тартиби так көрсөтүлгөн жүрүм-турум кодекси сакталат (3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

### Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Эмгек шарттары:** Кызматтык нускамалар, эмгек шарттары жана жүрүм-турум эрежелери келишимде көрсөтүлөт. Бул окутуу чөйрөсүндөгү жана коомдоштуктагы мугалимдердин ролун кесипкөй колдоого мүмкүндүк берет. Коомдоштуктардан билим берүү органдарынан жана башка тиешелүү жактардан берилүүчү сый акыга жараша мугалимдерден күтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү жана жүрүм-турум негизин аныктайт.

   Келишим төмөнкүдөй жоболорду карайт:
   - Милдеттер жана милдеттенмелер;
   - Сый акы;
   - Катышууга коюлуучу талап;
   - Иш күндөрү жана саттары;
   - Келишимдин мөөнөтү;
   - Жүрүм-турум эрежелери;
   - Колдоо, жетекчилик жана талаштарды чечүү жолдору.

   (ошондой эле 115-б. «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» бөлүмүн, 1-стандарт, 1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

2. **Сый акы:** Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери эң зарыл муктаждыктарын канаттандыруу үчүн кошумча киреше булагын издебестен кесиптик ишине көңүл бурушу үчүн ошого жараша эмгек акы алууга тийиш. Эгерде мындай мүмкүнчүлүк болсо, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлерине тиешелүү эмгек акы төлөө системасын тезинен калыбына келтирүү же кайрадан түзүү керек. Акы төлөө системасында билим берүү органдарынын сый акы төлөөнү камсыздоо үчүн негизги жоопкерчилик тарта тургандыгы эске алуу керек. Билим берүү органдарын, союздарды, коомдоштук мүчөлөрүн, комитеттерди жана ассоциацияларды, БУУнун агенттиктерин, БӨУларды кошо алганда, тийиштүү таламдаш жактардын ишмердигин координациялоо туруктуу акы төлөөнү камсыздоо саясатынын жана практикасынын негизин түзөт да, калыбына келтирүүдөн өнүктүрүүгө өтүү мүмкүндүгүн берет.

   Эмкек акы акчалай же натуралай түрдө төлөнүшү мүмкүн. Система калыс жана туруктуу болууга тийиш. Компенсациялар саясатын жүзөгө ашыргандан кийин мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери анын сакталышына ишенсе болот. Камылгалуу мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери журт которгондо, атүгүл чегарадан өтүүгө туура келсе деле, баарыдан мурда эмгек акы жогору болгон жакка кетүүгө кызыгат. Төмөнкүлөр сыяктуу базар жагдайларын эске алуу зарыл:

   - Жашоо наркы;
   - Мугалимдерге жана башка кесипкөйлөргө болгон суроо талап;
   - Салыштырмалуу тармактардагы, мисалы, саламаттык сактоо секторундагы эмгек акы төлөө деңгээли;
   - Камылгалуу мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин бар экендиги.

   (ошондой эле «Кризистен кийин экономикалык калыбына келтирүүнүн минималдуу стандарттары» SEEP тармагын, «Жумуш орундарын түзүү» стандартын караңыз).

   Компенсация эмгек шарттарын жана жүрүм-турум эрежелерин сактоого жараша болот. Кызыкчылыктардын кагылышына, мисалы, мугалим окутуу жана машыктыруу акысын окуучулардан өзүнчө талап кылышына жол бербөө зарыл (ошондой эле 42-43-б. «Координацмялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнү жана мугалимдерге сый акы  төлөө боюнча ӨКБМТ Нускоочу көрсөтмөсүн караңыз, ал ӨКБМТнын **www.ineesite.org/toolkit** нускамаларында жайгашкан).

3. **Жүрүм-турум эрежелеринин кодекси** Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин жүрүм-турум стандартын так көрсөтөт. Бул стандарттар окуу чөйрөсүндө жана билим берүү ишмердигинде колдонулат. Жүрүм-турум кодекси эрежелерди сактабаганда кандай чаралар колдонуларын аныктайт. Анда мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери ала турган төмөнкүдөй милдеттенмелер каралат:
   - Окуучулардын билим алуу укугун сыйлоо, коргоо жана мүмкүнчүлүккө жараша жүзөгө ашыруу;
   - Жүрүм-турумдун жогорку стандарттарын жана адеп ченемдерин кармануу;
   - Бардык окуучуларды эч кандай басмырлоосуз кабыл ала турган чөйрөнү түзүү үчүн билим алуудагы тоскоолдуктарлы жигердүү түрдө четтетүү;
   - Окуучуларды жыныстык жана башка айырмачылыктарга байланышкан кыстоолордон, зордоодон, бекер иштетүүдөн, коркутуп-үркүтүүдөн, кордоодон, зомбулуктан жана басмырлоодон эркин, сергек жана инклюзивдүү жагдайды колдоо;
   - Адам укуктарына каршы жана басмырлабоо принциптерине каршы иш-аракеттерди же билимдерди үйрөтпөө;
   - Дайыма келүүнү жана тактыкты камсыздоо.

   (ошондой эле ӨКБМТ нускамаларындагы жүрүм-турум эрежелеринин кодексинин үлгүсүн: **www.ineesite.org/toolkit**; 79-82-б. жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсүн, 2-стандартты, 4 жана 9-нускоочу көрсөтмөлөрдү; 122-б. «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» бөлүмүн, 3-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери,
## 3-стандарт: колдоо жана жетекчилик

Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери үчүн колдоо жана жетектөө механизмдери натыйжалуу иштейт

**Негизги аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Адекваттуу окутуучу материалдар жана орундун болушу (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери түрткү берүүчү жана колдоого көмөктөшүүчү кесиптик өнүгүүгө катышат (2-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Жетекчиликтин ачык жана отчеттуу жүргүзүлүшү – мугалимдерди жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлерди дайыма баалоо, мониторинг (2-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин иштерин документалдык баалоо дайыма жүргүзүлүп, анан талкууланып турат (4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Окуучулар мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин иштери жөнүндө дайыма пикир айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат (5-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери  жетиштүү жана практикалык психосоциалдык колдоого ишеним артышат (6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Усулдук жана окутуу материалдары менен мейкиндик** натыйжалуу окутууну, иштөөнү камсыздоого ылайыктуу болууга тийиш (ошондой эле 85-89-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» 3-стандарты; 101-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн , 1-стандартты, 9-нускоочу көрсөтмөнү; 105-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн , 2-стандартты, 5-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

2. **Колдоо жана жетектөө жолдору:** Натыйжалуу башкаруу, жетекчилик жана отчеттуулук кесиптик колдоону, мугалимдердин сапаттуу иштешине түрткү берүү үчүн өтө зарыл. Билим берүү союздарынын, коомдоштук мүчөлөрүнүн, комитеттердин жана ассоциациялардын, БУУнун агенттиктеринин жана БӨУлардын катышуусу менен жетекчиликтин алдында системаларды андан ары да мүмкүн болушунча өркүндөтүү керек. Насаатчылыкты жана

жолдоштук колдоону мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери максат коюу, ишти андан ары жакшыртуу үчүн зарыл чараларды көрүү аркылуу өнүктүрөт (ошондой эле 31-36-б. «Коомдоштуктун катышуусу» бөлүмүн, 1-стандартты, 1-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү; 104-105-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн , 2-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү, 2-стандартты; жана мугалимдердин статусу жөнүндө ЮНЕСКО/ ЭЭУнун нускоолорун (1966) караңыз).

3. **Дареметти арттыруу, даярдык жана кесиптик өнүгүү:** мотивацияны талкуулоо, дареметти арттырууга түрткү берүүнү, муктаждыктарды жана эң башкы милдеттерди талкуулоо үчүн мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери менен кеп-кеңеш өткөрүү керек. Бул иш башталганга чейин, ошондой эле иштин жүрүшүндө билим берүү зарылдыгын жана кесиптик жактан өсүү мүмкүнчүлүгүн аныктоого жардам берет. Дареметти арттыруу, даярдык жана кесиптик жактан өсүш жалпыга бирдей басмырлоосуз камсыздалууга тийиш (104-105-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 2-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

4. **Иш-аракетти баалоо:** иш-аракетти кылдат баалоо аны өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт. Мугалимдердин жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугун жана таасирин баалоого маселелерди аныктоо жана андан аркы иштерди макулдашуу максатында ар бир кызматкер менен талкуу камтылат.

   Ишмердикти баалоого төмөнкүлөр камтылышы мүмкүн:
   - класстык иштерди колдоо жана баалоо критерийлерин иштеп чыгуу;
   - Сын-пикирлер;
   - Өсүш жана прогрессти өлчөө үчүн максаттарды жана милдеттерди белгилөө.

   (ошондой эле 120-б. 5-нускоочу көрсөтмөнү жана «Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери» бөлүмүн, 2-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

5. **Окуучулардын катышуусу:** экспертизалоо жана баалоо ишине окуучуларды катыштыруу маанилүү, бул билим берүү чөйрөсүндөгү бардык жагдайларды түшүнүүгө жана сапатын камсыздоого өбөлгө түзөт. Окуучулар баа берүүнүн жүрүшүндө бейтарап жактарга сын пикир айта алышат. Темалар окутууну, жүрүм-турумду, окутуу чөйрөсүнө байланыштуу тынчсыздануу жана коргоо маселелерин камтышы мүмкүн.

6. **Психосоциалдык коргоо жана жайлуулук:** даярдалган жана тажрыйбалуу мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери да кризистик кырдаалда кыйынчылыкка туш келип, буга байланыштуу жапа чегиши мүмкүн. Алардын кырдаалды жеңе билиши жана окуучуларга жардам берүүсү өздөрүнүн жакшы жашоосуна, колдоого жетишүүсүнө жараша болот (ошондой эле 81-82-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 2-стандартты, 8-9-нускоочу көрсөтмөлөрдү; 89-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 3-стандартты, 8-нускоочу көрсөтмөнү; 99-100-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 1-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

**T Бул стандартты жүзөгө ашырууда Сизге жардам бериши мүмкүн болгон каражаттар ӨКБМТнын нускамаларында:**
**www.ineesite.org/toolkit**

**ӨКБМТнын Нускамалары**
**↳ ӨКБМТ минималдуу стандарттары**
**↳ Жүзөгө ашыруу каражаттары**
**↳ Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери**

# 5 БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ САЯСАТ

**Негиз болуучу стандарттар:**
**Коомдоштуктун катышуусу, Координациялоо, Талдоо**

**Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат**

**1-стандарт:**
**Мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгуу**

Билим берүү органдары артыкчылыктуу милдет катары мектептеги билим алууга эркин жана инклюзивдүү жетишүүнү камсыздоону кошо алганда сапаттуу билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн жана калыбына келтирүүнү көздөйт.

**2-стандарт:**
**Пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу**

Билим берүү ишмердиги эл аралык жана улуттук билим берүү саясаттарына, мыйзамдарына, стандарттарына, пландарына жана кризисттик кырдаалдан жабыркаган калктын билим алуу муктаждыктарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Эл аралык укук ченемдери жана декларациялар ар бир адамдын билим алуу укугуна негиз болот. Улуттук бийликтер жана эл аралык коомдоштуктар бул укукту эске алууга, коргоого жана жүзөгө ашырууга милдеттүү. Социалдык жана билим берүү маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда пикирин айтуу, эркин билдирүү жана басмырлоодон эркин болуу укуктары билим алуу укугунун ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

Калыбына келтиргенге чейин өзгөчө кырдаалдарда мындай укуктарды коргоону камсыздоо зарыл. Бул үчүн билим берүү органдары жана башка негизги таламдаш жактар үчүн өзгөчө кырдаалдарда билим берүү планын иштеп чыгып, колдонууга киргизиши керек. Ал:

- Улуттук жана эл аралык билим берүү стандарттарын жана саясатын эске алууга;
- Билим алуу укугун жактагандыгын көрсөтүүгө;
- Өзгөчө кырдаалдарга кабылган калктын укугу жана билим алуу муктаждыктарын коргоо чараларын көрүүдө ийкемдүү иштөөгө;
- Ар бир адам үчүн сапаттуу билимдин жеткиликтүүлүгүн камсыздоо чараларын камтууга;
- Өзгөчө кырдаалдарга даярдыктын, иш-аракеттин жана узак мөөнөттө өнүгүүнүн ортосундагы байланышты көрсөтүүгө тийиш.

Иш чараларды, программаларды жана саясатты пландаштырууга, жүзөгө ашырууга коомдоштук катышпаса, өзгөчө кырдаалдарга жакшы даярдануу жана иш-аракеттерди натыйжалуу жүргүзүү мүмкүн эмес.

Гендерлик теңчиликке, өзгөчө кырдаалдарда көп жактуулукту сыйлоого, билим берүү саясатына жана программаларга көмөктөшүү үчүн Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын жоболорун толугу менен колдонууга киргизүү, «Билим берүү – жалпыга» программасынын алкактык негиздерин жана миң жылдык өнүгүү максаттарын чагылдыруу керек. Бул иш чаралар билим берүүдөгү басмырлоонун бардык түрлөрүнөн коргой турган билим берүү саясатын жана мыйзамдарды колдоп, илгерилетет. Мында жынысы, дини, этностук теги, тили айырмаланган, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды басмырлоодон коргоо керек.

## Билим берүү саясаты,
## 1-стандарт: мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгуу

Билим берүү органдары артыкчылыктуу милдет катары мектептеги билим алууга эркин жана инклюзивдүү жетишүүнү камсыздоону кошо алганда сапаттуу билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн жана калыбына келтирүүнү көздөйт.

**Негизги аракеттер** (нускоочу көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Улуттук билим берүү мыйзамдары, жоболор жана саясат эл аралык гуманитардык жана укук коргоосунда турган билим берүү мекемелеринин, окуучулардын, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлеринин статусун коргойт (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Улуттук билим берүү мыйзамдары, жоболор жана саясаты билим алуу укугун сыйлайт, коргойт жана жүзөгө ашырат, үзгүлтүксүз билим берүүнү камсыздайт (1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Мыйзамдар, жоболор жана саясаттар бардык кайра курулган же көчүрүлгөн билим берүү мекемелеринин коопсуздугун камсыздайт (2-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Мыйзамдар, жоболор жана саясаттар жагдайды талдоого негизденген, алар жигердүү катышуу жана инклюзия процессинде иштелип чыккан (4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Билим берүү чөйрөсүндөгү улуттук саясат өзгөчө кырдаалдарда тез аракеттенүүгө мүмкүндүк берүүчү иш-аракет планы, мыйзамдар жана бюджеттер менен колдоого алынат. (5-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).
- Мыйзамдар, жоболор жана саясаттар мектептердин качкындар үчүн окуу пландарын колдонушуа жана ошол өлкөнүн же региондун тилин пайдаланышына мүмкүндүк түзөт (7-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- Мыйзамдар, жоболор жана саясаттар БӨУ жана БУУнун агенттиктери сыяктуу мамлекеттик эмес субъектилеринин билим берүү маселелерин өзгөчө кырдаалдар программаларына киргизишине мүмкүндүк берет. (8-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Улуттук орган эл аралык укук коргоо ченемдерине ылайык билим алуу укугун сыйлоого, коргоого жана жүзөгө ашырууга милдеттүү** (5-б. Киришүүнү караңыз).

   Эл аралык укук коргоо ченемдерине балдар менен жаштарга атайын көңүл буруу менен калкты коргоо жөнүндө эл аралык эрежелер кирет. Буга тамактануу, эс алуу, маданият, зомбулукту болтурбоо жана 6 жашка чейинки балдар үчүн баланы эртелеп өнүктүрүү тармагы сыяктуулар камтылат. Баланын укуктары жөнүндө конвенция өзгөчө мааниге ээ, анткени ал баланын билим алуу укугу, ошондой эле билим алуу процессиндеги кыйынчылыктары боюнча кеп-кеңешке катышуу укугу, сый мамиле укугу, өздөрүнүн укуктары жөнүндө билүү укугу камтылат (ошондой эле 35-36-б. «Коомдоштуктун катышуусу» бөлүмүн, 1-стандартты, 5-нускоочу көрсөтмөнү; 70-73-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 1-стандартты, 1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү; жана 98-100-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 1-стандартты, 5-6-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

   Билим берүү мекемелерине да жайылтылуучу жарандык статуска окуучулар, мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери ээ болот. Алар бүткүл өлкөлөр тааныган эл аралык гуманитардык укуктун бөлүгүн түзүүчү Женева конвенциясына ылайык, куралдуу кол салуулардан корголот. Улуттук бийликтер жана эл аралык таламдаш жактар корголгон статусту эске алуу менен улуттук мыйзамдарга жана тажрыйбага ылайык келтирүүгө багытталган күч-аракеттерди колдоого жана билим берүү мекемелерин согуштук максаттарда колдонууну болтурбоого тийиш.

   Күч колдонуу билим берүүнү үзгүлтүккө учуратуучу жана балдарды коргоого коркунуч болгон кырдаалдарда билим берүүнү илгерилетүү үчүн талам жактоо (лоббилөө), адам укуктары жана билим берүү чөйрөсүндөгү гуманитардык укуктар боюнча чаралар алдыңкы планга чыгат. Окуучуларга, кызматкерлерге жана билим берүү мекемеси турган жайларга же курулмаларга кол салуулар жөнүндө маалымат берүү жана мониторинг жүргүзүү маанилүү. Бул жабырлануучулардын ар-намысын урматтоого жана макулдашылган иш-аракет жасоого, териштирүүгө жана күнөөлүүлөрдү куугунтукка алууга мүмкүндүк берет (ошондой эле 76-81-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 2-стандартты, 1, 3-4 жана 6-7-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

2. **Улуттук билим берүү мыйзамдары жана саясаты ар бир адам үчүн үзгүлтүксүз билим берүүнү камсыздайт.** Улуттук жана жергиликтүү мектеп пландарында акыр аягында окууга да терс таасир тийгизе турган өзгөчө кырдаалдарга даярдыкта күтүлүүчү жана кайталануучу белгилүү коркунучтарды, анын ичинде жергиликтүү маанидеги коркунучтарды, мисалы, ар жылдык суу каптоону эске алуу керек. Аялуу балдар менен жаштардын өзгөчө муктаждыктарын киргизүү зарыл. Өзгөчө кырдаалдар жөнүндө мыйзамдарында билим берүү сектору боюнча жоболор камтылбаган өлкөлөрдө бул кырдаалдарда аларды иштеп чыгууга түрткү берилет (ошондой эле 47-49-б. «Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү; 82-83-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 2-стандартты, 11-нускоочу көрсөтмөнү; жана 105-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн,2-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

Мектепке чейинки курактагы балдарды эртелеп өнүктүрүү алардын ата-энелери же камкорчулары билим берүү саясатын жана программаларын иштеп чыгууга, жүзөгө ашырууга тартылышы керек. Бул багыттагы кызмат көрсөтүүлөр төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Балдарды багуу жана тарбиялоо боюнча топтор
- Ойноочу топтор
- Майда балдарды коопсуз чөйрөдөгү иштерге аралаштыруу
- Саламаттык сактоо, тамактануу жана башка кызматтар менен байланыш

Жаштар саясаты иштелип чыккан өлкөлөрдө өзгөчө кырдаалдар жаштар үчүн билим берүү боюнча секторлор аралык иштерди өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Тиешелүү таламдаш жактар кризис кырдаалында жаштардын маселелери боюнча байланышты камсыздоочу адамды шайлоого тийиш. Сектор аралык саясатта, программаларды түзүүдө жана жүзөгө ашырууда жаштардын маселелерин эске алуу менен биргелешкен иш жүргүзүү керек. Эгерде улуттук жаштар саясаты иштелип чыккан болсо, ал жаштардын чакан топторунун арасындагы ар кандай кызыкчылыктар менен таасирледи, ошондой эле жаштардын катышуусунун ар кандай түрлөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана тобокелдиктерин талдоого негизделүүгө тийиш. Улуттук жаштар саясаты төмөнкүдөй багыттар боюнча улуттук негиздерди толуктайт:

- Билим берүү;
- Техникалык жана кесиптик билим берүү жана даярдык;
- Өзгөчө кырдаалдарга даярдык.

(ошондой эле 71-72-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү»

бөлүмүн, 1-стандартты, 2-нускоочу көрсөтмөнү; жана «Кризистен кийин экономикалык калыбына келтирүнүн минималдуу стандарттары» SEEP тармагын, «Жумуш орундарды түзүү» стандартын караңыз).

3. **Жаңы жана калыбына келтирилген мектептердин коопсуздугу:** мектеп комплекстери белгилүү коркунучтардан коопсуздукту камсыздоо үчүн жакшылап тандалып, долбоорлонушу, мүмкүн болушунча бекем курулушу керек. Эгерде мектептер кыйроо абалында турса, билим берүү үзгүлтүккө учурабашы үчүн жетиштүү мейкиндиги бар убактылуу жайды караштыруу зарыл (ошондой эле 74-75-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 1-стандартты, 9-нускоочу көрсөтмөнү; 85-86-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 3-стандартты, 1-2-нускоочу көрсөтмөлөрдү жана ӨКБМТнын **www.ineesite.org/toolkit** нускамаларында орун алган мектептерди коопсуз куруу боюнча ӨКБМТнын жетекчилик көрсөтмөсүн караңыз).

4. **Жагдайды (контекстти) талдоо:** билим берүү мыйзамдары жана саясаты өзгөчө кырдаалдарда социалдык, экономикалык шарттарды, коопсуздукту, айлана-чөйрөнү жана саясий динамиканы терең түшүнүүнү чагылдырууга тийиш. Ошентип окутууну пландаштырып уюштуруу окуучулардын жана жалпы эле коомдун муктаждыктары менен укуктарын канааттандырат да, социалдык пикир келишпестиктердин, жаңжалдардын курчушуна жол бербейт.

   Жагдайды эске алуу менен талдоо жаңжалды талдоону, адам укуктарын жана тобокелдиктерди баалоону, өзгөчө кырдаалдарда даярдыкты талдоону камтыйт. Бийлик органдары жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка таламдаш жактар билим берүү маселелерин камтуу үчүн жагдайлык (контексттик) талдоого салым кошууга тийиш. Жагдайлык талдоо коомчулук менен кеңешүү аркылуу жүргүзүлөт. Бийлик органдары жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка таламдаш жактар билим берүү секторун жана реформалоо процесстерин дайыма баяндоо бөлүгү катары киргизиле турган мындай талдоону жакташы керек (ошондой эле 47-51-б. «Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-6 нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

   Тобокелдиктерди талдоо саясий, административдик жана гуманитардык абалда коррупциянын ыктымалдыгы да иликтенет. Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү чараларын пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу процессинде коррупция маселелери мүмкүн болушунча ачык талкууланууга тийиш. Ачык-айкын талкуу

коррупцияга каршы күрөштү ишенимдүү жүргүзүүнүн эң мыкты ыкмасы болуп саналат. Өзгөчө кырдаал шартында коррупция субъекттин аялуулугун ого бетер оорлотот. (ошондой эле 47-49-б. «Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

5. **Маалымат алмашуу жана маалымат системалары:** Билим берүү саясатын өнүктүрүүгө, жүзөгө ашырууга катышкандар саясат жана стратегиялык чаралар жөнүндө маалымат алмашып турушу керек. Бул жаңжалдардын жана бөөдө кырсыктардын кесепеттерин жеңилдетүүдө айрыкча маанилүү. Маалыматтар бардыгы үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү болууга тийиш (ошондой эле 43-б. «Координация» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

   Мыйзамдар, жоболор жана саясаттар так маалыматтын негизинде иштелип чыгат. Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы калктын топтору жана район жөнүндө маалымат менен байланышта болушу керек. Мындай стратегия менен даярдануу улуттук жана жергиликтүү билим берүү пландарына кошулуучу салым болуп саналат. Мүмкүнчүлүккө жараша коомдоштук чогулткан билим маалыматтары билим берүүнү башкаруунун улуттук маалымат системасына киргизилиши керек (ошондой эле 59-б. «Талдоо» бөлүмүн, 3-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз)

6. **Бөөдө кырсыктарга даярдыктын чектери:** билим берүү бөөдө кырсыктарга даярдыктын улуттук механизмдеринин ажыралгыс бөлүгү болууга тийиш. Ресурстар натыйжалуу жана билим берүүдөгү өз убагында көрүлүүчү чараларды камсыздоого тийиш. Улуттук жана жергиликтүү билим берүү программаларын колдоону камсыздаган эл аралык таламдаш жактар өнүктүрүү программаларынын алкагында билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөчө чараларга даярданууга көмөк көрсөтүшү керек. Даярдык алкагы жергиликтүү деңгээлде көрүлүүчү күч-аракеттерге балдар менен жаштардын катышуусу жөнүндө так жоболорду камтууга тийиш (ошондой эле 34-36-б. «Коомдоштуктардын катышуусу» бөлүмүн, 1-стандартты, 4-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү; 40-б. «Коомдоштуктардын катышуусу» бөлүмүн, 2-стандартты, 5-нускоочу көрсөтмөнү; 82-83-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 2-стандартты, 11-нускоочу көрсөтмөнү; 105-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 2-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

7. **Басмырлоонун жоктугу:** билим берүү органдары бардык топторду бирдей даражада билим алууга камтууну камсыз кылууга тийиш. Эл аралык укукка ылайык, качкындар баштапкы билим алуу жагынан жарандар сыяктуу эле укуктук абалда турат, ал эми орто жана жогорку билимге келгенде, атап айтканда мүмкүнчүлүккө жараша окуу, чет өлкөлүк аттестаттарды, дипломдорду жана даражаларды таануу, окуу жана жыйындар, ошондой эле стипендияларды берүү жагынан укуктар кабыл алган өлкөдөгү кадимки жарандар пайдалангандан кем эмес абалдагыдай камсыздалат. Ички көчүп жүргөн окуучулар башка көчпөгөн адамдар сыяктуу эле билим алуу укугунан пайдаланат. Алар улуттук жана эл аралык укук коргоо укугу, ички көчүп жүрүү боюнча жетектөөчү принциптер менен корголгон (ошондой эле 70-73-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 1-стандартты, 1-2 жана 4-нускоочу көрсөтмөлөрдү; 96-101-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 1-стандартты, 3 жана 7-8-нускоочу көрсөтмөлөрдү, 105-б. «Сабак берүү жана окутуу» бөлүмүн, 2-стандартты, 5-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

8. Бейөкмөт субъектилер жана БУУнун агенттиктери бардык окуучулардын билим алуу муктаждыктарынын жана укуктарынын аткарылышын камсыздоо үчүн билим берүү чөйрөсүндөгү улуттук жоболорду толуктай алышат. Кабыл алуучу өлкө программаларды иштеп чыгууга жана объектилерге кирүүгө көмөктөшүп, өзгөчө кырдаалдарда тез жана ишенимдүү аракеттенүүгө көмөктөшүүсү керек. Буга окуу материалдары жана жардамдар үчүн атайын бажы эрежелерин сактоо жана тездетилген виза мүмкүнчүлүктөрү берүү камтылышы мүмкүн.

## Билим берүү саясаты,
## 2-стандарт: Пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу

Билим берүү ишмердиги эл аралык жана улуттук билим берүү саясаттарына, мыйзамдарына, стандарттарына, пландарына жана кризисттик кырдаалдан жабыркаган калктын билим алуу муктаждыктарына ылайык жүзөгө ашырылат.

**Негизги аракеттер** (жетекчилик көрсөтмөлөргө ылайык каралат)

- Формалдуу жана бейформал билим берүү программалары эл аралык, улуттук укук ченемдерин жана саясатты чагылдырат (1-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- билим берүү иштерин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүүнүн башка секторлору менен бирлешкен (2-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- өзгөчө кырдаалдарда билим берүү программалары билим берүүнүн улуттук программалары жана стратегиялары менен байланышкан жана билим берүү секторун кыйла узак мөөнөттү өнүктүрүүгө бирлешкен.
- билим берүү органдары билим берүү тармагындагы улуттук жана жергиликтүү пландарды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат, алар азыркы жана алдыдагы өзгөчө кырдаалдарга аракеттенүүгө даярдайт (3-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).
- билим берүү тармагындагы саясатты натыйжалуу жана ачык айкын камсыздоо, ошондой эле билим берүү тармагындагы программаларды пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү каржылык, техникалык, материалдык, жана адам ресурстары (4-5-нускоочу көрсөтмөлөрдү караңыз).

## Нускоочу көрсөтмөлөр

1. **Билим берүү чөйрөсүндөгү укуктар менен максаттарды жүзөгө ашыруу:** билим берүүнүн формалдуу жана бейформал программалары инклюзивдүү билим берүү ишмердигин камсыздоого тийиш, алар билим алуу укугун жана максаттарды жүзөгө ашырат. Алар улуттук жана эл аралык укуктарга дал келүүгө тийиш (70-73-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 1-стандартты, 1, 2 жана 4-нускоочу көрсөтмөнү; 129-133-б. «Билим берүү тармагындагы саясат» бөлүмүн, 1-стандартты, 1 жана 7-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

2. **Секторлор аралык байланыш:** билим берүү программалары, анын ичинде балдарды жана жаштарды эртелеп өнүктүрүү иштери суу менен жабдуу, санитария жана гигиена, тамактануу, азык-түлүк коопсуздугун жана азык-түлүк жардамын камсыздоо, турак жай, медициналык кызмат көрсөтүүлөр жана экономикалык жактан калыбына келтирүү сыяктуу башка секторлордо жүргүзүлгөн иштерге байланыштуу болушу керек (ошондой эле 50-51-б. «Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 6-нускоочу көрсөтмөнү; 74-75-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 1-стандартты, 9-нускоочу көрсөтмөнү; 85-89-б. беттеги «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 3-стандартты; «Чөйрө» долбоорунун маалымдамасын, «Кризистен кийин экономикалык калыбына келтирүүнүн минималдуу стандарттары» SEEP тармагын, «Жумуш орундарын түзүү» жана «Ишканаларды өнүктүрүү» стандартын караңыз).

3. **Билим берүү чөйрөсүндөгү улуттук жана жергиликтүү пландар** учурдагы жана алдыдагы өзгөчө кырдаалдарда көрүлүүгө тийиш болгон чараларды камтыйт. Алар чечим кабыл алуу, координациялоо процессин, тармактар аралык координацияны кайтаруу жана сактоо механизмдерин аныктоого тийиш. Пландар жагдайды терең түшүнүүгө негизделиши керек жана бөөдө кырсыктардын жана жаңжалдардын алдын алуу көрсөткүчтөрү менен механизмдерин камтышы керек. Ошондой эле алар билим берүү тармагындагы тиешелүү саясаттар жана алкактар менен бекемделүүгө тийиш. Билим берүү тармагындагы улуттук жана жергиликтүү пландарды дайыма кайра кароонун системасы болуш керек (ошондой эле 34-35-б. «Коомдоштуктардын катышуусу» бөлүмүн, 1-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү; 38-40-б. «Коомдоштуктардын катышуусу» бөлүмүн, 2-стандартты; 41-42-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөнү; 45-49-б. «Талдоо» бөлүмүн, 1-3-нускоочу көрсөтмөлөрдү, 1-стандарт; ошондой эле 131-132-б. «Билим берүү тармагындагы саясат» бөлүмүн, 1-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

4. **Ресурстар:** улуттук бийликтер, гуманитардык уюмдар, сүрөөнчүлөр, бейөкмөт уюмдар, коомдоштуктар жана башка таламдаш жактар шашылыш билим берүү үчүн тийиштүү каржылоону камсыздоо үчүн биргелешип иштөөгө тийиш. Ресурстарды координациялоону өлкөлөрдүн жетекчилиги жүргүзүп, бул иш тийиштүү координациялоо жолдору менен тутумдаштырылышы керек. Бул жагдайда төмөнкүдөй ресурстар теңдеш бөлүштүрүлүүгө тийиш:

- Кошумча класстар, окуу китептери жана окуу-усулдук материалдары сыяктуу буюмдар;
- Мугалимдер жана жетекчилер үчүн окутуу курстары, усулдук жана окутуу материалдары сыяктуу сапаттык компоненттер.

Билим берүү секторуна кол салуулар жөнүндө системалаштырылган жана борбордоштурулган отчеттуулук, ошондой эле билим берүү тармагындагы маалымат чогултуу, талдоо жана биргелешип колдонуу үчүн ресурстарды бөлүү зарыл (ошондой эле 38-39-б. «Коомдоштуктардын катышуусу» бөлүмүн, 2-стандартты, 1-нускоочу көрсөтмөнү; 41-43-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 1 жана 2-нускоочу көрсөтмөнү; 59-б. «Талдоо» бөлүмүн, 3-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү; 62-63-б. «Талдоо» бөлүмүн, 4-стандартты, 3-4-нускоочу көрсөтмөлөрдү; 79-81-б. «Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү» бөлүмүн, 2-стандартты, 4 жана 7-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

5. **Ачык-айкындык жана отчеттуулук:** Саясат иштеп чыгуу жана жүргүзүү, мунун ичинен коррупциянын (акчалар жана натуралай түрдөгүсүн) алдын алуу маселелери боюнча тиешелүү маалыматты борбордук жана жергиликтүү бийликтер, коомдоштуктар жана башка таламдаш жактар алмашыып турууга тийиш. Ачык-айкындык натыйжалуу көзөмөл жана отчеттуулук үчүн өзгөчө мааниге ээ. Коррупция тууралуу даттануу үчүн жашыруун жана тиешелүү системалар иштеши керек. Алар жарандардын коррупция жөнүндө билдиришин колдоого, аларды коргоого тийиш (ошондой эле 44-б. «Координациялоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 5-нускоочу көрсөтмөнү; 47-49-б. «Талдоо» бөлүмүн, 1-стандартты, 3-нускоочу көрсөтмөнү; жана 131-132-б. «Ачык билим берүү тармагындагы саясат» бөлүмүн, 1-стандартты, 4-нускоочу көрсөтмөнү караңыз).

**T Бул стандарты жүзөгө ашырууда Сизге жардам бериши мүмкүн болгон инструменттер ӨКБМТнын нускамаларында: www.ineesite.org/toolkit**

**ӨКБМТнын нускамалары**
- ↳ **ӨКБМТ минималдуу стандарттары**
  - ↳ **Жүзөгө ашыруу ыкмалары**
    - ↳ **Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат.**

# 1-ТИРКЕМЕ: СӨЗДҮК

**Адам укуктары:** татыктуу жашоо ыкмалары. Адам укуктары универсалдуу жана ажыралгыс болуп саналат: аларды белекке берүүгө же алып коюуга болбойт. Өзгөчө кырдаалдарда биринчи планга басмырлоонун жоктугу, корголуу жана жашоо укугу сыяктуу негизги адам укуктары чыгат, калган укуктарды мүмкүндүккө жараша акырындык менен камсыздdого болот. Мисалы, билим берүү коргоону, басмырлоонун болбошун жана жашап кетүүнү камсыздагандыктан, ал негизги адам укуктарынын бири катары каралат. Эл аралык укук коргоого ар кайсы мезгилдерде, анын ичинде өзгөчө кыраалдардын убагында адам укуктарын сыйлоо, коргоо жана аткаруу боюнча өлкөлөрдүн милдеттенмелерин жөнгө салуучу эл аралык келишимдердин жана ченемдик стандарттардын жыйындысы камтылат. Жаңжал мезгилинде да эл аралык гуманитардык жана жазык укугу колдонулат. Бул келишимдер менен стандарттар касташууну жоюу, аскер эмес адамдарды коргоого жана мамлекеттин атынан иш-аракеттерди жүргүзүүгө же четтетүүгө жөндөмдүү субъектилерге жоопкерчиликти жүктөйт. Качкындар укугу куугунтуктоо же куралдуу жаңжал коркунучунан улам эл аралык чек аралардын жанына көчүрүлгөн адамдарга карата мамлекеттердин милдеттерин карайт.

**Аялуулук:** кол салууга, зыян келтирүүгө же жабыркоого оңой кабылуучу айрым адамдардын же топтордун өзгөчөлүгү жана абалы. Мисалы, майып балдар, адамдар, толук эмес үй-бүлөлөр, куралдуу күчтөргө жана куралданган топторго жаштайынан тартылган балдар.

**Баалоо экспертизасы:** 1) билим берүү иштерин пландаштыруу башталганга жана программалардагы муктаждыктарды, кемчиликтерди жана жеткиликтүү ресурстарды аныктоо үчүн өзгөчө кырдаалдарга карата чара көргөнгө чейин жүргүзүлүүчү изилдөө; 2) деңгээлин аныктоо үчүн окуучуларга тест жүргүзүү. «Билим жыйынтыктарын экспертизалоо» – бул окутуу программасы менен аныкталуучу баа берүү формасы. Бир катар баалоо ыкмалары ӨКБМТ нын нускамаларында: **www.ineesite.org/toolkit** жайгаштырылган. Баалоо ыкмалары өзгөчө контексте же чөйрөдө зарыл болгон маалыматты чагылдыруу үчүн дайыма ыңгайлаштырылууга тийиш.

**Балалыкты коргоо:** Билим берүү чөйрөсүндө кемсинтүүлөрдөн, эксплуатациялоодон, зордук-зомбулуктан, анын ичинде коркутуудан, жыныстык эксплуатациялоодон, курбулары, мугалимдер жана билим ерүү чөйрөсүнүн башка кызматкерлеринин зомбулугунан, жаратылыштык коркунучтардан, курал-жарак жана ок-дарынын, мина, жарылбаган артиллериялык заттардын, куралчан кызматкерлердин кысымынан, саясий жана согуштук коркунучтардан, куралдуу күчтөргө жана куралданган топторго тартуунун бардык түрлөрүнөн эркин болуу.

**Баланы эртелеп жетилтүү:** 8 жашка чейинки балдардын ден соолугу чың, менталдык жактан сергек, эмоциясы токтоо, коомго да жакшы аралаша билүүсү үчүн үйрөтүп, өстүрүү. Бул иш саламаттык сактоо, суу менен жабдуу, санитария, гигиена, билим берүү жана баланы коргоо кызматтарын камтуучу социалдык жана каржы саясаты, ар тараптан программалоо менен коштолот. Ар бир бала жана үй-бүлө сапаттуу программаларга катышуудан утушка ээ болот. Биринчи кезекте бул аз камсыздалган топторго тиешелүү.

**Балдар:** 18 жашка чейинки адамдар. Бул категорияга көпчүлүк өспүрүмдөр камтылат (10-19 жаш). Ал көп учурда «жаштар» (15–24 жаштардагы) категориясына жакын турат («жаштарга» аныктама төмөндө келтирилет).

**Балдардын барышы үчүн жабдылган орундар жана мектептер:** балдардын ойноо, эс алуу жана окуусу үчүн ээн-эркин же пландаштырылган баруусуна коомдоштук даярдаган коопсуз жерлер жана мектептер. Балдардын барышы үчүн жабдылган орундар саламаттык сактоо, тамактануу жана психосоциалдык колдоо, ченемдегидей үзгүлтүксүз окутуу жана башка кызматтарды жүзөгө ашырууга ылайыкталат. Алар биргелешкен күч-аракет менен иштелип чыгат жана аракетке келтирилет. Алар балдардын белгилүү бир курактык тобун же ар кандай курактагы топторду тейлей алат. Балдардын барышы үчүн жабдылган орундар жана мектептер өзгөчө кырдаалдарда жана калыбына келтирүү иштери аяктаганга чейин өтө маанилүү.

**Басмырлоо:** адамдарга карата теңсиздик мамиле. Мунун натыйжасында жынысы, дини, жыныстык багыты, курагы, улуту, КИВ статусу жана башка жагдайлары боюнча кимдир-бирөөлөрдүн имараттарга киришине, кызматтан пайдаланышына, укуктарын жүзөгө ашырышына же катышуусуна чек коюлушу мүмкүн.

**Билим берүү кластери:** адамдар өлкө ичинде көчүп жүргөн шартта билим берүү секторуна гуманитардык жардам көрсөтүү боюнча тажрыйбасы жана укугу бар агенттик же уюмдар үчүн мекемелер аралык координациялоо жолдору. 2007-жылы Мекемелер аралык туруктуу комитет (МТК) аркылуу негизделген (өзүнчө сапты караңыз) билим берүү кластерин ЮНИСЕФтин жана «Балдарды сактагыла» уюму дүйнөлүк деңгээлде башкарат. Өлкө деңгээлинде билим берүү министрликтеринин жигердүү катышуусунда башка ведомстволор да иш жүргүзө алат. Билим берүү кластери гуманитардык кризистерге каршы аракеттенүү максатында техникалык даярдыкты чыңдоого жооп берет. Гуманитардык жардам көрсөтүүнүн жүрүшүндө билим берүү секторунда ырааттуу жетекчиликти жана отчеттуулукту камсыздоо зарыл.

**Билим берүү органдары:** өкмөт жана тиешелүү министрликтер, департаменттер, институттар жана билим алуу укугун камсыздоого жооптуу агенттиктер. Алар улуттук, райондук жана жергиликтүү деңгээлдерде билим берүү чөйрөсүн көзөмөлдөйт. Өкмөттүк бийликке ишеним болбогон кырдаалда мындай милдеттерди бейөкмөт уюмдар же БУУнун агенттиги сыяктуу бейөкмөт субъектилер өзүнө алат.

**Билим берүү программалары:** өзгөчө кырдаалдарда жана калыбына келтирүү иштеринин мезгилинде адамдардын муктаждыктарын канаатандыруу жана алардын укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн билим берүү кызматтарын көрсөтүү.

**Гендер:** аялдар менен эркектердин ролдору, милдеттери жана алар коомдо кандайча баалана тургандыгы. Бул ролдор ар кандай маданияттарда ар башкача болот жана убакыт өткөн сайын өзгөрүп турат. Гендерлик мүнөздөр аялдар менен эркектердин жүрүм турумунан жана ой жүгүртүүсүнөн коомдун күткөндөрүн аныктайт. Бул жүрүм-турум үлгүсү үй-бүлөдө жана мектептерде

диний билим алуунун жүрүшүндө жана жалпыга маалымдоо каражаттарында бекемделет. Гендерлик ролдор, милдеттер жана шайкештик өзгөрүшү мүмкүн, анткени алар коомго аралашуу аркылуу өздөштүрүлөт.

**Гендерлик зомбулук:** гендерлик ар түрдүүлүктүн негизинде жасалып, зыян келтирүүчү ар кандай иш-аракет. Көптөгөн жагдайларда аялдар коомдогу ээлеген абалы төмөн болгондуктан, гендерлик зомбулукка көбүрөөк чалдыгат. Эркектер жана балдар да жабыр тартышы, айрыкча жыныстык зомбулукка кабылышы мүмкүн. Гендерлик зомбулуктун табияты жана катуулугу ар түрдүү маданияттарда, өлкөлөрдө жана региондордо айырмаланышы мүмкүн. Мунун төмөнкүдөй камтыйт:

- Жыныстык зомбулук, мисалы, жыныстык эксплуатациялоо жана зомбулук, мажбурлаган сойкулук, мажбурлоо аркылуу эрте никеге тургузуу;
- Дене бой, эмоциялык жана психологиялык зомбулукту кошо алганда үйдөгү жана үй-бүлөдөгү зомбулук;
- Аялдардын жыныстык мүчөлөрүн өзгөртүү, кимдир бирөөлөрдүн урматына курмандыкка чалуу, жесирлерди мурастап алуу, адатта үй-бүлөнүн эркек мүчөлөрү күйөөсү өлгөндөн кийин мурастап алуу сыяктуу зыяндуу маданий каада салттар жана үрп адаттар.

**Гендерлик теңчилик:** эркектер менен аялдардын, балдар менен кыздардын дээрлик бирдей саны. Бул түшүнүк эркектер менен аялдардын кызыкчылыгы эске алынып корголушун камсыздоо үчүн алардын ишмердикке катышуусуна, салым кошуусуна жана чечим кабыл алышына карата колдонулат. Бул эл аралык жана улуттук агенттиктерде иштеген, билим берүү органдарында кызматта турган эркектерге жана аялдарга таандык болушу мүмкүн. Бул өзгөчө мугалимдерге карата маанилүү. Бардык деңгээлдердеги гендерлик теңчилик эркектер менен аялдарга, балдар менен кыздарга саясаттын жана программалардын ар кандай таасирин талкуулоо жана чечүү үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

**Даремет:** адамдардын же коомдоштуктун, коомдун же уюмдун көздөгөн максаттарга жетишүүгө өбөлгө түзө турган күчтүү жактарынын, касиеттеринин жана ресурстарынын айкалышуусу.

**Дареметти арттыруу:** максаттарга жетишүү жагынан жардам иретинде адамдардын билимин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн өнүктүрүү жана жүрүм-турумун бекемдөө.

**Даярдык:** өкмөттөр, шашылыш жардам көрсөтүүгө, калыбына келтирүүгө адистешкен уюмдар, ыктымалдуу, сөзсүз болуучу же утурумдук коркунучтарга, жагдайларга карата аракеттенүү жана калыбына келтирүү үчүн жамааттар жана жеке адамдар тарабынан иштелип чыккан билимдер менен мүмкүнчүлүктөр.

**Дистресс:** катуу кыжырлануу, тынчсыздануу жана туруксуздашуу абалы. Ал жакырчылык, турак жай тардыгы же жайлуулукка коркунуч сыяктуу татаал жашоо шарттарында болушу мүмкүн.

**Жайлуулук:** бүтүндөй ден соолук шарты жана мындай абалга жетишүү процесси. Бул дене бой, эмоциялык, социалдык жана таанымдык ден соолукка кирет. Жайлуулукка адамдар үчүн жакшы нерселердин бардыгы: маанилүү социалдык ролдорго катышуу, бакытты жана үмүттөрдү сезүү, жергиликтүү деңгээлде аныкталган жакшы дөөлөттөргө ылайык жашоо, социалдык алгылыктуу мамилелерди жана колдоочу чөйрө, турмуштук оң тажрыйбаларга таянуу менен кыйынчылыктарды жеңе билүү, коргоолуу жана сапаттуу кызмат көрсөтүүлөргө жетишүү камтылат (ошондой эле «таанып билүүчүлүк» термининин сыпатталышын караңыз).

**Жан багуу үчүн каражат:** жан сактоо үчүн зарыл болгон билим, каражат, мүмкүнчүлүк жана иш-аракет. Бул каражаттар каржылык, натуралай, заттык, социалдык жана адам ресурстарын камтыйт. Мисалы, дүкөндөрдүн, жердин, базарлардын же унаа системаларынын жеткиликтүүлүгү. Стресстен кийин калыбына келүүгө көмөктөшүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана активдерди колдоо же бекемдөө, келечек муундардын жашоосуна керектүү негиз түптөө үчүн жетиштүү болсо, каражаттар туруктуу болуп саналат.

**Жаштар жана өспүрүмдөр:** *жаштарга* 15тен 24-чейинки, өспүрүмдөргө 10дон 19-жашка чейинки адамдар кирет. Алар баары биригип 10дон 24 жашка чейинки жаш адамдардын көп сандаган катергориясын түзүшөт. Өспүрүмдүк курак ар кандай мезгилде, ар кандай өлкөлөрдө эр жетти, кандайдыр бир маанилүү тапшырмаларды берүүгө жарайт деп саноого мүмкүн боло турган эрезеге жетүүнүн башталышы менен алмашат. Өзгөчө кырдаалдарда өспүрүмдөрдүн балдар менен чоңдорго карганда башка муктаждыктары келип чыгат. Жаштар көз карандысыз, жоопкерчиликтүү өсүү мезгилинде болот. Курактык бул топтордун аныктамалар социалдык-маданий, мекемелик, экономикалык жана саясий факторлорго жараша айырмаланат.

**Жеткиликтүүлүк:** Жеткиликтүүлүк – бул мектепке кирүүнүн, баруунун жана мектептеги жана мектептен тышкаркы билим берүү программаларын аяктоонун чектелбеген мүмкүнчүлүгү. «Чектелбеген мүмкүнчүлүк» деген балдардын, жаштардын жана чоң адамдардын билим программаларына катышуусуна жана/же аяктоосуна тоскоолдук кылуучу коопсуздукка, түзүмдүк, мекемелик же социалдык-маданий чектөөлөргө байланышкан иш жүзүндөгү, каржылык чектөөлөрдүн жоктугун билдирет.

**Жигердүү (активдүү) билим алуу:** борборунда окуучулар турган окуу жана үйрөнүү мамилеси. Материалдар анча чоң эмес топтордо практикалык кадамдар, конкреттүү материалдар, ачык суроолор жана курбулардын өз ара үйрөнүшү аркылуу окулат. Мисалы, окуучулар математикалык концепцияларды үйрөнүүдө же маселе чечүүдө биргелешип иштеп, суроолор жана жооптор үчүн убакыт алышат, практикалык иштерди аткарышат. Жигердүү окутуу көңүл борборунда мугалим турган, ал эми окуучулар туюк суроолорго жооп берүү жана материалды тактадан көчүрүү менен пассивдүү кабылдаган сабак берүү методикасына каршы коюлат. Жигердүү окутууну мугалимдер жана билим берүү органдары менен биргеликте талдоо, чечимдерди аныктоо, иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу жана колдонуу үчүн да пайдаланууга болот. Мындайда коомдоштукту катыштырып, ишин макулдаштыруу жана чогуу талдоо мүмкүн.

**‘Зыян кылба’:** жаңжалдардын же жаңжал тобокелдигинин шартында гуманитардык же өнүктүрүүчү жардамдын күтүлбөгөн терс же оң таасирлерин аныктоого жардам берүүчү мамиле. Ал жардамдын (кийлигишүүнүн) жаңжалдарды ырбатпай, тескерисинче жөнгө салууга өбөлгө түзүшүн камсыздоо үчүн пландаштыруу, иликтөө (мониторинг) жана баалоодо колдонулушу мүмкүн. «Зыян кылба» термини жаңжалдуу кырдаалдарда уюмдардын иштеши үчүн негиз болуп саналат.

**Инклюзивдүү билим берүү:** бардык адамдардын билим алууга жетишүүсүн жана катышуусун камсыздайт. Бул билим берүү саясатынын, тажрыйбасынын жана жайлардын бардык катышуучулардын ар түрдүү муктаждыктарына шайкештигин камсыздоого тиешелүү. Билимден куру калууга басмырлоо, тоскоолдуктар же тилдердин колдонулбашы, окуучулар үчүн өтө зарыл эмес нерселерди окутуу же усулдун начардыгы себеп болушу мүмкүн. Көп учурларда дене бой, сезим-туюм, менталдык жана интелектуалдык өксүгү бар адамдар окуудан чыгарылып калат. Өзгөчө кырдаалдар мындай жагдайды ого бетер оорлотушу мүмкүн. Мисалы, мурда билим алуу мүмкүнчүлүгү болгондор кырдаалдардын өзгөрүшүнөн, социалдык, маданий, табигый же ички түзүмдүк (инфраструктуралык) жагдайлардан улам чыгарылышы мүмкүн. Инклюзивдүү билим берүү мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн билим берүү методикасынын жана окуу планынын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жолундагы тоскоолдуктарды четтетүүнү билдирет. Бардык каалоочулардын ар бирине жекече талаптарын эске алуу менен колдоо көрсөтүлөт.

**Ички көчүрүлгөн адамдар (ИКА):** эл аралык чек арадан өтпөстөн өлкөнүн чектеринде коопсуз жер издешип, өз үйлөрүн таштап кетүүгө мажбур болгон адамдар. ИКА көп учурда качкындарга окшоп, куралдуу жаңжалдар, кырсыктар, бардык жердеги зомбулуктар, адам укуктарынын бузулушу сыяктуу себептер боюнча жашаган жерин таштап кетишет. Бирок качуусуна өкмөт себеп болушу ыктымал экендигине карабастан, алар өз өкмөтүнүн коргоосунда калышат. Укук коргоо мыйзамдарына жана эл аралык гуманитардык укукка ылайык корголуу укугун кошо алганда, алардын жарандык укуктары сакташат.

**Калыбына келтирүү:** жайларды, жашоого каражаттарды, жашоо шарттарын, өзгөчө кырдаалга кабылган калктын психосоциалдык бейпилдигин, калыбына келтирүү жана жакшыртуу, ошондой эле кырсык коркунучун азайтуу чаралары.

**Катышуу:** процесстерге тартылуу, процесстерге, чечимдер жана иш-аракетке таасир тийгизүү. Катышуу бул ар бирөөнүн укугу жана жамааттар менен иштөөнүн, программаларды иштеп чыгуунун негизи. Катышуу даремети өнүктүрүүгө ылайык айырмаланат. Чоң адамдарды, балдарды, жаштарды, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды жана аялуу топтордун өкүлдөрүн кошо алганда бардык топтор эң кенже курактан тартып ар кандай жолдор менен катыша алат. Калктын эч кайсы тобу иштешүү же баруу кыйындыгына байланыштуу катышуудан четте калтырылбашы керек. Катышуу ыктыярдуу болууга тийиш. Адамдар күч менен кармоого же манипуляциялоо эмес катышуу үчүн чакырылат же колдоого алынат. Катышуу бар катар аракеттерди жана мамилелерди камтышы мүмкүн. Пассивдүү дегенде кызматтарды пайдаланууну, материалдык ресурстарды салууну, башкалар кабыл алган чечимдерге макул болууну жана кеп-кеңештерге эң аз катышууну

түшүнөбүз. Жигердүү катышуунун мисалдары: убакыт жумшоо, чечим кабыл алуу, билим берүү иштерин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу процессине түз катышуу.

**Качкындар:** качкындар жөнүндө 1951-жылдагы конвенцияга ылайык, качкын – бул «расалык белгилери, динге ишенгендиги, жарандыгы, белгилүү бир социалдык топко таандуулугу же саясий ынанымдары боюнча куугунтукка кабылуудан чочулашына толук негиз бар жана жаран катары өзү таандык болгон өлкөдөн тышкары жүргөн, ошол өлкөнүн коргоосунан пайдалана албаган же мындай коргоону пайдаланууну каалабаган адамдар».

**Келкиленген маалыматтар:** курамдык бөлүктөргө ажыратылган статистикалык маалыматтар. Мисалы, калкты баалоо же иргөө маалыматтары жынысы, куррактык тобу жана географиялык чөлкөмү боюнча талдоого алынышы мүмкүн.

**КИВди болтурбоо, дарылоо, оорулууларды багуу жана колдоо:** жаңыдан КИВге чалдыккандардын санын жана анын менен ооругандарга КИВ/ СПИДдин таасирин азайтуу үчүн зарыл болгон жүрүм-турум, укуктук, түзүмдүк жана биомедициналык кийлигишүүлөрдүн айкалышы. КИВдин алдын алуу, дарылоо, багуу жана колдоо эпидемияны, тобокелдик тобуна киргендер, жүрүм-туруму жаңы инфекциялардын жайылышына себеп болушу ыктымал адамдар кимдер экендигин терең түшүүгө негизденүүгө тийиш. Жүрүм-туруму эң кооптууларга бачабаздык кылуучу (эркектер менен жыныстык катышуучу) эркектер, сайынуучу баңгилер, сойкулар, жаш курагы өтө айырмалангандар өнөктөр, жарыш катышуучу өнөктөштүк. Социалдык-экономикалык умтулуулар да КИВдин алдын алууга, бул илдетке чалдыккандарды дарылоого, багууга жана колдоого таасир этет.

**Коомдоштукка билим берүү боюнча комитет:** Коомдоштуктун билим алуу муктаждыктарын аныктоо жана ылайык келтирүү үчүн иштеп жаткан же жаңы түзүлгөн комитет ата-энелер жана тарбиячылар ассоциацияларынын өкүлдөрүнөн, мугалимдерден, окуучулардан, жергиликтүү агенттиктерден жана лидерлерден, жиктешкен топтордон, жарандык коом ассоциацияларынан, жаштардын топторуна жана саламаттык сактоо кызматкерлеринен турат.

**Коопсуздук:** коркунучтардан, жаракат алуудан же жоготуудан корголгон абал.

**Корголуу:** мазактоонун, эксплуатациялоонун, зомбулуктун бардык түрлөрүнөн эркин болуу.

**Коркунучтар:** өлүмгө же жаракатка, мүлккө зыянды, социалдык-экономикалык бузулууларды же экологиялык кыйроолорду алып келиши мүмкүн болгон табигый кырсыктар, көрүнүштөр, феномендер же адамзат ишмердиги. Коркунучтар табигый жана техногендик мүнөздө же алардын айкалашында болушу мүмкүн. Коркунуч тобокелдиктери ыктымалдыгына, жайгашкан ордуна, кайталануучулугуна жана катуулугуна жараша болот. Мисалы, ээн жерлерде жүз жылда бир болуп өтүүчү анча чоң эмес жер титирөө адамдар үчүн чоң коркунуч туудурбайт. 48 сааттын ичинде 3 метрге чейинки бийиктикке жетүүчү, ар 5-10 жылда болуучу шаар жериндеги суу каптоо жетиштүү түрдө жогорку ыктымалдуулукка ээ болот жана жеңилдетүү чараларын талап кылат.

**Куралдуу күчтөргө жана куралданган топторго тартылган балдар:** Өзгөчө кырдаал жана кризис убагында балдар көбүнчө мажбурлап же «ыктыярдуу» түрдө мамлекеттик , ошондой эле мамлекеттик эмес куралдуу жаңжалдарга тартылат. Бул балдар дайыма колуна курал алып согушпайт, алар коштоочу, тыңчы, ашпозчу же жыныстык зомбулуктун курмандыгы болушу мүмкүн. Бул балдардын бардыгы билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Демобилизациялоо жана кайра кошуу ишинде мектептеги жана мектептен тышкары билим берүүнү, тездетип окутууну, турмуштук көндүмдөрдү калыптандырууну жана кесиптик-техникалык билим берүүнү кошо алганда мындай балдардын атайын билим алуу муктаждыктарына өзгөчө көңүл буруу керек. Кызыкчылыктары дайыма кысымга алынган жана реабилитациялык программага кирбеген кыздарга да өзгөчө көңүл буруу зарыл.

**Таламдаш жактар:** долбоорго же программага таламдаш адамдар, топтор же институттар.

**Кырсык тобокелдигин азайтуу:** кырсыкка себеп болуучу жагдайларды талдоо жана тескөө үчүн ырааттуу күч-аракет жумшоо аркылуу тобокелдиктерди азайтуу. Буга коркунучтардын тобокелдигин азайтуу, адамдардын жана мүлктүн корголушун камсыздоо, жер ресурстарын жана айлана-чөйрөнү акыл-эстүүлүк менен тескөө, жаман окуяларда кыйналып калбоо үчүн катуу даярдануу.

**Кырсык:** Кырсык – бул адам өмүрүн жоготууга, адамдардын катуу жабыркашына, жакырчылык абалга жана ири масштабдуу материалдык зыянга, жаратылыштык жоготууларга жана өзгөчө кырдаалдардын таасиринде калган коомдоштуктун же коомдун күчтөрү жана ресурстары менен четтетүүгө мүмкүн эмес таасирлерге алып келүүчү коомдоштуктун же коомдун жашоосунун олуттуу бузулушу, кыйроо.

**Маалыматтарды башкаруу:** муктаждыктарды, мүмкүнчүлүктөрдү жана камтууну баалоо жана аларга байланыштуу мониторинг жүргүзүү, баа берүү, маалыматтарды сактоо, талдоо жана маалымат алмашуу системасы. Маалыматты башкаруу ыкмалары жана системалары тиешелүү жактардын кандай фактыларды жана маалыматтарды чогуу иштеп чыгуу жана алмашуу керектигин, ким менен, качан, кандай максаттарда жана кандайча түрдө алмашууну чечүүгө жардам берүүгө тийиш.

**Майыптык:** адамдардын коомдогу башка адамдар менен бирдей толук кандуу жана натыйжалуу катышуусуна тоскоолдук кылуучу дене өксүгү, менталдык, интеллектуалдык же сезгичтик жагынан кемтиги.

**Мекемелер аралык туруктуу комитет (МТК):** гуманитардык жардамдын алкагында саясатты координациялоо, иштеп чыгуу жана чечим кабыл алуу үчүн ведомстволор аралык форум. МТК 1992-жылдын июнь айында гуманитардык жардамды күчөтүү жөнүндө БУУнун Башкы ассамблеясынын резолюция кабыл алуусунун натыйжасында уюштурулган. МТК БУУнун негизги гуманитардык өнөктөштөрүн жана башкаларды камтыйт.

**Мектептен тышкаркы билим берүү программасы:** расмий мектептеги билим берүү аныктамасына (тиешелүү терминди караңыз) туура келбеген билим берүү программасы. Мектептен тышкаркы билим бардык курактагы адамдарга билим берүү мекемелеринин алкагында жана анын чегинен сырткары берилет. Мында сертификациялоо же акредиттөөнү милдеттүү түрдө жүргүзбөйт. Мындай программалар ар жактуулугу, ийкемдүүлүгү, окуучулардын белгилүү бир топторунун муктаждыктарына жана жөндөмдүүлүгүнө дал келиши, балдардын же чоңдордун жаңы билим алуу муктаждыктарын ыкчам канааттандыргандыгы менен айырмаланат. Көп учурда алар окуучулардын белгилүү бир топтору, мисалы, жашы өтүп кеткендер, расмий мектептерге келе албагандар жана чоң адамдар үчүн түзүлөт. Алардын окуу пландары министрликтин окуу пландарына негизденип, тездетилген курстарда жүзөгө ашырылышы мүмкүн, бирок бул окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуучу таптакыр жаңы окуу пландары да болушу ыктымал. Мисалы, орто билим берүүнүн базасында тездетилген курстар, сабаттуулук жана эсептөө курстары. Айрым учурларда окуучулар мектептеги билим берүү программасына кечирээк кириш үчүн таяныч катары мектептен тышкаркы билим берүү программаларын колдонушу мүмкүн. Кээде бул «билим алууга экинчи мүмкүнчүлүк» деп аталат.

**Окутуу жана үйрөнүү процесстери:** окуучулар менен мугалимдердин ортосундагы биргелешкен аракет. Окутуу окуу планына ылайык пландаштырылат, экспертизанын жүрүшүндө аныкталган муктаждыктарга негизденет жана мугалимдерди даярдоодон кийин жүзөгө ашырылат. Окуучуларга ылайыкталуу жана активдүү, инклюзивдүү окутууну жана үйрөтүүнү көздөгөн билим берүүгө, ага колдоо көрсөтүүгө кеңири коомчулук тартылат.

**Окутуу мейкиндиги:** окутуу жана үйрөтүү өтө турган жер. Мисалы, менчик үй, балдар бакчасы, убакылуу түзүмдөр жана мектептер.

**Окутуу орду:** окуу жайларынын жайгашкан жери.

**Окутуунун натыйжалары:** курстарга же билим берүү программаларына катышуунун натыйжасында окуучулар ээ боло турган билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр. Окутуунун натыйжалары көп учурларда окутуу жана үйрөнүү процесстеринин натыйжасында окуучулар «билүүгө жана жасоого тийиш» нерселер катары сүрөттөлөт.

**Окуучулар:** балдарды, жаштарды жана чоң адамдарды кошо алганда билим берүү программаларынын катышуучулары. Аларга окуучулар, кесиптик-техникалык окуу жайларынын окуучулары, мектептен тышкаркы билим алышкан, тактап айтканда сабаттуулук жана арифметика класстарына коомдоштукта турмуштук тажрыйба сабактарына келүүчү адамдар кирет.

**Отчеттуулук:** өзгөчө кырдаалдардын таасиринде калган калктын муктаждыктарына, тынчсызданууларына, мүмкүнчүлүгүнө жана абалына тиешелүү иш-аракеттердин жана чечимдердин маанисин, себептерин түшүндүрүү. Отчеттуулук каржы ресурстарын тескөөнүн, анын ичинде пайдалануу фактыларынын ачык-айкындыгын камсыздоону билдирет. Бул

пикирин угуза айтуу укугу жана аракеттенүү милдеттенмеси. Билим берүүдөгү отчеттуулук билим кызматтарын көрсөтүүчү адамдардын жоопкерчилигин, билимден, окуучулардын көндүмдөрүнөн жана мамилелеринен, мугалимдердин жүрүм-турумунан көрүнүүчү кызмат көрсөтүүнүн сапатын, мектеп же системанын функцияларын жүзөгө ашыруу сапатын билдирет.

**Өзгөчө кырдаалдар:** коомдоштуктагы жашоо тартиби бузулган жана туруктуулукка кайтып келүү зарыл болгон кырдаалдар.

**Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү:** бардык курактагылар үчүн өзгөчө кырдаалдарда сапаттуу билим берүү. Буга баланы эртелеп жетилтүү, баштапкы, орто, мектептен тышкаркы, техникалык, кесиптик, жогорку билим берүү, ошондой эле чоң адамдар үчүн билим берүү. Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү дене бой, психосоциалдык жана таанып-билүү жагынан коргоону камсыздайт, ал жашоону колдоого жана сактоого мүмкүндүк берет.

**Психосоциалдык колдоо:** адамдардын социалдык чөйрөдөгү бейпилдигин толугу менен камсыздоочу процесстер жана аракеттер. Мисалы, достордун жана үй-бүлөнүн колдоосу. Үй-бүлөлүк жана коомдук колдоого айрылышкан балдарды кошуу боюнча күч-аракеттер жана өзгөчө кырдаалдарда билим берүүнү уюштуруу.

**Сакталуу:** дене бой же психосоциалдык зыяндан эркин болуу.

**Сапаттуу билим берүү:** гендерлик теңчиликти, этностук көп түрдүүлүктү кылдат сактаган, кымбат эмес, жеткиликтүү, сапаттуу билим берүү. Ал көптөгөн элементтерди камтыйт: 1) окутуунун коопсуз чөйрөсү, 2) өз предметтерин жакшы билген, компетенттүү жана жакшы даярдалган мугалим, 3) маданий, тилдик жана социалдык көз караштан алганда окуучулар үчүн алгылыктуу, бардыгын камтуучу окуу планы; 4) сабак берүү жана окутуу үчүн ылайыктуу материалдар, 5) окуучулардын түздөн-түз катышуусун камсыздаган окутуу ыкмалары, 6) класстын өлчөмү менен окуучулар/мугалим катышы, 7) окууга, кат жазууга, эсептей билүүгө жана турмуштук көндүмдөрдү калыптандырууга негизденген тиешелүү чыгармачылык жана билим берүү иш-аракеттерин өнүктүрүүгө, эс алууга, оюндарга жана спортко айрыкча көңүл бөлүү керек.

**Таанып-билүү:** ойлонуу, ой жүгүртүү, кабылдоо, эске тутуу, чечим кабыл алуу, негиздөө жана маселе чечүү процесси.

**Тобокелдик:** табигый коркунучтар, КИВ, гендерлик зомбулук, куралдуу кол салуу, уурдап кетүү, жекече аялуу жактар, мисалы, жакырчылык, дене бой же менталдык өксүктөрү же аялуу топко тиешелүүлүк сыяктуу тышкы кооптуу жагдайлардын натыйжасы.

**Тобокелдикти баалоо:** адамдарга, мүлккө, жашоо каражаттарына жана алар көз каранды болгон чөйрөгө кандайдыр бир коркунуч же зыян келтириши мүмкүн болгон ыктымал жагдайларды талдоо жана тийиштүү мезгилдеги аялуу шарттарына баа берүү аркылуу тобокелдиктин табиятын жана чоңдугун аныктоо.

**Турмуштук көндүмдөр:** адамдардын күнүмдүк жашоодогу талаптарга көнүгүүсүнө жана кыйынчылыктарды натыйжалуу жеңүүсүнө мүмкүндүк берүүчү алгылыктуу жүрүм-турум көндүмдөрү. Булар адамдын коом мүчөчү жана өзүнчө инсан катары ой жүгүртүшүнө, сезишине, биргелешип аракеттенишине жардамдашат. Турмуштук тажрыйбалар өз ара байланыштуу үч категорияга: таанып билүү, жеке же эмоционалдуу жана инсандар аралык же социалдык категорияга туура келет. Турмуштук тажрыйбалар жалпы болушу мүмкүн. Мисалы, маалыматтарды талдоо жана пайдалануу, башкалар менен натыйжалуу карым-катыш түзүү жана иштешүү. Алар бөтөнчөлүктүү – тобокелдиктерди азайтуу, айлана-чөйрөнү коргоо, сергек жашоо көндүмдөрүн үгүттөө, ишти жоюу, зомбулукту четтетүү же тынчтыкты орнотуу сыяктуу чөйрөлөргө тийиштүү болушу да мүмкүн. Турмуштук тажрыйбалардын зарылдыгы аларды өздөштүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган шашылыш, кризистик кырдаалдарда жогорулайт.

**Туруктуулук:** коркунучтарга кабылышы, ыңгайлашууга туш келиши ыктымал болгон системанын, коомдоштуктун же инсандын мүмкүнчүлүктөрү, туруктуулугу. Ыңгайлашуу иштеги жана түзүмдөгү жол берилүүчү деңгээлге жетишүү максатында каршылыкты же өзгөрүүнү билдирет. Туруктуулук маселе чечүү, жардам издөөгө жөндөмдүүлүк, умтулуучулук, оптимизм, ишеним, өжөрлүк жана тапкычтык сыяктуу турмуштук тажрыйбаларга ээ болуу жолдоруна жараша болот. Туруктуулук зыяндуу, тобокел жагдайларды жеңип, колдоочу жана коргоочу факторлорду жүзөгө ашыруу жөндөмүн билдирет.

**Формалдуу билим берүү:** билим берүү жөнүндө жалпы таанылган документтерди алуу менен аяктай турган мектептердин, колледждердин, университеттердин жана башка билим берүү мекемелеринин системасында билим берүү. Көбүнчө 5-7 жаштан 20-25 жашка чейинки балдар жана жаштар күндүзгү түрдө ушундай билим алат. Адатта программалар билим берүү министрлиги тарабынан иштелип чыгат, бирок көптөгөн өзгөчө кырдаалдарда билим берүү секторундагы башка таламдаш жактар да колдоого алышы мүмкүн.

**Четтетүү:** коркунучтардын терс таасиринен жана кесепетинен сактануу үчүн көрүлүүчү аракеттер (бул терминдердин өзүнчө сыпатталышын караңыз).

**Чыр-чатактарды тынчытуу:** 1) жаңжалдарга сергек мамиле жасоочу жана тирешүүлөрдү же зомбулук кырдаалын курчутпай турган, 2) жаңжалдын себептерин четтетүүгө жана жаңжалга кабылган адамдардын иш-аракет ыкмаларын жана кабылдоолорун өзгөртүүгө багытталган иш-аракеттер жана процесстер. Гуманитардык, калыбына келтирүү жана өнүктүрүү иш-аракеттеринин натыйжалуулугу жаңжалдын жагдайына жараша болот. Алар узак мөөнөттүү тынчтыкка жана туруктуулукка салым катары жасалат да, жаңжалдарды жеңилдетүү боюнча ыкмалар жаңжалдарда жана жаңжалдардан кийинки кырдаалдарда кийлигишүүлөрдү четтетүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

**Ылайыктуу билим берүү:** окуучуларга туура келген билим берүү мүмкүндүктөрү. Ылайыктуу билим берүүдө жергиликтүү салттар жана ченемдер, алгылыктуу маданий иш-аракет жана коомдоштуктун муктаждыктары эске алынат. Ал улуттук жана эл аралык жагдайда балдарды жакшы келечекке даярдайт. Ылайыктуу билим берүү сапаттуу билим берүүнүн элементи болуп саналат да, окутуу предметин, окутуу ыкмасын жана окутуунун натыйжалуулугун арттырууну көздөйт.

Терминдердин кыйла кеңири тизмесин **www.ineesite.org/toolkit** ӨКБМТ нускамаларында табууга болот.

# 2-ТИРКЕМЕ: КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| БӨУ | Бейөкмөт уюмдар |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| БУУнун КИЖКБ | Качкындардын иштери боюнча жогорку комиссар башкармалыгы |
| ИКА | Ички көчүрүлгөн адамдар |
| КИВ | Кишинин иммункем вирусу |
| МТК | Мекемелер аралык туруктуу комитет |
| НОРАД | Норвегиянын өнүктүрүү агенттиги |
| ӨКБМТ | Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү маселелери боюнча мекемелер аралык тармак |
| СПИД | Кабылдаган иммункем синдрому |
| SEEP | Чакан ишканаларды түзүү жана өнүктүрүү |
| ТИМ | Тышкы иштер министрлиги |
| ЭЭУ | Эл аралык эмгек уюму |
| ЮНЕСКО | Билим берүү илим жана маданият маселелери боюнча бириккен улуттар уюму |
| ЮНИСЕФ | Бириккен улуттар уюмунун балдар фонду |

# 3-ТИРКЕМЕ: «ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАРДА, ӨНӨКӨТ КРИЗИСТЕРДИН ШАРТЫНДА ЖАНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ИШТЕРИНИН БАШТАПКЫ ЭТАБЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МИНИМАЛДУУ СТАНДАРТТАРЫНА ПИКИР ФОРМАСЫ»

| Байланыш учун маалымат | |
|---|---|
| Датасы: | Аты жөнү: |
| Уюму жана кызматы: | |
| Дареги: | |
| Телефон/ факс: | |
| Электрондук дареги: | |

1. Сиздин уюм минималдуу стандарттарды кандайча колдонгондугун мүмкүн болушунча кеңири санап берүүңүздү өтүнөбүз. Эгерде колдонгон болсоңуз, ушул колдонмого көрсөткүчтөрдү Сиздердин долбоордун/уюмдун, координациялоочу түзүмдүн ишине ыңгайлаштыруу ыкмаларын да атап бериңиз.

2. Бул колдонмону пайдаланууда Сиз кандайдыр бир кыйынчылыктарга туш келдиңизби? Аларды кантип жеңдиңиз?

3. Стандарттарды пайдалануу тажрыйбасынан алынган сабактарды жана/же жакшы мисалдарды айтып бере аласызбы?

4. Стандарттарды колдонуу Сиздин ишиңизге кандайча таасир тийгизди? Сиздин тажрыйба боюнча бул колдонмону кыйла натыйжалуу жана алгылыктуу кылуу үчүн эмнелер менен толуктоого болот?

5. Сын пикирлер жана сунуштар

«Өзгөчө кырдаалдарда, өнөкөт кризистердин шартында жана калыбына келтирүү иштеринин баштапкы этабында билим берүүнүн минималдуу стандарттарын» колдонуудагы өзүңүздүн тажрыйбаңызды бөлүшкөндүгүңүз үчүн Сизге ыраазылык билдиребиз. Сиздин пикирлер минималдуу стандарттарды илгерилетүү стратегиясын кайра кароодо эске алынат. Өтүнүчтү толтургандан кийин бул суроолорду **minimumstandards@ineesite.org** электрондук дареги боюнча же минималдуу стандарттар боюнча ӨКБМТнын координаторуна жиберүүңүздү өтүнөбүз: UNICEF – Education Section, 3 United Nations Plaza, 7th floor, New York, NY 10017, USA.
Бул суроо тизмегин онлайн режиминде толтурууга болот: **www.ineesite.org/feedback.**

INEE

Inter-Agency Network for Education in Emergencies
Réseau Inter-Agences pour l'Éducation en Situations d'Urgence
La Red Interagencial para la Educación en Situaciones de Emergencia
Rede Inter-Institucional para a Educação em Situação de Emergência
الشبكة المشتركة لوكالات التعليم في حالات الطوارئ

# Билим берүүнүн минималдуу стандарттары: даярдык, иш-аракет жана калыбына келтирүү

## Негиз болуучу стандарттар

**Коомдоштуктардын катышуусу:** катышуу жана ресурстар – **Координациялоо:** Координациялоо – **талдоо үчүн стандарттар:** баштапкы эксперттик баалоо, аракеттенүү стратегиясы, мониторинг, баа берүү

### Жеткиликтүүлүк жана окутуу чөйрөсү

**1-стандарт: Бирдей жеткиликтүүлүк** – ар бир адам сапаттуу жана шайкеш билим алууга укуктуу

**2-стандарт: Коргоо жана жайлуулук** – окутуу чөйрөсү коопсуз жана сакталуу болууга, коргоону жана психосоциалдык бейпилдикти жакшыртууга тийиш. Мыкты окуучулар мугалимдер жана башка билим берүү кызматкерлери болушу керек.

**3-стандарт: Жайлар жана кызмат көрсөтүүлөр** – билим берүү жайлары окуучуларды, мугалимдерди жана башка билим берүү кызматкерлерин коргоонун жана жайлуулугун жакшыраак камсыздоого, саламаттык сактоо, тамак-аш, психосоциалдык жана коргоочу кызматтар менен байланышта болууга тийиш.

### Сабак берүү жана окутуу

**1-стандарт: Маданий социалдык жана тилдик** – жактар менен кабыл алгылыктуу окуу планы белгилүү бир жагдайга жана окуучулардын муктаждыктарына ылайык формалдуу жана бейформал билим берүүнү камсыздашы керек

**2-стандарт: Окутуу, кесиптик жактан өнүктүрүү жана колдоо** - Мугалимдер жана билим берүү секторунун башка кызматкерлери муктаждыктарына жараша үзгүлтүксүз, алгылыктуу жана түзүмдөштүрүлгөн курстарга, шарттарга жетише алышат

**3-стандарт: Окутуу жана таанып билүү процесси** – окутуу процессиндеги эң башкысы окуучулар, катышуу жана инклюзия.

**4-стандарт: Окутуунун натыйжаларын баалоо** – окуу натыйжаларынын аныктыгын баалоо жана тастыктоо үчүн тиешелүү усулдар колдонулат.

### Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башкы

**1-стандарт: Ишке кабыл алуу жана тандоо** – жетиштүү сандагы, тийиштүү квалификациясы бар мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башка кызматкерлери ачык айкын процесстин жүрүшүндө тандоо критерийлеринин конкурстук негизинде кабыл алынат. Критерийлер ар түрдүүлүктү жана тең укуктуулукту чагылдырууга тийиш.

**2-стандарт: Иштөө шарты** - Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башкы кызматкерлери так аныкталган шарттарда иштешет жана тиешелүү сый акы алышат.

**3-стандарт: Жардам берүү жана жетекчилик** – Мугалимдер жана билим берүү мекемелеринин башкы кызматкерлери үчүн жардам берүү жана жетектөө механизмдери натыйжалуу иштейт.

### Билим берүү тармагындагы саясат жана иштерди координациялоо

**1-стандарт: Мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгуу** – билим берүү органдары артыкчылыктуу багыт катары сапаттуу билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн жана калыбына келтирүүнү көздөйт. Буга мектептеги билим берүүгө эркин жана инклюзивдүү жетишүү милдети да камтылат.

**2-стандарт: Пландаштыруу жана ишке ашыруу** – билим берүү иш аракеттеринде эл аралык жана улуттук билим берүү саясаты, мыйзамдар, стандарттар жана пландар, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын таасиринде калган калктын билим алууга муктаждыктары эске алынат.


**Негизги тематикалык маселелер:** жаңжалдарды басаңдатуу, өзгөчө кырдаалдардын тобокелдигин азайтуу, баланы эртелеп жетилтүү, гендер, КИВ, СПИД, адам укуктары, инклюзивдүү билим берүү, секторлор аралык байланыш, коргоо, психосоциалдык колдоо жана жаштар маселелери

Inter-Agency Network for Education in Emergencies
Réseau Inter-Agences pour l´Éducation en Situations d´Urgence
La Red Interagencial para la Educación en Situaciones de Emergencia
Rede Inter-Institucional para a Educação em Situação de Emergência
الشبكة المشتركة لوكالات التعليم في حالات الطوارئ

Өзгөчө кырдаалдарда, өнөкөт кризистердин шартында жана калыбына келтирүүү иштеринин баштапкы этабында билим берүүнүн минималдуу стандарттары бардык адамдар – балдар, жаштар жана чоңдор билим алууга укуктуу деген ынанымга негизденет. Стандарттар өзгөчө кырдаалдарда, калыбына келтирүү иштеринин баштапкы этабына чейин жетишилүүгө тийиш болгон билим берүү сапатынын жана жеткиликтүүлүгүнүн минималдуу деңгээлин аныктайт. Аларды даремет арттыруу жана билим берүү натыйжалуулугун, сапатын жогорулатуу үчүн гуманитардык ведомстволор, өкмөттөр жана жергиликтүү калк үчүн окуу куралы катары колдонсо болот. Алар гуманитардык субъектилердин чөйрөсүндө жоопкерчиликти жана алдын ала билүүчүлүктү жогорулатууга, өнөктөрдүн, анын ичинде билим берүү органдарынын ортосундагы кызматташтыкты жөнгө салууга мүмкүндүк берет.

ӨКБМТтын колдоосу менен 2003-2004-жылдарда минималдуу стандарттарды иштеп чыгуу жана 2009-2010-жылдарда аларды жаңылоо боюнча кеңири кеп-кеңеш жүргүзүлгөн. Бул процесстин натыйжасы болуп калган минималдуу стандарттар баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын (БУК) негизги жоболоруна, «Билим берүү – жалпыга» Дакар программасына (ББЖ) жана «Чөйрө» долбоорунун гуманитардык хартиясына таянат.








«Чөйрө» долбоору бул долбоордун жана «Өзгөчө кырдаалдарга мамиле жасоонун минималдуу стандарттарынын» гуманитардык хартиясы катары «Билим берүүнүн минималдуу стандарттары: даярдык, программа, калыбына келтирүү» документин тааныйт.